Италия тарыхый, саясатта, туризм, модада, санатта, адабиятта жана университеттер сыяктуу бир канча сферада Европанын эң маанилүү өлкөлөрдөн бири болуп эсептелинет. Италиянын тарыхый жана маданият мурастардан башка билим жагынан жогорку деңгээлде болгондуктан бул өлкөнүн билим берүү системасынын изилдөөгө артыкчылыгы көрүндү. Кыргызстандын билим берүү системасы менен бир канча окшош жактары болсо дагы Италиянын билим берүүдө алдыда турганы анык. Ошондуктан Италиянын билим берүү түзүлүшү, тажрыйбасы Кыргызстан менен салыштыруу, эки өлкөнүн өзгөчөлүктөрүн, айрымасын аныктаганга туура келүүдө. Италиянын билим берүү системасынын баскычтары жана мугалимди даярдоо өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп багыт алуу менен кошо салымын кошот. Бул изилдөөдө эки өлкөнүн билим берүүдөгү өзгөчөлүктөрүн ортого коюп, алардын окшош жактарын далилдеп жана жетишсиз болгон жактарын аныктап чыгуу. Италиянын билим берүүдөгү өнүккөн жактарын Кыргызстандын билим берүүсүндө колдоно алуучу өзгөчөлүктөрүн сунуштоо. Италия билим берүү системасын изилдеп, Кыргызстан билим берүү системасы менен салыштырып, карап чыгып, тыянак чыгарылат. Изилдөө ишинде теориялык изилдөө методдорунунан темага тиешелүү болгон илимий адабияттарды анализдөө, баяндоо, анализ, синтез методдору каралган. Италия, Европа билим берүү системасын жаңы баскычка көтөрүү үчүн “Болоня процессин” баштаткан европалык өлкө. Европадан тышкары көптөгөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында маанилүү өнүгүш болгон Болонья процессинин Кыргызстандын билим берүүсүндө колдонуусунда маанилүү ролу бар деген пикир айтылат.

**Негизги сөздөр:** Италиянын билим берүү системасы, Кыргызстандын билим берүү системасы, салыштырма педагогика, мугалим даярдоо.

**ПОЭЗИЯНЫН АЙРЫМ КАСИЕТТЕРИ ЖАНА КӨРКӨМ КАРАЖАТТАРЫ**

**Абдыракматова Назгуль Кусуевна**
nabdyrakmatova@gmail.com

**Асанбаева Нурила Турсунбаевна**
nurilya.asanbaeva@mail.ru
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

«Аркандын узуну жетет, сөздүн кыскасы өтөт» дегендей акындын күчү сөздү кыска айтууда. Акындын кучу аз сөзгө чалкыган терең ойду батыра билүүдө. Сөз аз бирок, алар миллиондогон сөздү билдирип турат, ар бир сөз түпсүз терең. Ар бир лирикалык строкто акындын канчалык жылмаюусу, сүйүүсү жатат, бул лирика тунук жана назик, журөктүн терең жеринен чыккан. Акындын интонациясы сүйүүдөн келип чыккан табигый интонация. Ырдын ар бир жолу өз ара түбөлүккө бөлүнбөстөй болуп гармониялашкан. Көркөм сөзгө жанду ой берет, туура ой жүгүртүш учун мумкүн болушунча жаза турган нерсени ачык таамай коруш керек, жазганда да ушундаай жазуу талап кылынат. Жөнөкөйлүк «жандуулук», таамайлык искуство чыгармасынын сапатын аныктайт жана бул сапаттар жакшы чыгарманын бөлүнбөс касиети болуп саналат. Поэзиянын жөнөкөйлүк, кыскалык касиети – сөздөрдүн ачыктык, таамайлык, образдуулук сапаттарын көз каранды. Эгерде сөз канчалык ачык, канчалык образду болсо, автордун окуучуга берейин деген оюнун ошончолук ажары ачылат. Ойдун күнүрт жактары жаркырайт, поэзия жөнөкөй бирок тунук, чыныгы поэзияга айланат. Күндөлүк турмушта деле адам баласы кыйын, оор нерседен оолактайт да, аны жеңил жолун, жеңил жактарын табууга умтулат. Өз турмушунда көбүрөөк байкалган, көбүрөөк колдонулган нерсени батыраак түшүнөт. Ошондуктан, тилдин жалпыга түшүнуктүүлүгү, жөнөкөйлүгү өтө зарыл. Акындын кистиси жана боегу тил, ал дуйнөнүн сүрөтүн тил менен таратат, демек акын жазуудан мурда тилди мыкты өздөштүрүшү керек, тилди жакшы билүү таланттуу акындар үчүн классикалык чыгарма түзө турган курал. Биз көркөм чыгарманы идеялык багытын, композициялык түзүлүшүн, образ түзүү манерасын, стилин, сюжеттик линиясын жана башкаларды талдоону сөзсүз деп эсептейбиз, ал эми ошол көркөм чыгарманы түзүүнун эң негизги каражаты тил жөнүндө эч нерсе айтпайбыз, чындыгында форманы негизги элементи катарында тилден баштоо керек.

**Ачкыч сөздөр**: поэзия, ачыктык, кыскалык, таамайлык, жөнөкөйлүк

# АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДИН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

**Сагимбекова Динара Сарбаевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
Dinara_sagimbekova@bk.ru

Азыркы коомдун абалы аны аныктаган идеялардын, баалуулуктардын жана маанилердин сапатына көз каранды. Педагогика илими адеп-ахлакты инсандын баалуулук компоненти катары карап, анын негизинде башка жеке саппатардын калыптануусун аныктайт. Адеп-ахлак тарбия коомдогу адамдардын бири-бирине болгон жүрүм-турумунун жалпы принциптеринин жана нормаларынын жыйындысы катары белгиленет.Адеп тарбиясы-адамдын коомдогу моралдык аң-сезимин жашоодогу максатка жараша калыптандыруу, ызаатуу жүрүм-турум көнүмүштөрүн пайда кылуу, ошондой эле өз элинин үрп-адатарынын прогрессиддүү үлгүлөрүн сактоого, байытууга, башка улуттардын салттарын урматтоого тарбиялоо. Бүгүнкү күндө дүйнөдө кризис өкүм сүрүп турат. Дээрлик баардык окумуштуулар, маданият кызматкерлери, саясатчылар приоритеттери инсанды, коомду гумандаштыруу, гармонизациялоо. Бул процесс адеп-ахлактык баалуулуктарга кайтуу аркылуу гана өтүшү мүмкүн.Көптөгөн педагог илимпоздор И.Гербарт, Я.А Коменский, Г.Песталоцци, Л.Толстой, В.Сухомлинский, В.Сластенин ж.б. өзүлөрүнүн эмгектерин талдоодо адеп-ахлактык тарбиянын маанисиmaксаты жөнүндө көптөгөн ойлорун айтышкан. К.Ш.Хорушенко инсандык баалуулукту «адам, класс, бүтүндөй коом үчүн ыйык нерсе, журум-турумда чагылдырылган ишенимдери жана артыкчылыктары жөнүндөгү идея» деп эсептейт. Баалуулуктарга шек келтирилбейт, алар бардык адамдар үчүн идеал катары кызмат кылат. Ушул көз караштан алганда биз адеп-ахлакты инсандын баалуулук компоненти катары карайбыз, анаын негизинде башка жеке сапаттар калыптанууда. Бул макалада инсандын адеп-ахлактык негиздерин тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү талкууланат. Макалада билим берүү системасынын маанилүү багыттарынын бири катары адеп-ахлактык тарбиялоо маселелери каралат,инсандын адептүүлүгүн калыптандыруу процессинде стратегиялык жана тактикалык миллдеттерге өзгөчө орун берилген. Адеп-ахлактык тарбия адамдын: адеп-ахлактык сезимдерин, адеп-ахлактык кулк мүнөзүн, моралдык позициясын жана адеп-ахлактык жүрүм-турумун калыптандырууга өбөлгө түзүүдө. Адеп-ахлактык тарбия студенттер арасында социалдык маанилүү багыттарды калыптандырууну, жеке жана коомдук кызыкчылыктардын гармониялуу айкалышуусун камтыйт.

**Негизги сөздөр**: адеп-ахлак, тарбиялоо, системалык мамиле, баалуулук, принциптер.

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУЧУЛАРЫН МОТИВАЦИЯЛООНУН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

**Курманалиева Чолпон Албановна**
Kurmanalieva00@bk.ru

**Канатбекова Жылдыз Канатбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

**Бейшембиева Насыят Камчыбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
naskabeu@gmail.com

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагындагы балдардын гаджеттерге жана оюндарга көбүрөөк кызыгып окууга кош көңүл мамиледе болуп жаткадыгын билебиз. Бирок ар бир ата-эне балдарын жакшы окуган, билимдүү, чыгармачыл инсан катары калыптанып, ачык маанайда болушун каалашат. Ошондуктан, бүгүнкү күндө мектепти модернизациялоо доорунда окууну, билим алууга карата кызыгууну мотивациялоо маселеси актуалдуу жана социалдык мааниге ээ. Көбүнчө мотивация башталгыч класстарда кеңири колдонулат, анткени балдар бала бакчадан мектепке жаңы келгенде, алардын оюнда оюнчуктардын, жомоктордун фантастикалык дүйнөсү кеңири болуп, тилекке каршы, окууга орун жоктой сезилет. Бирок алардын устаты, мугалими, колунан жетелеп, мектеп аркылуу тамга таанып, илимий ачылыштарды жасоого боло турганын, кызыктуу китептерди, адамзаттын тарыхын, адамдардын жаралышын камтыган дагы бир адаттан тыш дүйнөнү көрсөтүшү керек. Эң негизгиси бул жолду ар бир бала кызыгуу, процесске аралашуу, ойлоп табуучулугу менен басып өтүшү керек. Башталгыч жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (1-4-класстар) башталгыч класстын мугалимдерин инсанды калыптандыруунун натыйжаларына анын ичинде кенже мектеп окуучуларынын окууга, билим алууга болгон мотивациясын өнүктүрүүгө багыттайт. Стандарт башталгыч жалпы билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүргөн окуучулардын натыйжаларына болгон талаптарды белгилейт. Алар: инсандык, анын ичинде окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүгө даярдыгы, окууга жана таанып-билүүгө болгон мотивациясынын калыптангандыгы, окуучулардын баалуулук-маанилик багыты камтылат. Кандай иш болбосун адам жөнөкөйдөн татаалга карай өсүү багытында болуп, бир орунда турбастан алдыга умтулууга аракет жасайт. Ал бир сөз менен "мотивация" деп аталат. Адамдагы мотивация түшүнүгү мотивдердин бардык түрлөрүн (мотив, кызыкчылык, муктаждык, керектө, умтулуу, максат, кыймыл, ж.б.) өз ичине камтыйт. Башталгыч мектеп курагындагы окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн негизинде инсандык сапаттары калыптанат. Ошондой эле мотивация аркылуу инсандык өнүгүүсү үчүн окуучулардын предметке карата белгилүү бир мамилеси калыптанат.

**Ачкыч сөздөр**: мотивация, билим берүү, мамлекеттик билим берүү стандарты, инсан, таанып-билүү, сабак, окуучу.

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА БААЛУУЛУКТАРДЫ ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ТӨРТ НЕГИЗГИ САПАТ

**Акматов Кыялбек Камутович**
“Маариф” билим берүү комплекси
kgzakmatov@gmail.com

Азыркы учурда балдарга билим берүү менен бирге баалуулуктарды окутуп үйрөтүү актуалдуу маселелерден болууда. Анткени, дүйнөдө болуп жаткан бир катар жаңылануулар балдарга бир жагынан оң таасирин тийгизгени менен экинчи жагынан улуттук, деги эле жалпы адамзатына тиешелүү баалуулуктарды акырындап унуткарып бараткан сыяктуу. Мисалы, азыркы учурдун жаштары тарбияны туура эмес булактардан алып, адамдык касиетке көп маани бербей жаткандары сезилет. Адамдык касиетке көңүл бурбоо, билим берүүнүн жайылышына карабастан, коркунучтуу мыйзам бузууларга алып келип жатат. Мектептеги, үй-бүлөдөгү жана коомдогу **зордук-зомбулук, бейбаштык, баңгилик, сексуалдык зомбулук жана адашуу, чыдамсыздык, көңүлүн топтой албоо, канааттануу, брендге берилгендик, ысырапкорчулук, уурулук, калп айтуу, адилетсиздик, өзүмчүлдүк, сабырсыздык, ийгиликсиздик, дисгармония, куру текебердик** жана башкалардын жайылышына алып келип жатат. Бул эң кеңири тарагандары. Ал эми **жетилгендик, акылмандык, ар-намыс, урмат-сый, сүйүү, боорукердик, чынчылдык, сылыктык, достук** жана башка асыл сапаттар, тиричилик, улуттук жана руханий баалуулуктар турмуштан четтетилүүдө. Ошол себептен адамдык касиетти терең сактап, аны кийинки муундардан да көрө билүү үчүн балдарга алгач баалуулуктарды окутуп үйрөтүү педагогдордун башкы милдеттеринен. Демек баалуулуктар боюнча билим берүү программасы натыйжалуу ишке ашырылышы үчүн педагогикалык ишмердүүлүктө жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөтүү жана аларды балдарга сиңирүү башкы максаттардан болууга тийиш. Мына ушул максатты ишке ашырууда төмөндөгү төрт негизги сапаттын болушу абзел: **1. Акылмандык (Даанышмандык); 2. Эр жүрөктүүлүк (Эрдик); 3. Намыс (Абийир); 4. Адилеттүүлүк.** Макалада жогорудагы аталган төрт сапаттын ар бирине кеңири токтолуп улуу даанышман ойчулдардын пикирлери талдоого алынат. Саналган башка сапаттардын дээрлик бардыгы адамдар аралык мамилелерге тиешелүү. Окумуштуулар өздөрүнүн эмгектеринде аталган сапаттарды түшүндүрүүгө аракет кылып, илим катары да, тажрыйбалары менен да жеткирип келишкендиги айтылат. Биздин милдет – салтыбыздын ушул асыл мурастарын изилдөө жана үйрөнүү жана аны өзүбүзгө, балдарыбызга, окуучуларыбызга, коомубузга жана жалпы адамзатка жеткирүү.

**Негизги сөздөр:** окуучу; мектеп; билим; тарбия; баалуулук; окутуп үйрөтүү; педагог; негизги сапаттар.

# KÖYDEN ŞEHİRE OKUMAYA GELEN LİSE ÖĞRENCİLERİN KARŞILAŞTIKLARI SORUNLARIN İNCELENMESİ

**Doç. Dr. Erkan EFİLTİ**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
erkan.efilti@manas.edu.kg / efilti71@gmail.com

**Rakıya Osmon kızı**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
osmonovarakya@gmail.com

Bu araştırma amacı, köyden şehire okumaya gelen lise öğrencilerin sorunların incelenmektir. Araştırmada, nitel araştırma yöntemlerinden betimsel araştırma modeli kullanılmıştır. Araştırmanın çalışma grubu Kırgızistan'daki Bişkek şehrinde yer alan 2021-2022 okul yılında köyden şehre okumaya gelen lise öğrencilerden oluşmaktadır. Araştırmaya gönüllü 10 öğrenci katılmıştır. Araştırmada veri toplamak için, nitel araştırma yönteminden yarı yapılandırılmış görüşme formu kullanılmıştır. Bu çalışmada görüşmeler katılımcıların izni alınarak görüşme yapılan ortamda telefonda ses kayıt altına alınmıştır ve veri toplama işleminden önce katılımcılara çalışmanın amacı açıklanmış, kimlik bilgilerin gizli tutulacağı ve istedikleri taktirde görüşmeyi bırakabilecekleri sözlü olarak ifade edilmiştir. Araştırma sonucu elde edilen verilerin çözümlenmesinde nitel analiz tekniğinden içerik analizi yöntemi kullanılmıştır. Araştırma sonucunda köyden şehre okumaya gelen lise öğrencilerin karşılaştıkları sorunlar; dil konusunda zorlanmak, kültürel farklılık, ekonomik düzeyde, kalabalık ortam içinde olmaktan çok sıkılmak, havasından çok zorluk çekmek, kıyafetlerinin şehirde yaşayanlara göre farklı olması, sınıfta farklı bölgeden gelen öğrencilerin ayrımcılık yapması, okula yeni başladığı zamanda öğretmenlerle ilişki kurmakta zorlanmak, okulda kendini yalnız hissetmek, okul çok büyük olduğu için sınıf ve diğer yerleri bulmakta zorlanmak, kültürel farklılıktan dolayı arkadaş edinmekte güçlük çekmesi, ilgi alanları farklı olduğu için arkadaş edinmekte güçlük çekmesi, bölgesel ayrımcılıktan dolayı arkadaş edinmekte güçlük çekmesi, ailenin özlenmesi, ‚başkalarının desteğine ihtiyaç duyması, ‚para sıkıntısın yaşamak, evin okuldan uzak olması, ‚yasadığı akrabaların evinde kendisini rahat hissetmemesi, yurda alışamamakları sonucuna ulaşmıştır. Araştırma sonuçları başka konu ile yapılan araştırmalarla tartışılmıştır ve öneride bulunmuştur.

**Anahtar kelime:** Okul, Lise, Uyum, Ergenlik, Arkadaşlık.

# KIRGIZİSTAN'DA YAPILAN SANAT TERAPİSİ ÇALIŞMALARININ İNCELENMESİ

**Doç. Dr. Erkan EFİLTİ**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Edebiyat Fakültesi Eğtim Bilimleri Bölümü, Bişkek, Kırgızistan.
Eerkan.efilti@manas.edu.kg / efilti71@gmail.com

**Assiya MURADOVA**
Kırgızistan - Türkiye Manas üniversitesi, Sosyal Bilimler Enstitüsü
assiyamuradova22@gmail.com

Bu araştırma Kırgızistan'daki sanat terapisi ile ilgili yapılan çalışmaları incelemek amacıyla yapılmıştır. Araştırmada kaynak tarama modeli kullanılmıştır. Sanat terapisi ile ilgili yazılmış 12 makale, 3 yüksek lisans tezi olmak üzere toplam 15 çalışma incelenmiştir. Ulaşılan çalışmalar araştırmacıların cinsiyetine, araştırmanın türlerine, kullanılan araştırma yöntemlerine, veri toplama tekniklerine, çalışma grubuna, sonuçlarına ve önerilerine göre temalandırılarak değerlendirilmiştir. Araştırmanın elde edilen sonuçlara göre; sanat terapisi ile ilgili çalışan araştırmacıların cinsiyeti açısından büyük oranda kadınlar olduğu ortaya çıkmıştır. Sanat terapisi çalışmalarının türlerine bakıldığı zaman çoğunluğu makale olduğu sonucuna ulaşılmıştır. İncelenen araştırmalarda en çok nitel araştırma yöntemi kullanılmıştır. Bu konu üzerinde yapılan çalışmaların veri toplama aracı olarak büyük oranda literatür taraması kullanıldığı sonucuna ulaşılmıştır. Araştırmalardaki veri kaynaklarının çoğunluğu doküman olduğu sonucuna ulaşılmıştır. Sanat terapisi ile ilgili yapılan çalışmaların sonuçlarına bakıldığında ise sanat terapisinin bireyin kendisiyle ve iç dünyasıyla tanışmasına ayrıca motivasyona ve duygusal değişime olumlu yönde katkı sağladığı sonucuna ulaşılmıştır. İncelenen çalışmaların büyük çoğunluğu psikologların ve pedagogların alan çalışmalarında sanat terapisi eğitimi almaları ve geliştirmelerini ayrıca sanat terapisini ailelerin, çocukların ve yetişkinlerin almasına yönelik platformlar oluşturulması önerisinde bulunulmuştur.

**Anahtar Kelimeler:** Sanat, Terapi, Sanat Terapisi

UMEK-2022

# ЭВФЕМИЗМЫ В УЙГУРСКОМ ЯЗЫКЕ В ПЛАНЕ ЯЗЫКОВОГО ОТРАЖЕНИЯ

**Абдуманапова Зухра Зайнишевна**
Иссык-Кульский государственный университет
abdymanapova@iksu.kg

Успешное овладение иностранным языком предполагает всестороннее знакомство с историей, культурой, литературой, обычаями, современной жизнью и прочими реалиями народа, говорящего на исходном языке. Одним из наиболее ярких проявлений языка, отражающих культуру любой нации, являются эвфемизмы, под которыми в науке принято понимать эмоционально нейтральные слова или выражения, употребляемые вместо синонимичных им слов или выражений, поскольку, по мнению говорящего, являются неприличными, грубыми или нетактичными. Эвфемизмы являются завуалированными, «смягчающими» и описательными обозначениями предметов или явлений, на которые общество накладывает своеобразное табу. Основная цель, которую преследует говорящий, используя эвфемизмы в социальных и межличностных отношениях, это стремление избегать коммуникативные конфликты и неудачи, не создавать у собеседника ощущения коммуникативного дискомфорта. Следует отметить, что уйгурские эвфемизмы не раз становились объектом исследования, однако их анализ осуществлялся, как правило, лишь в зеркале китайского языка. Так, в одних работах отдельные тематические группы уйгурских эвфемизмов рассматривались в культурологическом аспекте, определялась их коммуникативная функция в уйгурском языке. В других – исследователи ограничивались переводом уйгурских эвфемизмом. И несмотря на то, что в работах ученых и была заложена основа к отдельному изучению темы эвфемизмов в уйгурском языке, однако нами не ставили перед собой цель выделить уйгурские эвфемизмы в отдельную область исследования. Эвфемизация – универсальное явление, исторические корни которого тесно связаны с менталитетом народа, его культурой, традициями, религией, мировоззрением носителя конкретного языка. Следует отметить, что эвфемизация наблюдается в различных сферах социальной жизни народа: в области публицистики и массовой информации, в творческой, культурной и бытовой жизни народа. Кроме того, в разных языках численность эвфемистических групп, а также их количественный и тематический состав неодинаковы, что связано с лингвокультурными и этнолингвистическими особенностями языкового сознания.

**Ключевые слова:** эвфемизация, уйгурский язык, межкультурная коммуникация

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУТУУНУН АКТИВДҮҮ ФОРМАЛАРЫН КОЛДОНУУ

**Шамыркулова Венера Таалайбековна**
shamyrkuiovavenera@gmail.com

**Омурзакова Карамат Кудайкуловна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

**Бейшембиева Насыят Камчыбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Макалада "Башталгыч билим берүүдө окутуунун активдүү формаларын колдонуу" аталышындагы заманбап окутуу формаларынын ичинен башталгыч билим берүүдө колдонулуучу окутуунун активдүү формалары тууралуу сөз болот. Алардын тандалышы башталгыч класстарда өтүлүүчү предметтик сабактардан кыргыз тили, адабий окуу, математика, мекен таанууга тууралнып, жемиштүү окутуу технологиялары катары көрсөтүлгөн. Мектеп системасында мындай окутуунун формаларын колдонууда педагогдон терең чыгармачылык талап кылынаары окумуштуулар, педагог- психологдор, практик-мугалимдер тарабынан далилденгени белгиленген. Мындан сырткары, стандарттык эмес формадагы сабак катары анын уюштурулушу, жүргүзүлүшү өзгөчө, кызыктуу, эрежелерге жооп бергидей өткөрүлүшү талап кылынаары эскертилди. Келечектеги билим берүүнүн сапаттуу өнүгүп, өсүшү дал ушул башталгыч билим берүүдө калыптанаары тууралуу айтылып жана макалада көрсөтүлгөн окутуунун активдүү формалары окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн, оюн ачык айта билүүсүн, тартынбай жооп берүүсүн, бири-бирине колдоо көрсөтүүсүн жана жардам берүүсүн, окуу материалдарын анализдей билүүсүн үйрөтөөрү тууралуу ачык, баса белгиленип, ошондой эле, башталгыч класстардын мугалимдерин заманбап окутуунун активдүү формаларын кеңири пайдаланууга жана колдонууга чакырат. Ошондой эле, окутуунун активдүү формалары класстык жана класстан тышкаркы сабактарда, бирдиктүү командалык дем менен, топтун ар бир мүчөсү өзү үчүн, башкалар үчүн жана топ үчүн жоопкерчиликти алган чакан топтордо өткөрүлүшү окуучуларды өнүктүрүүнүн азыркы талабы экени баса белгиленген.

**Негизги сөздөр:** окутуунун активдүү формалары, окутуунун заманбап технологиялары, башталгыч билим берүү, педагог, психолог.

# Т.КАСЫМБЕКОВДУН "СЫНГАН КЫЛЫЧ" ЧЫГАРМАСЫН МЕКТЕПТЕ XI КЛАССТА САЛТТУУ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАР АРКЫЛУУ ОКУТУУ

**Осмонова Айпери**
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
aiperi@mail.ru

Жаштарды тарбиялоодо адабият сабагынын ролу чоң жана мааниси терең. Өзгөчө өмпүрүмдөргө таалим –тарбия берүүдө аларды коомдун жана келечек ээлери катары татыктуу тарбия берүүдө белгилүү жазуучу Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" тарыхый романы өз салымын кошоорунда шек жок. Чыныгы адамдык баалуулуктар, элдин акылмандык уюткусун түзгөн даанышмандыктын бардыгы бул чыгармада берилген. Романдын сюжетинде он тогузунчу кылымдагы кыргыз элинин тарыхы, башка элдер менен болгон карым-катышы, жашоо-шарты, үрп-адаты, каада-салты мыкты сүрөттөлөт. Андыктан Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романын жогорку класстарда окутуу үчүн 4 саат бөлүнгөн Адабият сабагынан берген мугалимдин негизги милдети жазуучунун чыгармасына бөлүнгөн саатты туура бөлүштүрүү жана ар бир сабакта чыгарманы окутуп түшүндүрүүдө терең жана мыкты сабак үчүн чыгармачылык менен салттуу жана интерактивдүү ыкмаларды өз орду менен пайдалануу туура болот. Мугалим жазуучу Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" тарыхый чыгармасына арналган сабактын биринчи саатын "Киришүү" сабагы кылып өтүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондой эле мугалимдин «Сынган кылыч» романы тууралуу кириш аңгемесинде чыгарманын жазылышы, басмадан жарыкка чыгышы, бул чыгарманын жаралышындагы автордун берейин деген ою, роман камтыган идея, мазмундун мааниси, көтөрүлгөн маселелердин тарыхый жагы айтылат. Ушундай кириш сабакты өтүү менен окуучуларга чыгарманын өзү менен тааныштыруу болуп саналат. Ошондой эле тарыхый чыгармага жана анда камтылган материалдарга бардык тараптан даярдоо болот. Бирок киришүү сабагы натыйжалуу болуу үчүн мугалимдин сөзү кыска жана мазмундуу болуусу шарт. Жазуучу Т.Касымбеков "Сынган кылыч" романы аркылуу кыргыз адабиятында образ жаратуунун чоң мектебин ачкан. Анткени чыгармада каармандар менен кейипкерлердин саны 180 ден ашат. Мугалим каармандардын образын талдоодо текстти пайдалануусу милдет Окуучулардын көз алдына тексттеги мисалдардын жардамы менен ошол образдарды элестүү кылып талдап, аларын кулк-мүнөзүн чечмелөө аркылуу чыгармадагы проблеманы өздөштүрүүгө болот.

**Негизги сөздөр**: жазуучу, адабият сабагы, усул, тарбия, саат, программа.

**СТУДЕНТТЕРДИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕСИНДЕГИ БАЗАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР**

**Бурулча Койлубаева**
Ош мамлекеттик университети
burulcha69@gmail.com

Сунушталган билдирүүдө студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесиндеги базалык түшүнүктөр талдоого алынат. Бул багытта түйүндүү түшүнүктөрдү мүнөздөө, материалдарды чогултуу жана аларды талдоо иштери концептуалдык алкакта жүргүзүлөт. Макаланын борбордук идеясына айланган “салттык баалуулуктар” түшүнүгүнөн баштап, “этнопедагогика” терминдерине чейин анализдөөдө түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштар жалпыдан өзгөчөгө карай анализденип, алардын ортосундагы байланыштар аныкталат. Салттуу баалуулуктардын маңызын аныктоодо жана анын мазмунун ачып берүүдө философиялык, социалдык-психологиялык, маданият таанымдык ыкмалары бар экендигин маалымдайт. Алардын алкагында салттык баалуулуктар өзүнүн турмуштук күчүн жана баалуулугун далилдеген коомдук түзүлүштүн, маданий нормалардын, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасы катары кабылданышы баяндалат. Маалымат булактары катары философтордун, социологдордун түйүндүү түшүнүктөргө берген мүнөздөмөлөрү салыштырылып,анализденип, жалпыланып, автордун пикирлери менен толукталат. Салттуу баалуулуктардын барлыгын жана иштешин анын структуралык элементтери: адат, ырым-жырым, ырым-жырым, каада-салт; жүрүм-турумдун белгилүү маданий нормалары камсыз кылаары көрсөтүлгөн. Макаладагы экинчи өзөктүү түшүнүк бул “гендердик-ролдук маданият”. “Гендердик-ролдук маданият” проблемасы психология, биология, медицина, социалдык антропология сыяктуу көп кырдуу дисциплиналар аралык контексте гана аңдалып ачыкталуучу түшүнүк экендигин бул тармакта эмгеги сиңген белгилүү илимпоздор: Э.Гидденс, А.Тойнби, И.С.Кондун ойлору менен бөлүшөт жана автор өзүнүн көз карашы менен толуктайт. Макалага коюлган милдеттердин чегиндеги түйүндүү түшүнүк бул – элдик педагогика. Бул түшүнүктү изилдөөдө этнопедагогиканын атасы болгон Г.Н.Волковдун жана кыргыз коомунда А.Алимбековдордун эмгектерине таянуу менен этнопедагогика макаланын түйүндүү түшүнүктөрүнүн жалпылап, гендердик ролдук маданият өнүктүрүү тарбиялоонун ар кандай коомдогу социалдаштыруунун жетектөөчү механизмдеринин бири болуп саналат. Гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо - бул ымыркай кезинен башталып, карыганга чейин аял жана эркекке таандык маданий нормаларды, жүрүм-турум үлгүлөрүн гендердик ролдорду өздөштүрүү жана өнүктүрүү процесси экендиги такталат.

**Негизги сөздөр*:*** салттык баалуулук, маданият, гендердик, ролдук, этнопедагогика.

UMEK-2022

# ПЕДАГОГДОРДУН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ТРЕНИНГДИ ЖҮРГҮЗҮҮ МЕНЕН ӨРКҮНДӨТҮҮ


**Сияев Таштанбек Монолдорович**
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети
siyaev@mail.ru
**Алынбекова Суусаркул Шергазиевна**
Кыргыз Республикасынын Билим жана илим Министрлиги
alunbekova@mail.ru
**Батырова Ырыскан Мийзамовна**
Б. Осмонов атындагы Жалал- Абад мамлекеттик университети
yryskan1972@mail.ru



Эмгекте жогорку окуу жайынын окутуучуларынын кесиптик компетенттүүлүгүн тренингди жүргүзүү менен өркүндөтүү изилденген. Азыркы мезгилдин окутуучулары үчүн отуз алты сааттык тренинг негизделип, кыргызстандагы көптөгөн жогорку окуу жайларда аппробацияланды. Тренингдин эң негизги өзгөчөлүгү окутуучулардын ар бирине кесиптик негизги мүнөздөмөлөрүнүн белгилүү диагностикалык тесттердин негизинде сандык көрсөткүчтөрүн аныктап берүү менен мүнөздөлүнөт. Кесиптик компетенттүүлүктү өркүндөтүү тренингиси төмөнкү багыттарды камтыйт: а) рефлексия; б) мотив; в) эмоция; г) эмпатия; д) харизма; е) креативдүүлүк; ж) өзүн-өзү баамдоо. Окутуулардын кесиптик компетенттүүлүгүн көрсөткүчтөрүнун бири – рефлексиялоо ишмердүүлүгүнүн сапаты менен белгиленет. Тренингдин алкагында окутуучуларга рефлексиялоо ишмердүүлүгү боюнча атайын көнүгүүлөрдү аткаруу орун алат. Натыйжада, ар бир окутуучу “өзүн” кайрадан таануу менен бирге рефлексиялоо деңгээлин аныктап алат. Мотив боюнча тренингдин алкагында окутуучунун ички мотиви, тышкы оң мотиви жана тышкы терс мотивдери аныкталып, алардын катыштарынын негизинде окуутуучулардын педагогикалык процесске болгон көз караштары белгиленди. Эмоционалдык компетенттүүлүктү өркүндөтүү багытында окуутуучулардын психомотордук эмоциясы, интеллектуалдык эмоциясы жана коммуникативдик эмоциясы аныкталды. Ал эми окутуучулардын эмпатиясы алты багытта белгиленет: ата-энеге карата, айбанаттарга карата, кары адамдарга карата, балдарга карата, чыгармалардын каармандарына карата жана бейтааныш адамдарга карата. Окутуучулардын креативдүүлүгүн өркүндөтүү тренингдин алкагында ар биринин сегиз креативдүүлүктүн багыттары боюнча сандык көрсөткүчтөрү белгиленди. Окуутуучулардын арасында өзү-өзү баамдоо боюнча тренинг жүргүзүлүп, ар бир катышуучунун өзү-өзү баамдоонун деңгээлдери белгиленди. Тренингдин алкагында өзү-өзүн баамдоо процессин өркүндөтүү боюнча илимий сунуштар берилди.



**Түйүндү сөздөр**: кесиптик компетенттүүлүк, тренинг, креативдүүлүк, өзү-өзүн баамдоо, диагностика.

UMEK-2022

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН АКТИВДҮҮ ФОРМАЛАРЫ

**Койлубаева Айгүл Кадырбаевна**
a.koylubaeva@mail.ru
**Токтобакова Багдат Муканбетжановна**
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Окутуунун методу-объективдүү жана субъективдүү суроо-талаптарга, жагдай-шарттарга жараша аныкталуучу өтө татаал педагогикалык кубулуш. Методдун дидактикалык табияты, окутуу процессиндеги майнаптуулугу көптөгөн маселелердин комплекстүү каралышы аркылуу аныкталуучу көрүнүш. Кыргыз тилин окутуунун бир кылымга жакындаган тарыхында, азыркы практикасында, мугалимдердин иш-тажрыйбаларында методго байланыштуу айтылган маселелердин айрымдары тигил же бул деңгээлде чечилип, колдонулуп, өз үзүрүн берип жатканын танууга болбойт. Азыркы максат- аларды учур талабына ылайык толуктоо, өркүндөтүү жана методдун объективдүү бөлүгүн теориялык-педагогикалык соңку маалыматтар, жыйынтыктар менен жабдуу болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү билим берүү процессинде, педагогикада, мезгил талабына шайкеш окутуунун активдүү методдорун жана формаларын табуу актуалдуулукка ээ болууда. Тагыраак айтканда, окутуунун активдүү методдору жана формалары деген деген проблема курч коюлуп, аны аныктоонун, иштеп чыгуунун үстүндө активдүү аракеттер жасалып, “инновациялык окутуу”, “инновациялык технология”, “интерактивдүү методдор”, “интерактивдүү окутуу”, “интерактивдүү технология”, “окутуунун жаңы методдору”, “окутуунун азыркы технологиясы” сыяктуу термин-түшүнүктөр да кеңири колдонула баштады. Билим берүүдөгү инновация-бул окутуунун максатын, мазмунун өзгөртүп жаңылоо менен окутуу процессине жаңыча мамиле жасап, окутуунун методдорун, формаларын жана каражаттарын кайрадан карап чыгуу дегенди түшүндүрөт. Кыргыз тилин окутуудагы азыркы милдет салттуу методдор менен интерактивдүү методдорду өз-өзүнчө бөлүп ажыратпай, алардагы жалпылыкты, биримдикти так аныктап, мурунку менен кийинкини айкалышта колдоно билүүдө турат.

**Ачкыч сөздөр:** окутуунун формалары, инновация, салттуу методдор, интерактивдүү методдор.

UMEK-2022

# УЛУТТУК БААЛУУЛУК ТҮШҮНҮГҮН ТАЛДОО

**Сулайманова Гульнура Жолдошовна**
Ош мамлекеттик университети
gulnura_64_kg@mail.ru

Макалада “улуттук баалуулуктар”, “улут”, “баалуулуктар” түшүнүктөрүнүн, жалпы мүнөздөмөлөрү такталат. Негизги «улут» жана “баалуулуктар” түшүнүгүнүн компоненттери философиялык жана психологиялык-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде аныкталат. Бул изилдөө дүйнөгө белгилүү философтордун, психологдордун, социологдордун, педагогдордун жана кыргыз окумуштууларынын эмгектерине негизделген. “Баалуулук" деген түшүнүк 19-кылымдын 60-жылдары немис философу Р.Лоцце тарабынан «аксиология» деп аталган теориялык дисциплина (Грекче. "Axios" баалуулук жана "λόγος" - доктрина, акыл, мыйзам),. баалуулуктар табияты, алардын бири-бирине байланышы жөнүндөгү окуу киргизилген. Байыркы англис социологу Энтони Гидденс жана Эрнест Андре Геллнер баалуулуктар менен маданияттын ортосундагы түз байланыш, улуттук маданият турарын белгилеген. Америкалык педагог, психолог Джон Дьюи билим берүү - бул лаборатория, анда философиялык баалуулуктар такталып, аныкталып текшерилет деген. Америкалык психолог Авраам Гарольд Маслоу баалуулуктар жаралат же курулат деп эсептеген. Немис философу Иоганн Готфрид улутту тилдик жана маданий жамаат катары сүрөттөгөн. Француз окумуштуусу Жозеф Эрнест Ренан улуттун негизги белгилери - адеп-ахлактык аң-сезим жана эрк деп көрсөткөн. Немис тарыхчысы Петер Альтер улуттун негизги белгилерин тигил же бул улутка таандыктыгы, анын уникалдуулугун жана башка улуттардан айырмачылыгын таануу деп айткан. Окумуштуу философ А.К. Абишеванын пикири боюнча: “адам эмне аркылуу өзүн адам деп эсептесе, анда ошонун өзү баалуулук болуп эсептелет”– деген. Демек, теориялык талдоону эске алуу менен жана “улут” концептин түшүнүүдө "улут" бул татаал жана көп кырдуу көрүнүш экенин белгилей кетүү керек. Бирок «баалуулук» түшүнүгүн талдоо, «улут» түшүнүгү маселесинин толуктугун көрсөтпөйт, бирок алар жөнүндө кээ бир идеяларды жана түшүнүктөрдү чагылдырат жана биз карап жаткан аныктамаларды андан ары карап чыгууга багыт берет.

**Негизги сөздөр:** Баалуулук, улуттук, адабияттар, педагогика, талдоо.

**Жумашова Назира Асанкадыровна**
nazira2101@mail.ru
**Нурбекова Айсулуу Нурбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
aisuluu@mail.ru

Элдик көркөм баалуулуктарды өз чыгармаларында пайдаланууга, изилдөөлөрүндө предмет кылып алууга болгон маданий оозеки мурастардын баа-кунун, салмагын жеткирүүгө, идеясын тереңден ачып берүүгө болгон демилгелер учурайт. Байыркы көр башына орнотулган рун жазууларын, аска таш бетиндеги, ошондой эле ар кандай карапаларга, идиштерге, кооздук буюмдарына, имарат дубалдарына жана башкаларга чегилип жазылган жазууларды фольклордук чыгармалардын, көз караштардын жазма формасындагы баштапкы элементтик эмипирикалык үлгүсү катары карайбыз. Ошондой эле кыргыз фольклорунун сапат-касиетин, мүнөзүн ачууга карата шилтенген кадамдар, эл башына түшкөн кайгы-муң, мүшкүл иштер сүрөттөлүп, бүтүндөй окуялар көркөм стилге ылайык шөкөттөлөт. Кыргыздар элдик оозеки адабияттын табиятын түшүнүү менен анын чыгармаларын мүнөзүнө, белги-касиеттерине жараша бир канча түрлөргө жиктеп келгендиги жалпыбызга маалым. Эгер эл арасында санжыра, кошок, жомок, дастан, күйгөн-секетпай ырлары өз алдынча жанр катары жашаса, алардын бири-биринен болгон түп-тамырынан берки айрмаланган кардиналдуу өзгөчөлүктөрү анын аткаруучуларын же жаратуучуларын да ошого жараша атоого негиз болуп, кесиптик терминдердин иштелип чыгышына шарт болот. Алсак, санжырачы, кошокчу, жомокчу, дастанчы, манасчы сыяктуу терминдер аткаруучулардын айткан чыгармасынын мүнөздүк өзгөчөлүк касиетине карай аныкталып турган. Ошентип фольклордук адабиятты алып жүрүүчүлөр аткарган чыгармасынын мүнөзүнө жараша өз ара классификациялануу процессине дуушарланбай койгон эмес жана байыркы негизи элдин күнүмдүк турмушунан келип чыккан тажрыйбалардан улам топтолуп, ал ошол элдик чыгарманын өзүндө, адат-салттарда сакталып кала берет.

**Негизги сөздөр**: Фольклор, идея, эпитафия, тарыхый окуя, макал-ылакап.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРИНДЕГИ ГЕНДЕРЛИК СТЕРЕОТИПТЕР

**Аида Данилова**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
**Толкун Асирдинова**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

XX кылымдын башында тилдин гендерлик аспектиси менен коммуникацияга кызыгуу, лингвистикада тил менен жыныс темасынын байланышы алдыңкы планга жылуусуна түрткү берген.. Тилдеги калыптанган конструкциялар, туруктуу сөз айкаштарын, макал-лакаптарын изилдей келсек, тилдик системада улуттун маданиятын, дүйнө таанымдарын чагылдыруучу, этностун турмуш-тиричилик, адеп-ахлагын, менталитетин, этномаданий нормаларын чагылдыруучу бирдиктерден болуп эсептелет. Ушул жаатта фразеологизмдер маалымат туюнтуудагы эң бир уникалдуу тилдик түзүлүш болуп эсептелет. Фразеологизмдер тилдик аспектиде бир нече илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуп, кыргыз тили илиминде бул багытта бир нече илимий эмгектер жарык көргөн менен гендерлик аспектиде каралган эмес. Демек, адамдардын жашоо-турмушу, о.э. аялдарга жана эркектерге болгон мамилени да бул конструкциялардан түшүнүүгө болот. Кыргыз тили илиминде гендердик фразеологизм түшүнүгү же өзүнчө бөлүм жок, бирок, чет элдик лингвистердин гендерлик аспектиде фразеологиялык бирдиктерди аныктоого байланыштуу окумуштуулардын көз караштарын белгилөөгө болот. Ушул негизде фразеологиялык бирдиктерди гендерлик аспектиде кароону бул макалабызда максат кылып алдык. Фразеологиялык бирдиктердеги гендерлик айырмачылыктар башка тилдер сыяктуу эле кыргыз тилинде да байкалат. Башкача айтканда, аялдарга тиешелүү фразеологизм сөздөр жана эркектерге тиешелүү фразеологизмдерди кездештиребиз. “Аялга” жана “ эркекке” деген гендердик маанини камтыган фразеологиялык бирдиктер тилдеги гендердик проблемаларды изилдөөдөгү маанилүү аспектилерден болуп саналат. Адамдардагы айырмачылык алардын биологиялык гана айырмасы эмес, алардын тилинде, кебинде экендигин лингвистер өз изилдөөлөрү менен далилдеп келе жатышат.

**Ачкыч сөздөр:** кыргыз тили, фразеологизмдер, гендердик теңдик.

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН "КӨК АСАБА" РОМАНЫНДАГЫ БАЛАНЫ БААТЫРДЫККА ДАЯРДООДОГУ ЭЛДИК ТАЖРЫЙБАЛАР

**Гүлзана БАЙДЫЛАЕВА**
Кыргыз-Түрк "Манас" университети
gulzana_27@mail.ru

Изилдөөнүн максаты Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романындагы баланы баатырдыкка даярдоодогу элдик тажрыйбаларды ачып көрсөтүү. Кыргыз эли үчүн келечектеги жоокер болуп жетиле турган балдарынын да баатыр болуп чоңоюшу абдан маанилүү болгон. Мына ушундай маанилүү иш үчүн балдарды баатырдыкка даярдоодо өзгөчөлөнгөн элдик тажрыйбаларды колдонушкан. Баатырдыкка даярдык адегенде ат үстүндө чоңойтуудан, мал күзөттүрүүдөн башталган, андан соң барскан сокконду үйрөтүшкөн, ууга алып чыгып мергенчиликке үйрөтүшкөн, эл-жер таанытышкан. Кыргыздарда баатыр күчтүү, тайманбас, шамдагай, эпчил, коркпос, билгич, айлакер болушу керек болгон. Албетте, ушул этаптардан өтүүсүндө жанында жоокердиктин ар бир баскычын басып өткөн ошол эле учурда билгич, ар тараптан өнүккөн жоокердиктин эң жогорку чеги Эр-киши жанында болуп, үйрөтүп, сынап баатырдыкка бышырган. Мындай элдик тажрыйбалар муундан-муунга өтүп, кийинки муунга сабак болуп келген. Изилдөөдө бул багытта маалымат чогултуу жана аларды талдоо иштери сапаттык изилдөө моделининин алкагында жүргүзүлдү. Изилдөөдө маалыматтарды чогултуу сапаттык изилдөө методу анын ичинен документтерди анализдөө методунун негизинде ишке ашты. Алынган маалыматтар сыпаттоо жолу менен талданды.

**Ачкыч сөздөр**: элдик педагогика, баатырдыкка тарбиялоо, элдик тажрыйбалар.

**ЧИТАЕМ СКАЗКУ «РЕПКА» И УЧИМСЯ МАТЕМАТИКЕ**

**Урдалетова Анаркуль Бурганаковна**
Кыргызско - Турецкий университет «Манас»
anarkul.urdaletova@manas.edu.kg
**Кыдыралиев Сыргак Капарович**
кандидат физико-математических наук, профессор АУЦА
kydyraliev_s@auca.kg

Известно, что школа готовит детей к настоящей и, в большей степени, к будущей жизни в глобализированном мире. Однако, вопрос «Школа готовит к будущему: в чём проблемы?» непрерывно стоит перед педагогами и родителями детей во всех странах и во все времена. Этому вопросу посвящены работы многих ученых педагогов. Авторы данной работы убеждены, что задачи школы надо начинать решать с первых дней пребывания ребенка в школе и лучше всего это можно делать при обучении детей математике. В данной работе представлен новый вид из известного вида классифицированных книг для детей младшего школьного возраста. Это книга по математике, которая является математической сказкой. Но это не сказка о некоторых понятиях математики. Здесь в текст известной народной сказки вставлены вопросы и задачи, связанные с героями и действиями сказки. Вопросы и задачи соответствуют стандартной государственной школьной программе по математике. Эту книгу лучше использовать, как совместную работу учащихся с учителем или родителям. В ней кроме основного материала по математике, вплетенного в сказку, содержится материал для самостоятельной работы и для, соответствующей возрасту детей, познавательной и исследовательской работы. В конце книги даны ответы и рекомендации по решению задач.

**Ключевые слова:** математические сказки, математика для детей, межпредметные связи в обучении.

UMEK-2022

# КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ ЗООНИМДЕРДЕН УЮШУЛГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР


**Анапияева Асел Абдысатаровна**
anapiyaeva80@outlook.com
**Абдылдаева Айнура Суеркуловна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

**Сыдыкова Жаркынай Карыпбаевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
jarkynai.94kg77@gmail.com



Лингвистикада зооморфия кубулушу деп зоологиялык аталыштардын туунду маанилери (зооним, зоосемизм) эсептелет. Зоонимдер (zoon - жаныбар, onum - ысым, ат) - жаныбарларга, айбанаттарга коюлган энчилүү аттар экендиги жалпыбызга маалым. Үй айбандарына энчилеп ат коюу жер-сууну атагандай эле турмуштук зарылчылыктан, практикалык муктаждыктардан улам келип чыгат эмеспи. Адамдын, нерсенин, кубулуштун өзгөчөлүгүн, белгилерин айбандарга байланыштырып айтуу формасы катары колдонулат. Кыргыз эли - илгертен эле мал чарбачылыгы менен алектенип, тоо-таштa жашап келишкен көчмөн калк. Демек, тоодо жашаган кыргыз эли жаратылыш менен тыгыз байланышта жашап, жан-жаныбарларды көздүн карегиндей сактап келишкен. Айрым жаныбарларды тотем катары тутушуп, аттарынан атабастан, тергеп да келишкен. Айрыкча жаныбарлардын ичинен үй айбандарына байланыштуу аталыштар тилибизде абдан көп. Себеби, ар бир жандыктын өзүнө тиешелүү аталышы бар эмеспи. Мына ушул аталыштарды фразеологизмдер менен аташып, кыргыз тилибиздин лексикасы толукталып байып келет. Биздин макалабыз дагы мына ушул зоонимдер уюштурган фразеологизмдерге арналганы бекеринен эмес. Зоонимдер кыргыз тилибизди байытып келет. Ал эми кебибизди таасирдүү, образдуу берүүдө албетте, фразеологизмдер жардамга келет эмеспи. Зоонимдерге байланышкан туруктуу сөз айкаштары тилибизде абдан кеңири учурайт. Макалада зоонимдер факты-материалдардын негизинде талданып берилди. Атүгүл фразеологизмдер семантикалык жактан топторго бөлүштүрүлдү.



**Ачкыч сөздөр:** зоонимдер, фразеологизмдер, көчмөн калк, лингвистика.

UMEK-2022

# КЫРГЫЗ САЛТТУУ КООМУНДАГЫ МОДЕРНИЗАЦИЯ ПРОЦЕССИ

**Асанов Жаныш Канатович**
Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети
asanov.zhanysh@mail.ru

Түпкүлүгүнөн бери адамзат үзгүлтүксүз өзгөрүүлөргө дуушар болуп келген, алардын айрымдары, албетте, жаңычыл мүнөзгө ээ болушкан, б.а. чындыгында модернизация мүнөзүнө жана багытына ээ болгон, бул эки негизги жагдайга байланыштуу болгон. Биринчиден, адамдардын коопсуз жана салыштырмалуу бакубат жашоого болгон табигый муктаждыгы. Экинчиден, адамдын чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, тажрыйба жана билим топтоо. Башка сөз менен айтканда, табиятынан прогрессивдүү өнүгүү жөндөмү адамга мүнөздүү. Тигил же бул трансформацияга жөндөмдүүлүк, модернизацияга тигил же бул мамиле жана чындыкты өзгөртүү мүмкүнчүлүгү тышкы жагдайлар менен да, этностун ички өзгөчөлүктөрү менен да аныкталат. Анын үстүнө, экинчиси үстөмдүк кылат. Этностун чыныгы тарыхы, анын жашоо образы, өндүрүш формалары жана мүнөзү, менталитет, адаттар, каада-салттар, жүрүм-турум стереотиптери ж.б. анын учурдагы чындыкка ийгиликтүү интеграцияланып, эртеңки күнүн кура алуу жөндөмүн аныктоо, эгерде азыркы - негизинен кандайдыр бир белгилүү бир коомго карата тышкы - чындык өзүнөн-өзү өзгөрүүнүн жогорку деңгээлин жана потенциалын ачат, ошондо коомдун чыныгы трансформациясы милдеттүү жана акыр аягында жана зарыл мүнөзгө ээ болот. Экинчи жагынан, модернизациянын формасын алат, бул модернизациянын маңызын кенениреэк карап чыгууга милдеттендирет. Жалпысынан алганда, салттуу коомдор жамааттык кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыктардан жогору турушу, ошондой эле иерархиялык структуралардын, атап айтканда, клан, уруу, урук же мамлекеттин кызыкчылыктарынын артыкчылыгы менен мүнөздөлөт. Жеке адам биринчи кезекте анын жеке ишкердик сапаттары, иш-аракет жөндөмдүүлүгү менен эмес, ал турган жери менен бааланат, иерархиялык тутумду ээлейт - кландык, мүлктүк, бюрократтык ж.б. Бул жер макамдын маанисине гана ээ эмес (айтмакчы, ал салттуу коомдо өзүнчө чоң мааниге ээ), бирок негизинен үстөмдүк кылат. Башкача айтканда, иерархиялык тутумдагы орун адамга бийликтин белгилүү бир бөлүгүн алууга мүмкүнчүлүк берет, бул иш жүзүндө салттуу коомдо өзгөчө жагымдуулукка ээ экендигин белгилеп абзел.

**Негизги сөздөр**: салттуу коом, модернизация, адамзат, каада-салт, эволюция, экономика, цивилизация, трансформация, критерий, процесс.

# ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВДИН САТИРАЛАРЫНЫН ТИЛИ

**Оторбаева Салтанат Батырбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
otorbaeva.83@mail.ru

Ар бир элдин сөз асылынан жаралган рухий байлыгында анын улуттук дөөлөт, ар-намысы жана сыймыгы экендигин башкаларга таасын тааныткан таланттар болот. Коомдун күрө тамырында согуп турган учур маселесин сүрөттөө тигил же бул калемгердин жазуучулук вазийпасы. Болгону жазуучунун дүйнө таанымы, чыгарма жаратуудагы башкалардан айырмаланган өз алдынчалуулугу жана берейин деген ою кандай өңүттө, канчалык деңгээлде ишке ашары башка маселе. Проза менен драматургиядан айырмаланып, поэзия өтө сезимтал жанрлардын бири. Мына ошол сезим сырларынын кереметин поэзия кылдары аркылуу күүгө салган акындардын бири – Эсенгул Ибраев. Э.Ибраевдин чыгармачылыгы тууралуу сөз кылуу бир караганда абдан татаал, анткени Эсенгул Ибраев – акын, сатирик, лирик, балдар акыны жана публицист. Дүйнөлүк адабияттын айдыңына саресеп салсак, коомдук турмуштагы жана жеке адамдын турмушундагы терс жактарды аёсуз сынга алган сатира жанры антикалык доордон бери карай өнүгүп келе жаткандыгына күбө болобуз. Ушунун өзү эле сатира жанры адам турмушун көркөм чагылдыруунун маанилик ыкмаларынын бири экендигин айгинелейт. Биз акындын сатира жана тамсилдерине талдоо жүргүзүп көрүүнү чечтик. Э. Ибраевдин сатира жанрына кайрылып калуусуна, ага биринчиден, табият энчилеген талант, шык себеп болсо, экинчиден, өзү иштеген «Чалкан» журналына өндүрүштүк практикага барып, ал жерден белгилүү куйкум сөз зергерлери А.Убукеев, М.Алыбаев, М.Турсуналиев, Ж.Алыбаев жана башкалар менен бирге иштешип калышы да чоң түрткү болгон. Акын акыл кайрагынан курчуп чыккан сатираларын жаратыптыр, ал сатиралар ошол мезгилдин тарых барагында гана из калтырбастан, эмнегедир ал чыгармалардын айрымдары бүгүнкү күндүн күүсүн таасын чертип тургандай. Ошондуктан Э.Ибраевдин чыгармаларынын лингвопоэтикасын талдоого алууну максат кылдык.

**Ачкыч сөздөр:** Лингвопоэтика, поэзия, сатира, табият энчилеген талант, көркөм сөз каражаттары.

# БАЛДАРГА ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ДРАМАНЫН РОЛУ

**Асаналиева Кыял Айбашовна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
kyyal.asanalieva07@gmail.com

Орто мектепте окуучуларды асыл идеяларга, жогорку моралдык сапаттарга, жакшы менен жаманды айырмалай билген адеп-ахлактыкка, гумандуулукка, бийик аң-сезимдүүлүккө карата адаттарды тарбиялоого, турмушту таанып-билүү касиетин өстүрүүгө, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүүгө, сынчыл ойлоно билүүгө карата таалим-тарбия берүүдө драманын ролу зор. Адабияттын аталган башка тектеринен драманын айырмасы ал, эреже катарында сахнага коюуга арналат. Драма сахнасыз, андан ажырап жашай албасын өз убагында Аристотель да айткан экен. Анын оюу боюнча бул жанрдагы чыгарманын негизги бөтөнчөлүгү драманын мазмунун адамдардын жандуу кыймыл-аракети, сөзү, жандоолору түзгөнүндө. Буга байланыштуу драма бир нече сүрөттөрдөн, көрүнүштөрдөн турат. Ошондуктан улуу жазуучу Н.Гоголдун сөзү менен образдуу айтканда, “драма сценада гана жашайт, ансыз ал жансыз денеге окшош” Драмалык чыгармалардагы каармандар эки жактуу жашайт: пьесаны окуганы боюнча окуучу тигил же бул каарманды элестетет жана драмадагы каарманды актёрдун сценада алып чыгып ойногону боюнча жашайт. Сценалык искусствосуз драма толук кандуу боло албайт, сценалык чыгарманы маани мазмунун түшүнүш үчүн аны окуп чыгуу жетишсиз, аны түшүнүш каармандын кыймыл-аракетин көрүп, сөзүн угуу керек. Ошондо гана “драмалык ой жалаң гана сценада өзүнүн акыркы формасына эгедер болуп, автор өз алдына кандай моралдык максат койгонун көрүүчүгө жеткире алат”. Жакшы актер-драманы эң сонун айтып берүүчү артист өз оюнан бир сөз кошпосо да, сценада жакшы ойнолгон оюн ошол драма боюнча айтылган ар кандай кеңири сынга караганда бизге алда канча бат, алда канча кеңири түшүнүк берет. Орто мектептин жогорку класстарында беш драма окутууга сунуш кылынган “Жаңыл Мырза”, “Каныбек”, “Атанын тагдыры”,“Өлбөстүн үрөнү”, “Бийик жерде”, “Курманбек” жана музыкалык драмалар “Ажал ордунда”, “Алтын кыз”. Жогоруда аталган драмалык чыгармаларды класста талдоодон мурда окуучулар аларды сөзсүз театр сахнасынан көрүшү керек. Жыйынтыктап айтканда, аталган маселелерди тарыхый планда иликтөө жана драма жанрын окутуунун заманбап технологиясын сунуш кылуу, албетте, аталган илимдин алгалашына олуттуу салым кошо алат.

**Ачкыч сөздөр**: драма, концепция, психологизм, тарых, актер, сцена, адеп-ахлак, адабият, көркөм чыгарма.

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНДАГЫ ТЫЮУЛАРДЫН ОРДУ

**Мурзакметов Абдымиталип**
Ош мамлекеттик университети

Адатта аалым педагогдор жаш баланы ак кагазга салыштырып, ага эмне жазылса, кийин ошондой мазмунга ээ болорун айтып калышат эмеспи. Кыргыздардын бул багыттагы көз карашын чагылдырган айрым бир, мисалы, «Баланын тарбиясы жашынан, катындын тарбиясы башынан» сыяктуу макалдары теориялык деңгээлге жетпесе да, бала тарбиялоого олуттуу көңүл бөлүнгөндүгүн көрсөтөт. Өзүнүн далай кылымдык тарыхында элибиз балага тарбия берүүнүн абдан кылдат, эң бир майда-чүйдө маселелерине чейин маани берип, улуттук өзгөчө тажрыйбага ээ болушкан. Ага биз сөз кылмакчы болгон кыймыл, ишаратка байланыштуу тыюулар далил боло алышмакчы. Азыркы кезге чейин турмушубузда босогодо туруп учурашууга, узакка турууга карата тыюу жашап келет. Эмне үчүн? Бул анын жайгашуу ордуна байланыштуу десек жаңылышпайбыз. Эгерде үйдүн эң сыйлуу оруну төр болсо, анын карама-каршысы - босого. Демек, ал кадыры, урматы жок адамдын орду. Эл арасынан алган маалыматыбыз боюнча илгери жетим балдар багар-көрөрү жок экенин, кардынын ачтыгын билдирүү үчүн бирөөнүн үйүнө келип, босогосун кулачтап туруучу экен. Ошондо үй ээлери баланын абалын түшүнүп, бир сындырым нан же арткан оокатын берип узатып коюшчу дейт. Мындан улам балдарды дайым «босогодо отурба», «босогону кулачтаба», «босогону баспай, оң бутуң менен аттап кир» деп тескеп турушкан. Бирок мындай сөз жүзүндө айтылган тыюулардын маанисин билмейинче балдарга таасир этпей коюшу мүмкүн болгондуктан, «босогодо турба, кедей болосуң», «босогодо туруп бой кербе, бою өспөй калат», «босого менен бойлошпо, боюң менен тең кар жаайт» дегендей таасир этчү эскертүүлөрдү кошумчалаган. Бала жаагын таянбайт, бул да санаа тартуунун, аза күтүүнүн белгиси катары каралат. Үшкүрбөйт, үшкүргөн баланы «көйнөгүңдү уй жегир» деп тилдейт. Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган «Жетим менен сыйкырчы» жомогунда «Өөх!» деп үшкүргөн кемпирдин баласын сыйкырчыга алдырып, аны кайтарып алуу үчүн канча азап тартканы үшкүрүккө карата элдик мамилени көрсөткөн.

**Негизги сөздөр**: Элдик педагогика, таалим-тарбия, бала тарбиялоо, тыюу

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАРАНДЫК КООМДУН ШАРТЫНДАГЫ АДЕП-АХЛАКТУУЛУК

**Акматалиев Асанбек Тургунбаевич**
ОшТУнун академик Б.Мурзубраимов атындагы эл аралык
Өзгөн технологиялык жана билим берүү институту
akmataliev.asanbek@mail.ru

Кыргызстанда жарандык коомду түзүүнүн татаалдыгы биринчи кезекте өнүккөн демократиянын атрибуту болуп саналган жана демократиялык формалардан тышкары мүмкүн болбогон жарандык коом кыргыз коомунда терең модернизациялык кайра курууларды талап кылгандыгы менен шартталган. Башкача айтканда, модернизация саясий институттарга, мамилелерге эле эмес, бүтүндөй маданиятка, анын негиздерине жана аны менен бирге өзүнүн табияты боюнча бир топ татаал өзгөрүүгө дуушар болгон моралга, этикага, адеп-ахлактуулука да таасирин тийгизип, тышкы шарттардын өзгөрүшүнө караганда, акыркылардагы өзгөрүүлөр сөзсүз түрдө коомдук мамилелердин жана адеп-ахлактуулуктун бүтүндөй комплексинин тигил же бул өзгөрүшүнө алып келет. Идеологиялык негизин кужүрмөн атеисттик идеология түзгөн Совет мамлекети коомдук аң-сезимден диний дүйнөгө көз караштЫ жок кылуу үчүн колунан келгендин бардыгын системалуу жана максаттуу түрдө жасады. СССРдин кулашы жана коммунисттик идеологиянын кыйрашы коомдун жана мамлекеттин турмушунда диндин ролунун кайра жаралышына жана олуттуу өсүшүнө алып келди, бул пайда болгон идеологиялык боштукту тез арада толтурду. Салттуу коомдун элементтери сезилерлик деңгээлде сакталып калган мамлекеттерде диндин ролу өзгөчө күчөдү. Дин конкреттүү индивиддердин дүйнө көз карашынын маанилүү бөлүгү болгон дүйнө көз караштын формасы гана болбостон, көптөгөн жакшы жактарын камтыган салттуу баалуулуктарды, салттуу адеп-ахлактуулук аң-сезимди сактай ала турган каражат болуп калды. Кыргыз этносу эле эмес, кыргыз коомундагы коомдук мамилелердин бардык спектрин аларды либералдаштыруу жана өнүккөн жарандык коомду түзүү багытында трансформациялоонун зарылчылыгы жогору, бирок актуалдуу багыт болуп саналып, кайра түзүүлөр, алардын мүнөзү жана ыргактары чындыгында атайылап күч-аракеттер менен эмес, ички жана тышкы шарттар менен кырдаалдардын татаал комплекси менен аныкталат. Ал эми эң маанилүү ушундай тышкы шарттар менен жагдайлардын бири – тарыхый себептерден улам өзүнө мүнөздүү институттар жана баалуулуктар менен дүйнөнүн батыш моделинин жайылышына шарт түзгөн ааламдашуу процесси саналат.

**Негизги сөздөр**: жарандык коом, локалдуулук, адеп-ахлактуулук, аң-сезим, инфраструкта, мамлекет, урбанизация, локалдуулук, индивид, реформация.

UMEK-2022

# САНАРИПТИК ДООР ЖАНА САНАРИПТИК ФИЛОСОФИЯНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Сооронбаева Чолпон Кабыловна**
cholpon_2011@mail.ru
**Боконтаева Джаныл Кеңешевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
kjanyl77@gmail.com

Санариптик маалыматтык технологиялардын өнүгүшүнө байланыштуу маалыматтын интенсивдүү өсүшү адамдын социалдык жана экзистенциалдык статусун, реалдуу жана виртуалдык коммуникация практикасынын менен аныкталуучу идентификация процесстерин түп тамырынан бери өзгөртөт. Чыныгы мамилелерди татаал технологиялык системалар ортомчу мамилелери алмаштырат. Байланыш өзү өзгөрөт, ал технологиялык объект менен аныкталат, ал өзгөчө мейкиндик-убакыт касиеттери бар онтологиялык объектке айланат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири жаңы карама-каршылыктарды жана чектөөлөрдү жаратат. Биринчиден, маалыматтык адамдын өзгөчөлүгү, ал виртуалдык реалдуулуктун субъектиси гана эмес, анын санариптештирилген элементи болуп саналат. Инсан маалыматтык системага анын өз ара аракеттенүү мейкиндигине кирет, бул анын жашоо образын да социалдык реалдуу формаларда өзгөртөт. Бир жагынан, ал өзүн көрсөтүү, өз тагдырын өзү аныктоо үчүн дээрлик чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ. Адам индивидуалдуулукту, чыныгы социалдык-маданий чөйрө менен байланышты жоготуу коркунучтары бар. Эркиндик элес болуп, эркиндиктин жоктугунун көз карандылыктын, баш ийүүнүн жаңы түрлөрүнүн көрүнүшү жаралат. Экинчиден, адамдын инсандыгын санариптештирилген бирдикке чейин кыскартуу реалдуу социалдык мейкиндиктин жана реалдуу социалдык практиканын артефакттарында камтылган социалдык-маданий мурастар менен чектелет. Үчүнчүдөн, адам өзүнүн биологиялык маңызынан улам жаратылышка чөмүлгөн. Демек, санариптик өзүн-өзү көрсөтүү процессинде анын физикалык жана виртуалдык өлчөмдөрүнүн ортосунда карама-каршылык бар. Төртүнчүдөн, инсандын бар болушунун коомдук жана жеке векторунун ортосундагы сызык бүдөмүк болуп, экзистенциалдык туруксуздукту жана белгисиздикти пайда кылат. Кибер чөйрөнүн таасири астында адамдын жашоо образы түп-тамырынан бери өзгөрүүдө. “Коомдук адам” “маалымат адамына” айланат. Болмуштун маалыматтык режими анын реалдуу социалдык мейкиндиктеги болушун да өзгөртөт. Коомдук аракеттин жана коммуникациянын агенттеринин субъективдүүлүгүн түзүү перспективаларын түшүнүү адамдын кайра жаралуусунун багыттарын аныктоого да, коомдун өнүгүү тенденцияларын аныктоого да мүмкүндүк берет. Карап чыгуунун бул перспективасында өзгөргөн субъекттин жаңы коммуникативдик практикасынын процессинде түзүлүүчү социализмдин өнүгүүсүнүн жалпы траекториясы көрүнөт.

**Ачкыч сөздөр:** санарип, технология, виртуалдык дүйнө, маалымат мейкиндиги.

# TEACHING AMERICAN INDIAN STORIES

**Cholpon Naymanova**
Kyrgyz-Turkish Manas University
cholpon.naymanova@manas.edu.kg

Teaching American Indian Stories is aimed at acquainting students with history, traditions and culture of the American Indians through their legends, myths, folklore which include various stories including Creation and Culture Hero/Trickster Stories, Stories of Explanation, etc. The American Indian stories have some purposes like explaining the workings of the natural world; explaining how human lives came to exist; supporting their customs; explaining genesis of modern tribalism of the American Indians; etc. American Indian stories emphasize the need for harmony, order, cooperation, and evoke the strongest feelings. These stories are meant to teach a moral lesson or to amuse people. The paper is devoted to American Indian Stories and the ways of teaching them. In teaching this course it is vital to possess strong critical thinking and writing skills. We (teachers) are to challenge students in our classes to develop critical thinking and writing skills. Besides while reading these stories students' attention should be paid not only to the content but to their structure and style as well, including play of words and metaphors, similes, personification, irony, oxymoron and other stylistic devices.

**Keywords**: Teaching, education, teaching with stories, students

# БИЛИМ БЕРҮҮ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ЭПИСТЕМОЛОГИЯСЫ

**Сооронбаева Чолпон Кабыловна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
cholpon_2011@mail.ru

Платондон баштап философия дайыма билимге, педагогикалык теорияга жана практикага бурулуп келген. Узак убакыт бою ал «улуу философтордун» ойлогон системаларынын ажырагыс бөлүгү болгон. 20-кылымдын 1-жарымында билим берүү философиясынын калыптануу жолу болуп фундаменталдык философиялык принциптерди билим берүү реалдуулугуна колдонуу жана аны ушул принциптердин негизинде кайра карап чыгуу саналат. Билим берүү философиясы – билим берүүнүн табиятына жана максаттарына, билим берүүнүн теориясы менен практикасынан келип чыккан философиялык проблемаларга тиешелүү прикладдык же практикалык философиянын тармагы. Бул практика адамзат коомдорунда жана алардын ортосунда кеңири таралгандыктан, анын социалдык жана жеке көрүнүштөрү өтө ар түрдүү жана анын таасири абдан терең болгондуктан, бул суроо кеңири, этика жана социалдык - саясий философия, гносеология, метафизика, ой философиясы жана философия маселелерин козгойт. Билим берүүнүн философиясынын алкагында келечектүү багыттарды аныктоого болот. Биринчиси – билим берүүнүн онтологиясы, анын объектиси – бул концепциянын бардык көп аспектилериндеги билим берүүнүн мазмуну, ар кандай философиялык-педагогикалык системалардагы билим берүүнүн мазмуну жөнүндөгү көз караштардагы айырмачылыктар, билим берүүнүн жалпы түшүнүктөрүн жана категорияларын калыптандыруу. билим берүүдөгү кубулуштарды жана процесстерди изилдөө. Экинчи багыт – билим берүүнүн аксиологиясы, анын изилдөө объектиси – инсандын билимге болгон баалуулук мамилеси, айлана-чөйрөгө болгон баалуулук мамилеси, анын которулушу билим берүүнүн иштешинин мазмуну. Үчүнчүсү – педагогикалык аң-сезимдин жана педагогикалык билимдин феноменин билимди, анын мүмкүнчүлүктөрүн, формаларын жана ыкмаларын, анын иштөө шарттарын атайын педагогикалык чечмелөө процесси катары изилдеген билим берүү гносеологиясы. Билим берүү философиясы  жалпы көйгөйлөрдү биргелешип чече баштаса, анын идеялары технологиялык жактан педагогика менен байланышып, мазмунуна, окутуу усулдарына киргизилсе, кеңири изилдөө чөйрөсүнө ээ боло алат.

**Ачкыч сөздөр:** Билим берүү,  гносеология, эпистемиология, онтология, метафизика, педагогика.

# ПСИХОЛОГИЯНЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУДА ТЕРМИНДЕРДИ ҮЙРӨТҮҮНҮН ЗАРЫЛДЫГЫ ЖАНА АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

**Ысакова Мавлюда Айтматовна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
marinaisakova75@mail.ru

Бул макалада студенттерге психологиялык терминдерди атайын үйрөтүү зарылдыгы жана аны ишке ашыруу ыкмалары каралат. Азыркы кезде ааламдашуу процесси, маалыматтардын тез алмашуу мүмкүнчүлүгү эне тилибизге чет элдик терминдердин өтө көп киришине ыңгайлуу шарттарды түздү. Тилибизге кирип жаткан андай жаңы терминдер, түшүнүктөр тилдин өнүгүшүндөгү  мыйзам ченемдерге ылайык жаны сөздөр аркылуу туюнтулат. Жаңы сөздөр, терминдер тилдин лексикасын байытат. Башка илимдер сыяктуу психология илими өзүнүн терминологиялык системасына ээ. Кыргыз тилинин психологиялык терминдери тилдик ички жана сырткы булактардын базасында түзүлгөн жана бул процесс дале уланып жатат. Бирок азырга чейин Кыргызстандын жогорку жана орто педагогикалык окуу жайларында психологиялык терминдерди колдонуу бирдиктүү  жана ыраатуу системага түшө электигинен студенттер үчүн психологиялык дисциплиналарды үйрөнүүдө бир топ кыйынчылыктар жаралат. Ал төмөнкүлөр менен байланыштуу. Адамдын ар бир жасаган кыймылы, аракеттери, жүрүм-туруму, ишмердүүлүгү белгилүү жүйөнүн таасиринде гана пайда болот. Психологияны кыргыз тилинде окутуудагы мындай абал, албетте студенттердин психологиялык дисциплиналарды жана психологиялык терминдерди өздөштүрүүсүнө өзүнүн терс таасирин тийгизет жана студенттерде чаташууларды пайда кылат.

**Негизги сөздөр**: Жүрүм-турум, терминология, термин.

UMEK-2022

# МАХМУД КАШГАРИНИН «ДИВАН ЛУГАТ АТ-ТҮРК» СӨЗДҮГҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ


**Джунушалиева Гульгакы Джайчиевна**
КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
g.dj.1972@mail.ru



Учурда билим берүү системасынын окуу программалары гуманитардык мүнөздөгү баалуулуктар менен толукталууда. Студенттерге жана окуучуларга Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүн педагогикалык маанисин окутуп үйрөтүү аракети сөздүктүн коомдогу орду жөнүндө түшүндүрө билүүнүн зарылчылыгынан келип чыгат. XI-кылымда түрк уруулары – борбордук Азияда, түштүк Сибирде улуу көчтүн баштоочулары болушту. Ошол учурда Евразия мейкиндигинин руханий феномендеринин бири «Диван лугат ат-түрк" сөздүгү жаралды. Орто кылымдарда жаралган теңдеши жок бул сөздүк азыркы баардык түрк элдерине таандык орток мурас. Түрк тилдерин өзүнчө тилдерге жана тилдер топторуна бөлүштүрүүнүн алгачкысы М. Кашкаринин китебинен башталган. Анын тили – бизден миң жылдан ашык аралыкты бөлүп турган тил. Биз жаш муундардын көңүлдөрүн орто кылымдын рух көрөңгөсүнө буруп, ага карай салыштырма ыкма аркылуу энциклопедиялык эмгектеги келтирилген тарыхый фактыларды билүүгө тарбиялообуз зарыл. *Өткөн менен учурду талдап, келечекти көрө билүү – бул даанышмандык* деп бекеринен айтылбаса керек. Сөздүктө фонетикалык материалдар, лексикалык каражаттар, жалпы грамматика, макал-лакаптар, ырлар, тексттер ж.б. комплекстүү педагогикалык маанидеги идеялар камтылган. Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүнүн педагогикалык өңүттө изилдөө, анын дүйнө цивилизациясындагы ордун тактоо илимде, агартуу, тарбиялоо жаатында да зор мааниси бар маселе. Кыргыз жана түрк дүйнөсүнүн тарыхын таанып, илимге, билимге умтулууну, келечек үчүн орток баалуулуктарабызды унутта калтырбай, кайрадан аны мурдагы доордогудай жандандырып үйрөтүү биздин милдетибиз.



**Ачкыч сөздөр**: Махмуд Кашкари, сөздүк, педагогика, орто кылым, жаш муун, тарбия, илим, агартуу, орток мурас, түрк дүйнөсү.

# ЖАШ МУУНДАРДЫ АДЕП - АХЛАККА ТАРБИЯЛООНУН СОЦИАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ

**Жалилова Самара Баймуратовна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
zhalilova1978@gmail.com

Бул макалада кыргыз элинин жаш муундарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо тажрыйбалары талдоого алынат. Кылымдарды карытып кырындыдан чогулган бул кудурети күчтүү руханий дараметти ата-бабалар жаш муундарды тарбиялоодогу туура багытты көрсөтүүчү алтын казык жылдызындай ориентир алгандыгынын натыйжасында гана кыргыздар Ата-Журт үчүн кашык канын аябаган атуулдук, адал эмгеги менен элдин жүгүн көтөргөн ак ниеттик, кара кылды как жарган калыстык, ата салтты сактаган нарктуулук, кең-пейилдүү жоомарттык, ыйманы аруу адептүүлүк абийири күчтүү намыскөйлүк өңдүү адамдык асыл касиеттерди ыйык туткан жоокер, маданияттуу даанышман элге айланган. Бул жараян же коомдун жалпы кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, же коомдогу кээ бир топтордун кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, биринчиден жаш муундардын рухий жана дене жагынан өсүп жетилүүсүн, экинчиден, алардын жүрүм-турум эреже, нормаларын белгилүү нукка сала турган көз караштарынын, коомдук ишенимдеринин калыптануусун, үчүнчүдөн, алардын коомдук, өндүрүшкө жана коомду турмушка тигил же бул формадагы даярдыгы менен катышуусун камсыз кылат. Башкача айтканда тарбия-инсандын калыптануусун уюштуруу жана башкаруу жараяны болуп эсептелинет. Адептүүлүк тарбиясы - аң-сезимдүүлүк. Мындай ишмердүүлүктүн негизги өзгөчөлүгү белгилүү бир натыйжалуулукту камсыздаган, максатка умтулгандык. Адам өмүр бою тарбияланып такшалат, ошентсе да, тарбиянын башаты, жүрүш-туруштун тигил же бул эрежелерине калыптануусу негизинен балалык, өспүрүм кезинен башталат. Мезгил өткөн сайын бул адат өркүндөп өрчүй берет.

**Негизги сөздөр:** Адеп тарбиясы, тарбия, адеп-ахлак, эстетикалык тарбия

# ОСОБЕННОСТИ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО РАЗВИТИЯ ЛИЧНОСТИ СРЕДСТВАМИ ИНДИЙСКОЙ СУБКОНТИНЕТНОЙ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ

**Ткачёва Светлана Анатольевна**
tkacheva@iksu.kg

**Ахмад Насир**
Иссык-Кульский государственный университет имени К.Тыныстанова
ahmad-nasir@mail.ru

Изменения в политике, экономике культуре, межнациональных отношениях, религии в конце XX - начале XI века вв. породили глубокие противоречия в обществе, которые привели к глубокому кризису в воспитательном пространстве современного общества. Народная педагогика формирует полноценные качества личности средствами пословиц и поговорок. Например: пословица предостерегает молодых людей от позора, трусости и предательства. Ведь трусы и предатели — презренные враги Отчизны: «ghar kaa bhedii lankaa dhaae» — «Нет хуже огня, чем вышедший изнутри; нет хуже врага, чем вышедший из своей среды». В мудрых заповедях народной педагогики индии особое место отводится воспитанию у детей дружественного отношения к людям. В духовно-нравственном воспитание подрастающего поколения одной из задач родителей является воспитание детей в традициях гостеприимства (меймандостук mehman navazi), которое считается главным долгом и честью для индусов в прошлом и в настоящем. Стремление воспитать духовно-нравственные качества подрастающего поколения в процессе общения и через общение отражается во многих пословицах и поговорках. Например: “ sheeri’n zuban, dushaman ko dhaha de” — “Нежными словами и змею можно выманить из норы”, “ jesi maan, wesi beti” — “Каков старший брат, таков и младший — какова старшая сестра, такова и младшая”. Эти и другие пословицы выполняя духовно-нравственную и этнокультурную воспитательную функцию, социализируют подрастающее поколение в духе народных традиции культуру общения и формирует личность как представителя своего народа. Опираясь на выше изложенное, мы отмечаем, что огромный потенциал семейного воспитания отражается в индийской этнопедагогике. Таким образом, народная педагогика заключает в себе знания воспитательного процесса, укоренившиеся в культуре народа и способствующие наилучшему развитию и становлению личности в новом социокультурном пространстве.

**Ключевые слова:** нравственная культура, народная педагогика, этнокультура, идеал, мировоззрение личности.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

**Курманалиева Чолпон Албановна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
Kurmanalieva00@bk.ru
**Алмазбекова Аделина Алмазбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
Adel@mail.ru
**Бейшембиева Насыят Камчыбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
naskabeu@gmail.com

Бүгүнкү күндө ар бир мугалим окуу-тарбия процессин өркүндөтүүнүн, окуучулардын кызыгуусун арттыруунун эффективдүү жолдорун издөөдө. Баланын сабакта аткарган иш-аракети ал үчүн олуттуу болбосо, зеригип, кайдыгер болсо, анда ал сабакта өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтө албайт. Балдарды билимге үйрөтүү – ар бир мугалимдин эң маанилүү милдети. Окуучу өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жаратуучусу болууга тийиш. Мугалимдер окуу-тарбия процессин бала аракет кылып, кичинекей кыйынчылыктарды жеңип, натыйжаларга жетише тургандай курат, ошондо анын окуудагы ролу активдүү болуп, натыйжасы жемиштүү болот. Мектептин негизги максаты-мектепке инновациялык жана компьютердик технологияларды киргизүү аркылуу окуучулардын өз алдынча изденүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, окуу процессинде турмуштук маселелерди чечүү көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, окуучулардын интеллектуалдык, таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окуу чөйрөсүн түзүү. Заманбап педагогикалык технологияларды мектепке киргизүү аркылуу окуучулардын чыгармачылык, таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окуу чөйрөсүн түзөт. «Педагогикалык технология» түшүнүгү «окутуунун методикасы» түшүнүгүнө караганда кеңири маанини билдирет. Технология окутуунун максаттарына жетүүнү жана процессти башкарууну кантип жакшыртуу керек деген суроого жооп берет. Технология алдын ала пландаштырылган окуу процессин практикада ырааттуу ишке ашырууга багытталат. Педагогика илиминде жана практикасында белгилүү болгон бардык технологиялар жалпыланган формада Г.К.Селевко тарабынан системалаштырылган. Башталгыч класстын окуу-тарбия процессине педагогикалык технологияларды колдонуу мугалимдерди, окуучуларды руханий-адептик жактан өнүктүрүүгө, тарбиялоого (инсандык натыйжаларга); билим берүү предметтеринин мазмунун өздөштүрүүгө (предметтик натыйжаларга); универсалдуу окуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга (мета-предметтик натыйжаларга) багыт берет. Бүгүнкү күндө окуучулар үйдө да, мектепте да компьютердик техника менен курчалган заманда болгондуктан окуу процессинде аларды активдүү колдонуу аркылуу окуу материалын кызыгуу менен үйрөнө алат.

**Ачкыч сөздөр**: заманбап педагогикалык технологиялар, оюн технологиялары, инсанга багытталган окутуу технологиялары

**ПСИХОСОМАТИКАЛЫК БУЗУЛУУЛАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

**Мамарасулова Элвира Ташмурзаевна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Kasymbekovaaruuna@gmail.com

Бул макалада адамдагы психосоматикалык бузулуулардын психология жана медицина илимдериндеги изилденүү абалдарына теориялык талдоолор жүргүзүлгөн. Азыркы адамдын жашоосу эмоционалдык окуяларга бай. Жашоо деңгээлинин төмөндөшү, кадимки стереотиптердин бузулушу, мамлекеттеги оор социалдык-экономикалык кырдаал – ушунун бардыгы бизди туруктуу психикалык стрессте, стресс абалында болууга мажбурлайт. Адамдар аралык чыр-чатактар, таарынычтар, ашыкча жоопкерчилик, чечимдерди кабыл алуу зарылдыгы жана күчтүү сезимдер дагы психологиялык стресстин өнүгүшүнө шарт түзөт. Психосоматикалык оорунун бирден-бир себеби стресс деп эсептөө жаңылыштык. Ар кандай тукум кума оорулар, айрым органдардын алсыздыгы жана стресстик реакциялар ден-соолукка стресстин зыянын көбөйтөт. Адамдын инсандыгы дагы маанилүү. Изилдөөлөр көрсөткөндөй ар кандай психосоматикалык оорулар система катары адам денесинин касиети болуп саналат. Ал адамдын психикалык же физиологиялык (анын ичинде тукум куума) касиеттеринен өзүнчө чыгарылбайт, аны кандайдыр бир подсистеманын–психикалык же соматикалык касиеттерин изилдөө менен түшүндүрүүгө болбойт. Ушул подсистемалар менен айлана чөйрөнүн өз ара аракети гана организмдин психосоматикалык оору катары аныкталган жаңы абалын шартташы мүмкүн. Ушул байланыштарды түшүнүү гана пайда болгон ооруга, анын ичинде психотерапия ыкмалары менен натыйжалуу таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, психосоматикалык оорулардын патогенезин заманбап түшүнүүдө алардын мүнөзүн түшүндүрүүдө көп факторлуулук таанылат. Психосоматикалык ден-соолук көйгөйүнүн маңызы жөнүндөгү заманбап идеялар бузулуулардын биологиялык деңгээлине (соматикалык симптомдор жана синдромдор) жана ошондой эле ролдук позициялардын, баалуулуктардын өзгөрүшү менен пациенттин иштешинин социалдык деңгээлине таасир этүүчү өзгөрүүлөрдүн бардык комплексин эске алууну камтыйт.

**Негизги сөздөр:** психосоматика, стресс, коргонуу реакциясы, дене түзүлүш, нейротикалык чыр-чатак.

# «ЭТНОПЕДАГОГИКА - АТА САЛТЫБЫЗ, АНЫН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ МААНИСИ»

**Матаева Гулжан Жунусовна**
Баткен мамлекеттик университети КГПИ
gmataeva75@mail.ru

Эмгекте автор этнопедагогиканын кыргыз элине болгон үрп-адат, каада салттарын жана педагогикадан айырмасын ачып берүүгө аракет жасайт. Этнопедагогика адам коому пайда болгондон баштап эле жашап келет. Анын айрыкча уруу уруктарда колдонулгандыгын белгилөөгө болот.Урууларда аксакал карыялардын орду, бала тарбиялоо ,баланы багуу жана баланы багууга үйрөтүү жөнүндөгү түшүнүктөр жана насааттар муундан муунга калтырылган. Андан кийинки муундагы уруулар эл болуп каалгаларды куруп , үй-бүлө менен коомдошуп жашашкан. Демек, мында этикалык маданияттын өсүшүнө ылайык этнопедагогикалык билимдер орундалган деп болжолдоого болот. Этнопедагогиканын негизинде бир катар алгачкы бала тарбиялоого маанилүү болгон тарыхый окуялар жөнүндө маалыматтар берилет.Этнопедагогикалык тарбия берүү – бүгүнкү күндүн талабы. Этнопедагогиканын негизинде бир катар алгачкы бала тарбиялоого маанилүү болгон тарыхый окуялар жөнүндө маалыматтар берилет.Этнопедагогикалык тарбия берүү – бүгүнкү күндүн талабы.

**Ачкыч сөздөр:** элдик педагогика, этнопедагогика, тарбия, үрп-адат.

# ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТ БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООНУН КОМПОНЕНТИ КАТАРЫ

**Маткасымова Минавар Осмоновна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
minavarm68@gmail.com

Кыргызстандын билим берүү системасы заманбап жашоонун тез темпине туруштук берүү үчүн күрөшүп келет. Ошону менен бирдикте кесиптик билим берүү өз доору койгон талаптардан ар дайым артта калып келе жаткандыгын көрсөтөт. Мындай абал орчундуу негативдик мааниге ээ. Анткени, билим берүүнү модернизациялоо маселелери ар заман мугалимдин кесиптик даярдыгынан көз каранды болуп келген. Бул өңүттө азыркы мугалим билим берүүнүн сапатын өнүктүрүүнүн кепилдигине айланыш үчүн технологиялык маданиятка ээ болушу зарыл деп эсептейбиз. Технологиялык маданиятты өздөштүрүү процессинде болочок мугалим өзүнүн кесиптик даярдыгынын сапатына, окуучуларды даярдоонун сапатына баа бере алышы зарыл. Педагогикалык технология – бул практикада ишке ашырылган белгилүү бир педагогикалык системанын долбоору (В.А. Беспалько); педагогикалык максаттарга жетүү үчүн колдонулган бардык логикалык окутуу ыкмаларынын жана методикалык каражаттарынын системалуу жыйындысы жана иштөө тартиби (М.В.Кларин); максаттарга ылайык билимди, көндүмдөрдү жана мамилелерди калыптандыруу жана контролдоо боюнча операциялардын комплекси (А.К. Колеченко); балага чыныгы мугалимдин өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылган прикладдык илимий педагогикалык дисциплина (Н.Е. Щуркова); билим берүүнүн формаларынын, ыкмаларынын, ыкмаларынын, каражаттарынын социалдык комплексин жана биримдигин аныктаган психологиялык-педагогикалык көрсөтмөлөрдүн жыйындысы (Б.Т.Лихачев). Заманбап мугалимди даярдоо өзүнүн окуучуларын кесиптик тандоонун диагностикалык жол-жоболорунда багыт ала тургандай, алардын профессионалдык ылайыктуулугун аныктай ала тургандай, мектеп бүтүрүүчүсүнүн карьералык өсүүсүн алдын ала ала тургандай, келечектеги иш-аракеттерин долбоорлой жана пландай ала тургандай болууга тийиш. Мугалимдин технологиялык маданияты – бул педагогикалык баалуулуктардын, технологиялык чеберчиликтин (педагогикалык техника жана педагогикалык технология) динамикалык системасы жана мугалимдин чыгармачылык индивидуалдуулугу. Бул системанын структурасында педагогикалык кызмат орду жана кесиптик жана жеке сапаттар, технологиялык билим жана педагогикалык ой жүгүртүү маданияты, технологиялык чеберчилик сыяктуу компоненттерди бөлүп көрсөтүүгө болот.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класс, мугалим, педагогикалык технология маданият, калптандыруу.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН БААЛУУЛУК БАГЫТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЫРГЫЗ ЭЛ ОЮНДАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫ

**Кушчубек кызы Ширин**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
shirin_kushchubekova@mail.ru

Мектепке чейинки балдардын баалуулук багыттарын калыптандыруу маселелерин чечүү үчүн ар кандай педагогикалык каражаттар пайдаланылат, биринчи кезекте, бул – көркөм адабият каражаттары, тарбия берүүнүн көргөзмө каражаттары, ошондой эле ар кыл оюндар, анын ичинде элдик (улуттук) оюндарды да айтууга болот. Көп түрдүү балдар оюндарынын ичинен биз элдик оюндарды тандап алдык. Элдик оюндар баланын калыптануусунда жана өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт, баланын элдик маданиятка аралашуусунун, руханий тарбиялануусунун, жалпы адамзаттык баалуулуктарынын калыптануусунун каражаттарынын бири болуп саналат. Элдик оюнда элдин жашоо образы жана өз алдынчалыгы, анын тарыхы, колорити жана улуттук-маданий жана этникалык салттары ачык таасындалган (Анаркулов Х.Ф., 1991; Рахимова М.Р., Панкова Т.В., 1993; Алимбеков А., 1996; Уметов Т.Э., 2006). Жогорку топтогу мектепке чейинки балдардын артыкчылык берилген баалуулук багыттуулуктарын иликтөөгө алууда алар үчүн достук (жолдошчулук), жакшылык, билим (акыл), ден соолук, эрдик, эмгек эң маанилүү экенин көрсөттү. Аталган баалуулуктардын жыйындысы тийиштүү баалуулук багыттуулуктарды калыптандырууга өбөлгө түзүүчү кыргыз эл оюндарын тандоого мүмкүндүк берди:

- *Достук (жолдошчулук):* Ак терек, кок терек; Көз танмай; Жолук таштамай; Алтын дарбаза; Алтын шакек;
- *Жакшылык:* Токту сурамай; Ит жалатмай; Чий курчак жана Чупурөк курчак.
- *Билим (акыл):* Беш манжа; Беш таш; Чатраш; Чонтек.
- *Эрдик:* Кол курөш; Кызыл короз, ак короз; Бүркүт тумшугу (Клюв беркута); Аркан тартыш.
- *Эмгек:* Бакчачы; Топу басмай; Уйчу.

Ошентип, азыркы учурдагы мектепке чейинки тарбия берүүдө аксиологиялык мамилени ишке ашыруу, инсандын адамдык сапаттарын актуалдаштыруучу элдик оюндарды пайдалануу менен инсандын этномаданий окшоштугун кеңейтүү аркылуу ишке ашат деген жыйынтык чыгарууга болот.

**Негизги сөздөр**: Билим берүү, тарбия, мектепке чейинки билим берүү, баалуулуктар, элдик педагогика

UMEK-2022

# “СЕМЕТЕЙ” ЭПОСУНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМ

**Толубаева Чолпон Дерденбаевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
tolubaeva.1975@mail.ru

Көркөм адабияттын башкы милдети адамды изилдөө болгондон кийин мейли эпостук чыгарма болсун андагы каармандардын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун изилдөө психологизм маселесине байланыштуу каралат. Андыктан макалада“Семетей”эпосундагы психологизм иликтөөгө алынды. Манас баатырдын трагедиялуу өлүмүнөн кийин кыргыз эли жана баатырдын жары Каныкей оор турмуштук сыноолорду башынан кечирет. Ошондой оор учурлардагы Каныкейдин, Чыйырдынын психологиялык абалы пихологизмдин активдүү каражаттарынын бири монолог, диологдор аркылуу изилденди. Ошондой эле кырк жигиттин Абыке, Көбөшкө түз эле баш ийип бербеген психологиялык толгонуулары, алардын Манас тирүү кезинде кандай кырк жигитке айланганын эстеген кептери, Көбөш менен кайым айтышуу диалогу өтө кызыктуу. Илимий макалада каармандардын ички абалдары психологизм маселесинин каражаттары менен изилденди.

**Ачкыч сөздөр:** эпос, монолог, психологизм, диалог, баатыр, трагедия, кыргыз эли, көркөм адабият.

# ABOUT THE FORMATION OF PERSONNEL OF THE TEACHER-TEACHER ON THE BASE COURSE "METHODS OF EDUCATIONAL WORK"

Aziz Abakirov
K.Tynystanov Issyk-Kul State University
Abakirov_a@iksu.kg

The authors reveal the role of the discipline "Methods of educational work" as a logical continuation and practical field for the implementation of the theoretical provisions of pedagogy, psychology, conflictology, ethics, culture of speech and other subjects that serve as the theoretical basis for preparing future teachers for educational work. The socioeconomic situation is also reflected in the limited professional growth of teachers, who cannot afford to purchase the newest scientific and methodological literature. Consequently, ongoing changes in the sociocultural life of society and the intellectual development of modern schoolchildren impose certain requirements on the personality of the teacher and educator. Targeted preparation of future teachers for educational work in school in the new sociocultural conditions requires taking into account the following: 1. Modern trends in political, social and economic development of society and the trend of strengthening market relations in society; 2. The definition of education and personality traits required by modern society; 3. Identification of the virtues modern young people should have and deficiencies they must get rid of in order to be ready for life in the modern world; 4. Definition of the professional and personal requirements for the modern educator in order to successfully and purposefully prepare for pedagogical activities. In determining the above content of the methodology of educational work and ways of preparing students for educational work, the sociocultural environment of students, the ethnic and socio-economic characteristics of the region, the changing sociocultural situation in the country, the problems of globalization and ethno-ideologization in the modern world, as well as methodological, methodical and personal capabilities of the teaching staff of the department and individual teachers were considered. As the main pedagogical condition in determining the content of the educational work, we proceeded from the need for multicultural education. Emphasis on this aspect of upbringing is explained by the diversity of the Kyrgyz Republic.

**Keywords:** methodology of educational work, education, socio-culture, directions, tasks, conditions of education, tendencies of educational work, personality of the teacher.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУДА МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН РОЛУ

**Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
nur_kg_93@list.ru

Сунушталган эмгек заманбап билим берүү системасын маалыматташтыруу жана окуу процессинде мультимедианы колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо маселелерине арналган. Азыркы учурда коомдун жана маданияттын маалыматташуусунун глобалдык процесси билим берүү системасына жаңы милдеттерди коюуда. Бул маселени чечүүдө маалыматтык технологияларды пайдалануу маанилүү орунда турат. Бул педагогдон билимди, жөндөмдү жана чеберчиликти талап кылат, башкача айтканда, маалыматтык жана коммуникациялык технология жаатындагы компетенттүүлүк керек болот. Окуучунун интеллектуалдык, таанып-билүүчүлүк жана чыгармачыл потенциалын көтөрүү үчүн педагогдор өзүлөрү өнүгүшү керек. Окуу-тарбиялоо процессине атайын максат менен заманбап маалыматтык каражаттарды кошуу, өз алдынча тарбия алууга, чыгармачылыкка, азыркы медиа дүйнөдө эркин багыт алууга көмөктөшөт. Заманбап мультимедиа адамдын айлана-чөйрөнү кабыл алуусунун комплекстүү каражаты болуп калды. Мультимедиалуулук, интерактивдүүлүк, моделдөө, коммуникативдүүлүк жана дилгирлик билим берүү багытындагы медиапродуктту жана билим берүүнүн маалыматтык технологиясын иштеп чыгууга шарттарды түзөт. Заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар билим берүү процессин активдештирүүгө жана студенттин өз алдынча болушуна өбөлгө түзөт. Ага электрондук мультимедиа материалды жакшы кабыл алууга жана аны эске тутуп калууга мүмкүнчүлүк берет, кеңири тарбиялык мүмкүнчүлүктөргө ээ кылат, окуучулардын таанып-билүүчүлүккө шыктануусун калыптандыруусуна жардам берет. Мындан тышкары, окутуу куралы катары мультимедианы колдонуу максаттары аныкталат, алардын негизги касиеттери, ошол эле учурда бул касиеттердин ичинен эң маанилүүсү катары интерактивдүү окуу процессин индивидуалдаштырууга жана студентти активдүү ишмердүүлүккө кошууга мүмкүндүк бере тургандыгы баса белгиленет. Мультимедиялык окуу куралдарынын мүмкүнчүлүктөрү да такталган, аларды колдонуу өз кезегинде окуу процессин уюштуруунун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт. Мультимедиа технологиялары билимдердин ар кандай түрлөрүн көрсөтүү жана иштетүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Макалада студенттердин сабакта мультимедиялык окуу куралдарын колдонууга кызыгуусу, окуу процессинде заманбап техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүнчүлүгү көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** Заманбап билим берүү, студенттин активдүү ишмердүүлүгү, коммуникациялык технология

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАШ МУУНДАРДЫ ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО

**Боталиева Умсунай Асаналиевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
botalieva@iksu.kg

Бул эмгекте чыныгы мекенчилдикти калыптандырууга тоскоол болгон терс тенденциялар күчөгөндщктөн, жаш муундарды патриоттуулукка тарбиялоодо элдик педагогиканын тажрыйбасын колдонуу зарылчылыгы барган сайын ачык-айкын болуусу чагылдырылган. Элдик педагогика – педагогиканын бир бөлүгү, элдин ой-тилектерин, анын идеалдарын, дүйнө таанымын камтыйт, адам, үй-бүлө идеясын, жаш муундарды тарбиялоону чагылдырат. Улуу муун, топтогон баардык тажрыйбасын кийинки кичүү муунга өткөрүп бергенде гана коом өнүгөт. Элдик педагогиканын билим берүүдөгү, тарбиялоодогу маанисин К.Д.Ушинский, В.А.Сухомлинский, Д.И.Писарев, В.С.Соловьев, А.С.Хомяков ж.б. жогору баалашкан. Көптөгөн изилдөөчүлөр жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо үчүн элдик мыкты сапаттарды өзүнө сиңирген этностун өкүлдөрүнүн жасаган иштери өзгөчө мааниге ээ болгонун белгилешкен. Эпостордо жана кичи эпостордо, уламыштарда, ырларда жана башка эстеликтерде чагылдырылган кыргыздардын аскердик эрдиктери жөнүндөгү окуялар жаштарда терен патриоттук сезимдерди пайда кылган жана тарбиялаган. Көптөгөн илимпоздордун эмгектерин талдоодо көрщнгөндөй, элдик педагогиканын каражаттары боюнча бирдиктүү көз караш жок.  Бул боюнча изилдөөчщ Г.Н.Волков, азыркы изилдөөчщлөр А.Х.Мирзоянов, Н.А.Сысоева, М.Г.Харитонов, А.Г.Хузина жана башкалар өз көз караштарын айтышкан. В.А.Николаев тарабынан сунушталган элдик педагогиканын каражаттарынын классификациясы көбүрөөк кызыгууну туудурат. Ал каражаттардын үч тобун белгилейт: 1) материалдык каражаттар – жаратылыш, иш-аракеттер, тиричилик буюмдары, эмгек буюмдары, прикладдык искусство буюмдары; 2) руханий каражаттар – сөз, тил, фольклор, дин, искусство, оюн; 3) социалдык-нормативдик каражаттар – салт, ырым-жырым, этикет, коомдук пикир. Элдик педагогиканын негизинде патриоттуулукка тарбиялоо процессинин уюштурулушуна жана мазмунуна талдоо жщргузщщбщз, инсандын интеллектуалдык, мотивациялык жана активдүүлүк жөндөмщн өнүктүрүүгө көп көңүл бурулуусун көрсөтүүгө мүмкүндүк берди. Жаш муундарды патриоттуулукка тарбиялоо аң-сезимге, баалуулук багыттарын өнүктүрүүгө, элге, Мекенге, жашоого, өзүнө туура мамиле жасоого багыттайт.

**Негизги сөздөр:** элдик педагогика, этнос өкүлдөрү, патриоттуулук, фольклор, каада-салт.

UMEK-2022

# КӨП БАЛАЛУУ ҮЙ-БҮЛӨ СОЦИО-ПЕДАГОГИКАЛЫК КУБУЛУШ КАТАРЫНДА

**Тургунбаева Г.Ж**
КР УИАнын Ч Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

Учурда үй-бүлө социалдык-педагогикалык көрүнүш катары өзгөчө коомдук институттар олуттуу өзгөрүүлөргө жана модернизацияга дуушар болушат, анын структурасынын өзгөрүшүнөн, функцияларынын татаалданышынан Кыргызстанда социалдык-экономикалык кризистин көрүнүштөрү олуттуу себеп болду, көпчүлүк үй-бүлөлөргө таасир эткен социалдык жоготуулар десек жанылышпайбыз. Макаланын максаты жана милдеттери - социалдык-педагогикалык феномен катары -көп балалуу үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу. Комплекс катары үй-бүлө маселеси- коомдук кубулуш көптөгөн илимдердин изилдөө объектиси болуп саналат. Көп балалуу үй-бүлө феноменин эске алуу менен, бул түшүнүктү аныктоо зарыл, "үй-бүлө" жана "көп үй-бүлө". Үй-бүлө - бул эң маанилүү социалдык институт, анда адамдын калыптанышы ишке ашат. Бул адамдардын жамаатынын формасына байланышкан эркек менен аялдын никеси, алардын балдары менен түшүндүрүлөт. Социалдык статусун аныктоочу мамлекеттик деңгээлдеги негизги документ, көп балалуу үй-бүлөлөрдү социалдык колдоо». Көп балалуу үй-бүлөлөр белгиленген турак-жай-коммуналдык чарба, транспорт, медициналык, билим берүү тармагындагы жеңилдиктер, кызмат көрсөтүүлөр, эмгек жана жер маселелери жаатындагы жеңилдиктерди кароо шарты кандай жолго салынган? Көп балалуу үй-бүлөлөргө олуттуу колдоо болуп консультациялык жардам саналат. Көп балалуу үй-бүлө жана кызматкерлер менен түздөн-түз иштеген адис катары психологиялык, юридикалык жана социалдык жардам көрсөтүү боюнча адистештирилген кызматтар жана борборлор жардамга келет. Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн тигил же бул жагынан оң жана терс жактары бар экендигин талдоо көрсөттү. Демек, балдарды тарбиялоого жана социалдаштырууга ар кандай таасирин тийгизет. Бир жагынан, көп балалуу үй-бүлөлөр көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушат (жашоо аянтынын чектелгендиги, каражаттардын жетишсиздиги, ата-энелердин жумуштагы жүктөмү ж.б.) терс факторлор болуп саналат. Экинчи жагынан, ар кайсы аспектилерде баланын инсандыгын калыптандырууга жакшы таасирин тийгизет, коммуникациялык көндүмдөрдү, эмпатияны, эмгекчилдикти, өз алдынчалыкты өнүктүрөт.

**Негизги сөздөр**: үй-бүлө, философия, социология, психология, педагогика, социалдык педагогика, демография, көндүм, эмпатия

# ТҮРКОЛОГ МАХМУД КАШГАРИ: ЫСЫК-КӨЛ ДҮЙНӨ ЧОРДОНУ

**Каниметов Адыл Күлжигитович**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
adyl.kanimetov@iksu.kg

XI кылымда жашаган окумуштуу Махмуд Кашгари 1029-1038 жж. аралыгында Ысык-Көл боюндагы байыркы шаар Барсканда туулуп, өзүнүн энциклопедиялык мүнөздөгү эмгегин жарыялаган. Махмуд Кашгари өз заманынын чыгаан археологу, тарыхчы, этнограф, географ, картографы катары таанылгандыгы белгилүү. Көп жылдар бою изилдөөнүн негизинде бай материалдарды жыйнап, натыйжада “Диван лугати ат-түрк” деген белгилүү эмгегин жазуу менен бүткүл илим дүйнөсүнө таанымал болгон. Дүйнөнүн картасын түзүп, жер шаарынын борбору Орто Азияга, башкача айтканда Ысык-Көл менен Баласагындын аралыгына туура келет дегени менен кызыктуу. Махмуд Кашгари өзүнүн киндик кан тамган жери Барскан жана жалпы эле Ысык-Көл бою жөнүндө, бул аймактын негизги калкы болуп, чигилдер тууралуу ошондой эле жарым көчмөн барскандыктардын тили жөнүндө өтө бай маалыматтарды “Диванда” камтыган. Махмуд Кашгари биринчи орунда Ысык-Көл боюн назарына тууту менен өзү чийген дүйнөнүн тегерек картасында да дүйнөнүн чордону катары Ысык-Көлдү көрсөтүп, жанындагы тегерек чекит менен билдирилген аты жок шаарлардын арасында бир гана шаардын – көл боюндагы бир дубандын саясий жана маданий чордону болгон Барскандын атын даана жазган. Араб жана перс географтары бул топонимди “Барсхан” же ал түгүл араб жазмасына таандык тамгаларды чаташтырып “Нушажан” деп жазып келген болсо, Махмуд Кашгари бул атты жергиликтүү түрктөрдүн тили боюнча Brsqän (“Барскаан”) деп так жазып кеткен. Махмуд Кашгаринин атуулдук жана илимий көз карашы өз мекени болгон Кыргызстанда жана Чыгыш Түркстанда калыптанган. Бул доордо илимий, маданий прогресс араб тили менен тыгыз байланышта болгондуктан Махмуд Кашгари араб тилин мыкты өздөштүргөн аалым. Ысык-Көлдө жайгашкан Барскан (азыркы Барскоон) шаарынын дүйнө чордону болуп калышына татыктуу салымын кошо алгандыгы менен улуу түрколог Махмуд Кашгари бабабызга сыймыктанууга акыбыз бар.

**Негизги сөздөр:** тилчи, тарыхчы, окумуштуу, изилдөөчү, Ысык-Көл, Барскан, Баласагын, Улуу Жибек жолу.

# СОСТОЯНИЕ НАРОДНОГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА В КОНЦЕ XIX В. –НАЧАЛЕ XX В. (НА МАТЕРИАЛАХ СЕМИРЕЧЕНСКОЙ ОБЛАСТИ)

**Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
jeenbek.alymbaev@manas.edu.kg

**Гүлназ Аскарбек**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
1950d01001@manas.edu.kg

В системе народного образования в Кыргызстане во второй пол. XIX в. – начале XX в. существовало несколько типов общеобразовательных учреждений: гражданские уездные, городские и приходские начальные школы (училища) — одноклассные, двух-, трех- и четырехклассные, мужские и женские; церковно-приходские школы, станичные сельские школы, правительственные и частные мужские и женские прогимназии и гимназии, реальные училища и сельскохозяйственные школы. Официально они были доступны детям всех званий и сословий. Для детей коренного населения создавались пансионы при русских учебных заведениях, русско-туземные школы, а по инициативе местной интеллигенции – новометодные школы. Основной формой обучения местных детей оставались традиционные мусульманские мактабы. Возросло количество высших мусульманских учебных заведений – медресе. Школы находились как в крупных поселках и городах, так и в местах кочевок коренного населения. В данной работе, на основе архивных материалов Центрального государственного архива Республики Узбекистан, рассматривается тема народного образования Кыргызстана вышеописанного периода в составе Туркестанского генерал-губернаторства в Семиреченской области, а также описываются сроки обучения, предметы преподавания, цели создания, вопросы финансирования и результаты деятельности различных образовательных учреждений.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Туркестан, Семиречье, образование, обучение, школы, училища, русско-туземные, новометодные, гимназии, предметы.

## “МАНАС” КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУУ МУРАСЫ

**Каниметов Адыл Күлжигитович**
adyl.kanimetov@iksu.kg
**Качкынова Эльвира Качкыновна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
elvirakachkynova@gmail.com

“Манас” эпосу кыргыз элинин үмүт-тилегин, ой-санаасын чагылдырган, миңдеген жылдар бою, эл тарыхын ичине камтып келе жаткан улуу эстелик, ыйык мурас болуп саналат. Манас көлөмү жагынан да, мазмуну жагынан да, эч бир чыгармага салыштырууга мүмкүн болбогон бул чыгармада баатыр Манастын образы, ата бабалары, байыркы мезгилдеги жер-суу аттары, түрк элдеринин каада-салттары жана башкалар тарыхый дастан катары баяндалып келет. Эпос аркылуу түптүү тарыхы бар түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин басып өткөн татаал жолдору, эркиндик үчүн, келечек үчүн болгон үмүттөрү чагылдырылат. Бириккен Улуттар Уюму тарабынан “Манас” эпосу кыргыз элинин руханий мурасы катары таанылып, 2012-жылы “Манас” эпосун сактоо, изилдөө жана жайылтуу боюнча Улуттук Программасы кабыл алынган Программанын негизинде  жер-жерлерде ар кандай иш-чараларды өткөрүү менен “Манас” эпосу жалпы кыргыз эли үчүн баалуу маданий мурас болгондуктан, анын философиялык, тарыхый-этнографиялык, филологиялык жана башка багыттарын изилдөө менен коомчулукка жеткирүү кыргыз элинин ыйык милдеттеринин бири катары саналган.  “Манас” эпосун ЮНЕСКОнун материалдык мурастарынын тизмесине каттоодо Кытайда жашаган кыргыздардын салымы чоң. Анткени Кытайда жашаган кыргыздар 2007-жылы алгачкылардан болуп эпостун биринчи бөлүгүн “Манасты” Эл аралык руханий дөөлөттөрдүн тизмесине киргизишкен. Ал эми 2013-жылдын ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастарын коргоо боюнча өкмөттөр аралык комитети “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпосторун Кыргызстандын атынан дүйнөлүк маданий мурас катары катталсын деген чечим кабыл алган. Бул чечим “Манас” эпосуна карата болгон жоопкерчиликти арттырып жана эпосту дүйнөлүк деңгээлдеги окурмандар чөйрөсүнө алып чыгуу менен жайылтууну, изилдөөнү милдеттендирилген. Кыргыз элинин улуу мурасы болгон Манастын түпкү идеясы - эркиндиктин жана көз каранды эместиктин идеясы болуп саналат.

**Негизги сөздөр:** “Манас” эпосу, кыргыз эли, улуу мурас, окумуштуу, тарых, окуя изилдөө.

# СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВДИ ОКУТУУ

**Мырзабаева Нурниса Долотбековна**
КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту

Адабият предметин окутууда акын-жазуучулардын өмүр таржымалын үйрөтүүнүн канчалык зарылчылыгы бар деген маселе акыркы мезгилде айтылып келе жатат. Окуучулар үчүн кызыксыз цифралар, алар жашап өткөн доордун фактылары кандайдыр бир денгээлде өз маанисин актабагандай сезилиши мүмкүн. Натыйжада, окутуучунун кылдат чеберчилигинин натыйжасында бул же тигил чыгарманы жазган автордун жеке инсандык сапаттарынын, дүйнөгө болгон көз карашынын чыгармада чагылдырылышын анализдөөдө, ошону менен чыгарманы теренирээк түшүнүүгө өбөлгө болот. Автордун тагдырындагы кайсы бир урунттуу учурлары окуучулар үчүн сабак, өрнөк катары таасирин тийгизишине мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуучу чыгармага сүнүлүп кирүүдөн алдын автордун баскан жолун , тагдырын түшүнүп, анын жашоосун кошо жашагандай кабыл алып, инсан катары сый-урматы күчөгөн абалга жетсе, чыгармага болгон кызыгуусу алда канча арткан абал жаралмак. Программага кирбеген автордун башка чыгармаларын өз алдынча издеп таап, кошумча окууга өзүнөн-өзү жол ачылмак. Окуучулардын жаш курак өзгөчөлүгүн эске алуу менен акын-жазуучулардын өмүр таржымалын, ишмердүүлүгүн окутууда кошумча маалыматтарды, адабияттарды, башка булактарды пайдалануунун жолдорун сунуш кылуу эффективдүү .Сабактын рейтинги предметтик мугалимге болгон окуучулардын сый мамилесине көз каранды болгон сынары, автордун таржымалын татыктуу денгээлде ачып берүү менен окуучунун авторго болгон көз карашын, кызыгуусун он жагына жүз пайыз арттырууга болот. Сүйүнбай Эралиевдин өмүр таржымалын, чыгармачылыгын окутууда эн алгач окуучуну автордун ыр дүйнөсүнө жетелеп кирүү маанилүү. Окуу китебине кирбеген акындын балалыгынын орунттуу учурларын, замандаштарынын оозунан жазылып алынган мыкты эскерүүлөрүн, Улуу Ата мекендик согушка катышкан катаал учурларын ар бир баланын көнүл чордонуна максатка ылайык жеткирүү жаныча методикалык мамилени, чечимдерди, инновациялык ишмердүүлүктү талап кылат. Педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй окуучулардын ар түрдүү жаш курагына ылайык акын-жазуучулардын таржымалын чыгармалары менен бирдикте өздөштүрүүгө кызыгуусун арттыруунун жолдорун терендетип иштеп чыгуу- негизги масалелерден.

**Негизги сөздөр**: Адабият, акын-жазуучулар, сабак, педагогика

UMEK-2022

# МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРДЕ БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРДЫН КЕСИПТИК – ЭТИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖАЛПЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Кубатбек Ысмайылов**
Ош мамлекеттик университети
kubat_oshsu@mail.ru

Биздин бул билдирүүбүздө медициналык колледждердеги сабактарда студенттердин билимди, көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнөн келип чыккан кесиптик- этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жөнүндө сөз болмокчу. Кыргызстандагы социалдык жана экономикалык кайра куруулар саламаттыкты сактоого жана медицина тармагындагы кадрларды даярдоо системасына таасирин тийгизбей койгон жок. Анын ичинде медайымдык иш боюнча адистерди дагы модернизациялоо керектигин дүйнөдө болуп жаткан медициналык жаңылануулар себеп болуп жатат, анын түпкү максаты медайымдарды даярдоо системасын дүйнөлүк стандарттарга жеткирүү жана кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Тармактык билим берүүнү модернизациялоо өз ишин мыкты билген, калктын ден соолугун коргоодо жогорку натыйжаларга жетишкен, рынок экономикасынын шартында иштөөгө жөндөмдүү адистердин жаңы муунун даярдоону талап кылууда. Бүгүнкү күндө баардык тармактар чыгармачыл ой жүгүрткөн адистерге, социалдык жана профессионалдык жактан активдүү, мобилдүү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү бар заманбап эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жогорку деңгээлдеги адисттерге муктаж болууда. Жыйынтыктап айтканда медициналык кызматкерлердин ишмердигинде кесиптик - этикалык принциптер абдан маанилүү болуп эсептелет. Иш жүзүндө дарыгерлерден кийин эле медайымдар бейтаптары менен тыгыз жана түз баарлашуудагы байланышта болушат. Ошондуктан палатадагы психологиялык атмосфера, оорулуунун маанайы, дарылоонун эффективдүүлүгү жана оорунун натыйжасы көбүнчө медайымдын ишинен көз каранды экендиги таң калыштуу эмес. Ден соолугунан ажыраган адамдан кайдыгерликтин кичинекей көрүнүштөрүн байкап көрүү кыйын, ал өзүнүн ден соолугу жакшы болуп кетиши үчүн баардык шарттага даяр болот. Ал медициналык кызматкердин сөзүнө, жүрүм-турумуна жана иш-аракетине кубаныч сезими менен өзүнүн көңүлүн буруп тосуп алат. Медайым кайсыл жерде иштебесин анын жүрүм- туруму сөзсүз этика жана деонтологиялык талаптарга туура келиши керек.

**Негизги сөздөр:** сыйлоо, кошулуп кайгыруу, ак көңүл болуу, боорукердик.

UMEK-2022

# ЯЗЫК И СОЦИУМ

**Вафа Абдуллаева-Набиева Ариз**
Национальная академия наук Азербайджана
Институт языкознания имени Насими, Азербайджан
vefa.abdulla@mail.ru

Язык играет центральную роль в социальном взаимодействии в каждом обществе, независимо от его местоположения и периода времени. Язык и социальное взаимодействие имеют взаимные отношения: язык формирует социальные взаимодействия, а социальные взаимодействия формируют язык. Язык, без сомнения, неотъемлемая часть любой культуры и одно из важнейших условий ее существования. Различные аспекты культур, такие как менталитет, образ жизни, убеждения и ценности, играют огромную роль в сфере межкультурной коммуникации. Например, одна культура учит детей играть с игрушками, а другая поощряет их играть на свежем воздухе. Дети из обеих культур приспосабливаются к тому, чему их учат. Если культура поощряет разговоры, они научатся этому. Брунер (1961) предлагает учащимся создавать свои собственные знания и делать это путем организации и классификации информации с использованием системы кодирования. Брунер считал, что самый эффективный способ разработать систему кодирования – это открыть ее, а не рассказывать учителю. Учитывая социальную роль языка, само собой разумеется, что одно из направлений изучения языка должно быть сосредоточено на роли языка в обществе. Социолингвистика становится все более важной и популярной областью исследования, поскольку некоторые культуры во всем мире расширяют свою коммуникативную базу, а межгрупповые и межличностные отношения приобретают все большее значение.

# KYRGYZ-TURKISH UNIVERSITY "MANAS" AS A CONNECTING LINK OF THE TURKIC-MONGOLIAN LINGUOCULTURE: OPPORTUNITIES FOR DIDACTICS

**Guzel Abdullayeva**
OOUK "ITTIPAK"

Kyrgyz-Turkish University "Manas" has unique opportunities for integrating the linguistic and cultural potential of the Turkic-Mongolian world. The University is located in the capital of Kyrgyzstan. It can become a platform for international cooperation in the field of science and education. A new proposal for this is the inclusion of Mongolian languages and cultures in the overall project. In history, we have many common events for the Mongols and Turks. The vertical Turkic (ancient Uighur) script is still used by the Mongols at the present time. The project has two aspects. It will help unite the efforts of scientists from Turkic-speaking countries for the development of Turkic pedagogy. The project will also allow the incorporation of new resources of a related Mongolian-speaking cultural array. It will help unite the efforts of scientists from Turkic-speaking countries for the development of Turkic pedagogy. The project will also allow the incorporation of new resources of a related Mongolian-speaking cultural array.

**Keywords:** Area, international, integration, didactics.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА САНАРИПТЕШТИРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН МААЛЫМАТТЫК - КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖАНА КОЛДОНУЛУШУ

**Тултуков Бакытбек Теңирбергенович**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,
bakty@rambler.ru
**Абдиева Асылкүл Кубатаевна**
Каракол шаарындагы №2 гимназия-мектеби
asylabieva71@gmail.com
**Шергазиева Майрам Сабырбековна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
mayram8379@gmail.ru

Коомубузду жалпы маалыматташтыруу жана алдыңкы компьютердик технологияларды киргизүү менен артыкчылыктуу багыттардын бири билим берүүнү системасын маалыматташтыруу болуп саналат. Билим берүү системасында заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) өнүктүрүү, оптималдуу пайдалануу методологиясын, колдонуу практикасын иштеп чыгууну жана камсыз кылуун түшүнөбүз. МКТ жана санариптик аппараттарды коопсуз колдонуу шарттарында окутуунун жана тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык максатын ишке ашырууга багытталган жана окуу процессинде мугалимдин профессионалдык маселелерин чечүү үчүн ар түрдүү шарттар каралат. Билим берүү системасында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды эффективдүү колдонууда жана билим берүү процессин уюштурууда маалыматтык технологияларды колдонууга позитивдүү мотивацияны калыптандырууга көмөктөшөт. Учурда жашоо педагогдор үчүн жаңы МКТ милдеттерин коюп жатат, б.а. балдар өзгөрүүдө, окуу технологиясы өзгөрүүдө жана билим берүү ишинин натыйжасына болгон талап да өзгөрүүдө. Ошондуктан, тез өзгөрүп жаткан жаңы кийинки заманга ылайык аны кууп жете турган жол менен окутуу ишин пландаштыруу зарылчылыгы келип чыгууда. Санариптик технологияларды колдонуу өзүнүн уюлдук телефонун, ноутбугун же планшетин колдонгон ар бир адам санариптик дүйнөнүн ичинде керектүү жардам жана маалыматты ала турган шарттарды камсыз кылат. Санарип билим берүү ресурстарын пайдалануу эң жакшы жагы бар, себеби ал окуучулардын жана студенттердин активдүүлүгүн активдештирүүгө мүмкүндүк берет, педагогикалык процесстин сапатын жана мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга, билим берүү мамилелеринин бардык катышуучуларын өз ара аракеттенүү формаларын активтештирүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүүдө колдонулган негизги МКТ куралдарына төмөнкүлөр кирет: компьютерлер (ноутбук), мультимедиялык проекторлор, принтерлер, сканерлер, көчүрмө аппараттар, видеомагнитофондор, DVD-дисктер, телевизорлор, музыкалык борборлор, фотоаппараттар, уюлдук телефондор, видеокамералар, интерактивдүү (электрондук) такталар ж.б. Интерфейси бар ар кандай максаттар үчүн жасалган программалык каражаттардын жыйындысын интеграцияланган пакеттер деп эсептеп жана бул программалык пакет жөнөкөй колдонуучулардан баштап профессионалдык денгээлде өздөштүргөн адамдарга багытталат.

**Негизги сөздөр:** маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, интеграцияланган пакет, санариптик технологиялар.

# ETHNIC ENTREPRENEURSHIP AS A STRATEGIC RESOURCE FOR THE DEVELOPMENT OF THE ISSYK–KUL REGION (MATERIALS OF A SOCIOLOGICAL STUDY)

**Bokontaeva Dzhanyl Keneshevna**
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov

In his article, the author analyzes the formation and development of ethnic entrepreneurship in the Issyk-Kul region (1993-2018) based on the materials of his own sociological research. Based on the use of qualitative methods of collecting social information - oral histories among representatives of ethnic business, the author identified the social base of ethnic entrepreneurship, analyzed the main motives for creating small and medium-sized businesses, as well as gender aspects. The research materials showed that one of the main motives for creating your own business are economic reasons (lack of financial and material resources), since after the collapse of the former USSR, all factories and factories in the city of Karakol and in the whole region began to close. Consequently, in organizations funded from the state budget, wages could not provide even a minimum standard of living for the population of the region. In addition to the above reasons, such innovative motives as interest in a new business in connection with the opportunities that have opened up in the conditions of market relations and also to benefit their city of Karakol and the region as a whole were highlighted. In opening their business, ethnic entrepreneurs highlighted such personal qualities as sociability, purposefulness, perseverance in work, honesty, patience, perseverance, openness, professionalism and experience. The article also examines the gender characteristics of ethnic entrepreneurship related to the specifics and peculiarities of male and female management in business management.

**Keywords:** Ethnic, development, strategic resourse

# КӨРКӨМ СТИЛДЕГИ ТЕКСТТЕР ТУУРАЛУУ

**Анапияева Асел Абдысатаровна**
anapiyaeva80@outlook.com
**Абдылдаева Айнура Суеркуловна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

**Сыдыкова Жаркынай Карыпбаевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
jarkynai.94kg77@gmail.com

Адам ар дайым өз оюн так, туура жана көркөм туюнтуп, маданияттуу сүйлөөгө умтулушу керек. Өз оюн көркөм жана маданияттуу туюнта алган адам кайсы жерде болбосун бааланат. Мына ушул алмашуубуз тексттер аркылуу гана ишке ашат. Ошондуктан бүгүнкү күндө көркөм тексттин негизги белгилерин окуп үйрөнүү, деги эле текстке байланыштуу бардык маселелерди изилдөө, окуп үйрөнүү абдан актуалдуу. Себеби биз көркөм максатты ишке ашырыш үчүн, эң оболу, маалымат алмашуунун өзүн абдан жакшы өздөштүрүүбүз зарыл. Чындыгында, биздин маалымат тексттин табиятын терең өздөштүрүү аркылуу гана маданияттуу сүйлөөгө, өз оюбузду жогорку деңгээлде, көркөм туюнтууга жетише алабыз. Макалада көркөм стилдеги тексттер тууралуу маалымат берилди. Адам баласынын көркөм дүйнөсү, эстетикалык көз карашы, турмушка карата оң же терс баамы, үмүт-тилектери, кыялы, көкүрөктө терең катылган, муундан-муунга өтүп турган каада-салты, үрп-адаты, дегеле маданияты, дүйнөгө карата философиялык ой чабыттары, сулуулукту, аруулукту сезүү туюмдары көркөм стилдеги текст аркылуу ар тараптуу чагылдырылат эмеспи. Демек, көркөм стилдеги текст –улуттук маданиятты жана жалпы адамзаттык маданиятты түптөгөн өзгөчө текст болуп саналат. Себеби, анда улуттун бүтүндөй маданияты, мурункунун бай тажрыйбалары, турмуштун ачуу чындыгы, илим-билими жана кайталангыс өзгөчөлүктү түзгөн көркөм-эстетикалык табылгалары, ачылыштары кездешет. Ошону менен катар, бул макалада макалдар бүтүндөй тереңдикти, кенен түшүнүктү берген текст экендигин далилдеген ойлор айтылат.

**Ачкыч сөздөр:** текст, көркөм стиль, макал, кыргыз адабий тили, функционалдык стиль, тарбия берүү, адамзат.

# ПРИЧАСТНЫЕ КОНСТРУКЦИИ С ПОСЛЕЛОГАМИ В ТЮРКСКИХ И МОНГОЛЬСКИХ ЯЗЫКАХ

**Гаухар Абдуллаева**
Научный образовательный центр «Ренессанс»

Среди сложных предложений в тюркских и монгольских языках выделяется особый тип синтаксических конструкций. Ученые называют их предложениями аналитико-синтетического типа. Представители Новосибирской научной школы лингвистики называют их причастно-послеложными конструкциями (М.И. Черемисина, Е.К. Скрибник, Т.Н. Боргоякова и др.). Мы также используем этот термин в своих исследованиях. Сочетание причастия и послелога формально является словосочетанием. Здесь послелог управляет формой причастия. В языке это сочетание выполняет роль зависимого предиката. В его форму входит показатель синтаксической связи между частями сложного предложения в тюркских и монгольских языках. Поэтому причастно-послеложную конструкцию логично интерпретировать как бипредикативное сложное предложение. Приведем пример из современного татарского тюркского языка: *Габдулла Тукай үскәннән соң, ул Казан шәһәренә күчеп килә (А.Файзи). –* ‘*После того как Габдулла Тукай вырос, он переехал в город Казань’* В данном случае послелог *соң* сочетается с причастием на –ган в форме аблатива. В результате причастно-послеложная конструкция формирует сложное предложение аналитико-синтетического типа по модели: **{(Tv=ган//нан соң) (ГПЕ)} – ‘после того как’** Причастно-послеложные конструкции в тюркских и монгольских языках могут быть разносубъектными и моносубъектными. В приведенном примере используются два подлежащих, но выражается один субъект. При преподавании синтаксиса сложного предложения тюркских и монгольских языков важно учитывать изоморфизм средств выражения синтаксических связей. Благодаря этому эти языки избегают использования аналитических средств связи. Это делает их непохожими на языки флективного строя.

**Ключевые слова**: Причастные конструкции, язык, турецкий язык, монгольский язык

# АННОТАЦИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ СОЦИАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ СФЕРЫ ТУРИЗМА НА ЗАНЯТИЯХ ПО АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ

**Озтюрк Мадина**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
madinaozturk@gmail.com

В данной статье рассматриваются педагогические условия, направленные на формирование социальной компетенции у будущих специалистов сферы туризма и сервиса на занятиях английского языка. Поскольку туризм является одной из высокодоходных и быстро развивающихся отраслей мирового хозяйства, спрос на специалистов данного профиля достаточно высок. Но стоит заметить, что высоки и требования к работникам данной сферы. Невозможно представить себе специалиста по туризму, не владеющего английским языком, так как работа в данной сфере — это постоянное общение с гостями и коллегами из разных стран. Кроме того, специалисты данного профиля должны уметь брать на себя ответственность, действовать в ситуациях стресса и неопределённости, быть гибкими, мобильными, выходить за рамки принятых ограничений, что говорит о необходимости формирования социальной компетенции у студентов, будущих специалистов сферы туризма. В рамках настоящего исследования были определены следующие педагогические условия, способствующие эффективному формированию социальной компетенции у студентов сферы туризма и сервиса: отбор содержания тем учебного материала, отражающего будущую профессиональную деятельность студентов, применение интерактивных технологий обучения, имеющих социальную направленность, а также организация внеаудиторной работы, нацеленной на включение студентов в социальные отношения, связанные с их будущей профессиональной деятельностью. Результаты исследования свидетельствуют об эффективности применения данных педагогических условий для формирования социальной компетенции у студентов, будущих специалистов сферы туризма в рамках занятий по английскому языку.

**Ключевые слова:** педагогические условия, сфера туризма, специалисты сферы туризма, английский язык, компетенция, социальная компетенция.

UMEK-2022

# ФИЗИКА САБАГЫН ОКУТУУДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ

**Өмүралиева Чынара Асанбаевна**
*chomuralieva67@gmail.com*
**Макеев Арзымкан Касымович**
*arzymkan@inbox.ru*
**Биймурсаева Бурул Молдосалиевна**
С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети
*bijjmursaeva-burul@rambler.ru*

Бүгүнкү күндө билим берүүнүн алдында окуучуларга билим берүү гана эмес, ошондой эле таанып-билүү кызыкчылыктарын жана жөндөмдөрүн, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн, өз алдынча акыл эмгегинин билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууну жана өнүктүрүүнү камсыз кылуу милдеттери турат. Бул макалада мектептик билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн азыркы этабы балдарды окутуунун жаңы технологияларын, интерактивдүү ыкманы колдонуунун мүмкүндүгү жөнүндө теориялык материал жалпыланган. Физика сабактарында окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу мисалдары келтирилген. Интерактивдүү окутууну колдонуу - окуучулардын активдүү таанып-билүү позициясын калыптандырып, билим берүүнүн жана заманбап окуу-тарбиялык процесстин суроо-талаптарына ылайык келет жана бул ыкманы колдонуу окутуу процессинин өзүн өнүмдүү кылат, билимдер менен көндүмдөрдү берет. Демек, интерактивдүү сабактар балдардын предметке болгон кызыгуусун арттырат, ал эми интерактивдүү окутуу технологияларын колдонуу окуучулардын инсандык компетенцияларынын калыптанышына жана өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

**Негизги создөр:** Интерактивдүү окутуу, интерактивдүү технологиялар, эвристикалык баарлашуу, окутуу, тарбиялоо, билим, көндүмдөр, компетенциялар.

# ИЗУЧЕНИЕ РЕЧЕВОГО ЭТИКЕТА НА УРОКАХ РУССКОГО ЯЗЫКА КАК ИНОСТРАННОГО В ТЮРКОЯЗЫЧНОЙ АУДИТОРИИ

**Янкын Наталья Викторовна**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
natalya.yankin@manas.edu.kg

В методике преподавания иностранных языков, в том числе русского как иностранного, центральное место занимает обучение речевому этикету. Именно в области этикета наиболее ярко проявляется национально-культурная специфика речевого поведения. Усвоение учащимися речевых формул и их употребление в разных ситуациях общения является основополагающим звеном формирования коммуникативной компетенции. При разработке приёмов и методов обучения русскому речевому этикету важно учитывать национальные и возрастные особенности учащихся, провести сопоставительный анализ этикетных форм в русском и родном языках с целью выявления типологии ошибок и предупреждения интерференции. С учетом этапа изучения языка необходимо отобрать дидактический материал и разработать систему упражнений, формирующих навыки владения русским речевым этикетом. Данные упражнения должны включать в себя диалоги с подстановкой, ситуативные задания, моделирующие реальное общение, проблемно-поисковые типы заданий, составление диалогов по аналогии, ролевые игры, визуальные и мультимедийные материалы. Разработка и использование таких заданий в учебном процессе предусматривает все этапы усвоения языкового материала: рецептивный, репродуктивный и продуктивный. На начальном этапе изучения русского языка как иностранного необходимо отрабатывать такие речевые конструкции, включающие этикетные формулы, которые требуются для решения коммуникативных задач в повседневной жизни: в ситуациях знакомства, приветствия, прощания, благодарности, извинения, просьбы, приглашения, совета, комплимента, соболезнования и других. Благодаря разработке комплекса заданий у учащихся вырабатываются наиболее эффективные стратегии поведения в этикетных ситуациях. Использование данных стратегий делает успешным процесс общения на иностранном языке, а следовательно - дает положительный результат обучения.

**Ключевые слова:** речевой этикет, методика, коммуникативная компетенция, речевая ситуация, интерференция, лингвострановедение, культура.

UMEK-2022

# КЕНЖЕ МЕКТЕП КУРАКТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН КЕБИНИН ӨНҮГҮШҮНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**Исакова Ч.Б.**
**Урдолотова З. К.**
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Башталгыч мектептеги билим берүү баланын калыптанышынын, анын психикасынын жана өз алдынча аң-сезиминин өнүгүшүндөгү, окуу ишмердүүлүгүнүн, коомдук жүрүм-турумдун ыкмаларын жана формаларын өздөштүрүүнүн маанилүү мезгили болуп саналат. Кеп инсандын интеллектинин, ой жүгүртүүсүнүн жана маданиятынын маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири десек болот. Кенже мектеп окуучуларынын кебинин өнүктүрүү маселеси татаал жана көп кырдуу болуп эсептелет. Сүйлөө функциясы адамдын эң маанилүү психикалык функцияларынын бири. Кептин өнүгүү процессинде таанып-билүү ишмердүүлуктүн жогорку формалары, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү калыптанат. Кепти өздөштүрүү баланын жүрүм-турумун аңдап билүүгө, пландаштырууга жана жөнгө салууга өбөлгө түзөт. Кептин ийгиликтүү өнүгүшү белгилүү бир шарттарда гана ишке ашырылат. Биринчи шарт – балдардын сүйлөөгө болгон муктаждыгы, экинчиси – эмнени айтуу керектиги, башкача айтканда, мазмундун болушу; үчүнчүсү – жагымдуу сүйлөө чөйрөсүн түзүү саналат. Кеп төмөнкү функцияларды аткарат: экспрессивдүү, интеллектуалдык, коммуникативдик. Кептин калыптанышынын негизги фактору болуп анын айланасындагы чоңдор менен баарлашуусу саналат. Башталгыч класстардагы көпчүлүк сабактарынын мазмуну сүйлөө ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн камтып, аталган түрлөрү катышпаса кепти өнүктүрүү процесси ишке ашпайт. Кепти өнүктүрүүдөгү негизги иш – аркет балдарды оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн эркин жана туура айтууга үйрөтүү десек болот. Бул маселенин конкреттүү чечилиши окуучуларда кепти кабыл алуу, анын мазмунун жеткирүүгө жана өз алдынча түзүүгө мүмкүндүк берүүчү кеп көндүмдөрүнүн комплексин калыптандыруу аркылуу ишке ашырылат. Башталгыч мектепте балдарды окууга, жазууга, оозеки жана жазуу жүзүндө сүйлөөгө үйрөтүү - бул конкреттүү сүйлөө көндүмдөрүнүн , башкача айтканда, сүйлөө иш-аракетинин түрлөрүн калыптандыруу саналат. Ошентип, кепти өнүктүрүү башталгыч мектептин негизги максаттарынын бири болуп саналат, анткени аны өнүктүрүүсүз баланын коомдо социалдашуусу ишке ашпайт.

**Негизги создөр:** кенже мектеп курагы, кеп өнүгүүсү, психологиялык-педагогикалык негиздери

**ТИЛМЕЧТИК КЕСИПКЕ ДАЯРДООДО СТУДЕНТТЕРДИН ООЗЕКИ (ЫРААТТУУ) КОТОРУУ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КӨНҮГҮҮЛӨР**

(Кыргызча-түркчө программасынын мисалында)

**Аскарова Рахат Абдикаримовна**
Кыргыз-түрк «Манас» университети
rahat.askarova@manas.edu.kg.

Тилмечтик кесипке даярдоодо тилди үйрөтүү менен гана чектелбестен, келечектеги тилмечтердин кесиптик жеткиликтүүлүгүн калыптандыруу үчүн бир катар иш-аракеттерди аткарууга туура келет. Айрыкча окуу процессинде жазуу түрүндө которуу сабактары менен катар эле оозеки котормо сабактарында да текст менен иштөөдө ар түрдүү ыкмаларды колдонуу сабактардын натыйжалуулугун арттырып, анын бир өңчөй жана кунарсыз болбостон, кызыктуу болушун камсыз кылат. Бул максатта бир катар практикалык көнүгүүлөрдүн аткарылышы зарыл деп эсептейбиз. Мындан улам, бул эмгегибизде тилмечтик кесипке даярдоо программасында көңүл бурулушу зарыл болгон маселеге т.а. оозеки которуунун жазып которуудан болгон айырмачылыгы жана бул айырмачылыктан улам көңүл бурулушу керек болгон жагдайларга токтолдук. Ошондой эле макалада студенттердин тилмечтик көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган иш-чараларда б.а. кыргызча-түркчө котормо программасындагы “оозеки котормо (ыраатуу которуу)” предметинде аткарылуучу практикалык көнүгүүлөрдүн түрлөрү, аларды аткаруу ыкмалары, көнүгүүнүн аткарылышын балоо жана студенттерден күтүлүүчү натыйжалар жөнүндө маалымат берилди. Сунушталган көнүгүүлөрдү тилдердин башка комбинациялары үчүн да колдонууга болот. Ошондой эле макалада котормочулук кесипке тиешелүү айрым кесиптин түшүнүктөр жана терминдер орун алды.

**Ачкыч сөдөр**: Оозеки котормо, ыраттуу которуу, тилмечтик кесипке даярдоо, практикалык көнүгүүлөр, .кесиптик көндүмдөр.

UMEK-2022

# ПОДГОТОВКА ПЕРЕВОДЧИКОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ И РАЗВИТИЕ ИХ КОМПЕТЕНТНОСТИ

**Мамбаева Салтанат**
Кыргызско-Турецкий университет “Манас”
saltanat.mambaeva@manas.edu.kg

Формирование навыков переводчика в современном мире происходит только благодаря компетентностному и профессиональному подходу при подготовке переводчиков. Деятельность переводчика играет немаловажную роль в современном обществе, в связи с активным развитием глобализации, необходимость в переводе значительно возроста. Именно поэтому данная профессия довольно востребована на рынке труда. Для предоставления специалистов данного профиля необходимы учебные программы, полностью соответствующие современным требованиям и охватывающие каждый аспект деятельности переводчика. В последнее время перевод энергично становится одной из наиболее активных, но в то же время самостоятельной отраслью на рынке. Уже сформировалась и продолжает формироваться основной компонент перевода, который свойственен любой отрасли на рынке - это во первых: производственная сфера, система подготовки кадров; и второе научно-теоретическое обеспечение данной отрасли. Переводческая отрасль экономики как одно из явлений общественной жизни и реальной экономики начала привлекать внимание прессы в последние декады только. При формировании компетенции устного переводчика учитывается способность выступать посредником между двумя культурами, компетентность на родном и иностранном языке, и конечно, навыки аудирования. Психологические аспекты подготовки переводчика — это тот фактор, о котором не стоит забывать. Для обучения и подготовки профессиональных переводчиков во время обучения используются упражнения, специальные методики, тренировки для улучшения зрительных и слуховых анализаторов, речеголосового аппарата, мнемоники и мн.др. Выпускники переводческих отделений должны в идеале владеть родным и иностранным языками, знаниями по теории перевода, знаниями в сфере анализа задач перевода, анализа исходного текста, навыкам создания исходного текста и его макета, знать иприменять методы поискать информации, а так же самостоятельно работать с терминологией.

**Ключевые слова:** Переводчик, современноое общество, компетентность, навыки.метод

# ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ КҮНҮМДҮК МУКТАЖДЫК

**Боркошев Меражидин Маматкулович**
Баткен мамлекеттик университети
borkoshev@mail.ru

Биз сунушталган илимий ишибизде азыркы учурда адамдын жашоосунда дене тарбиянын ордун жана анын күндөлүк турмушубуздагы зарылчылыгын карадык. Акыркы жылдардагы реформалардын жүрүшүндө дене тарбиянын Советтик системасы талкаланып, массалык дене тарбия жана спорттук кыймыл иш жүзүндө мамлекеттик олуттуу колдоону жоготту. Спорт жана ден соолукту чыңдоо жеке ишке айланып, спорт жана эс алуу кызматтары коммерциялык секторго өтө баштады. Бул спорт менен алектенген адамдардын санынын кескин азайышына, элдин баалуулуктарынын жалпы системасында спорттун маанисинин төмөндөшүнө жана натыйжада, жашоонун социалдык деңгээлинин начарлашына алып келди. Массалык спорт коомдун көптөгөн мүчөлөрүн тартуу менен физикалык сапаттарды жакшыртууга жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө, ден соолукту чыңдоого жана өмүрдү узартууга, организмге заманбап өндүрүштүн жана күнүмдүк жашоо шарттарынын жагымсыз таасирине каршы туруга мүмкүндүк берет. Замандын талабына ылайык долбоор уюштуруучулары мектептерде жана ЖОЖдордо «Ден соолук» комплексин кайра жандандырууну жаш муундарда максатка умтулуу жана өзүнө болгон ишеним жана алардын мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу сапаттарды калыптандыруу үчүн принципиалдуу маанилүү деп аташат. «Ден соолук» комплексинин Кыргызстанга кайтып келиши, албетте, жаңы мезгил жана учурдагы социалдык факторлор менен шартталат. Көпчүлүк кыргызстандыктар жаңы, тагыраак айтканда, унутулган эски тенденцияны оң кабыл алышты. Тилекке каршы, акыркы жылдары коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, постсоветтик мезгилде жашоо деңгээлинин начарлашынын таасири астында начарлап кеткен элдин саламаттыгы баа жеткис зыян келтирип жана анын пайдубалы кулаган, ошону менен бирге үзгүлтүксүз мүнөздөгү дене тарбия жана спорт түзүмү бузулган. Ондогон жылдар бою иштелип чыккан дене тарбия системасын механизми жашоого жөндөмдүү жана аны ишке ашыруу жакын арада кыргыз спортун өнүктүрүүдө прогресске түрткү берет деп үмүттөнсө болот.

**Негизги сөздөр**: дене тарбия, дене маданияты, спорт, ден - соолук

# «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫН ОКУТУУДА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Кочкорова Гулнур Атамырзаевна**
Баткен мамлекеттик университети
kochkorova73@mail.ru

Биз макалабызда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен 2020-жылы жарык көргөн Кыргыз орто мектептеринин 4-класстары үчүн «Адабий окуу» сабагынын алкагында экологиялык маданиятты калыптандыруу маселесин карадык. Окуу китебинин «Ата журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу»,-деген бөлүмүндө Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндөгү аңгемелер жана уламыштар аркылуу окуучулардын жаратылышка карата позитивдүү мамилесин өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү арбын. Жаратылышка карата жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруу процесси глобалдык, улуттук жана жергиликтүү ыкмалардын өз ара байланышына экологиялык тарбия берүүнүн предмет аралык, үзгүлтүксүздүк жана ситемалуулук принциптерине негизделет. Өзгөчө “Адамдын пейили» деген жомоктун экологиялык тарбиялык потенциалы жогору. Жомокто адамдын жаратылышка болгон ач көз мамилеси ашкереленип, аспиет, боорукердиги колдоого алынып кубатталат. Ошентип, мындай мисалдар кенже класс окуучуларынын жараталышка жароокер мамилесин өнүктүрүүгө өбөлгө боло алат.

**Негизги сөздөр:** экология, маданият, «Адабий окуу» сабагы, уламыш, аңгеме.

# СТУДЕНТТЕРДИН ТААНЫП –БИЛҮҮ АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ИЛИМИЙ- ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОБЛЕМА КАТАРЫ

**Былыкова Махабат Максатовна**
Ош мамлекеттик университети
tynai020273@mail.ru

Адамзат тарыхынын байыркы мезгилинен тартып, дүйнөнү таануу бекем эрк, жигердүү аракетсиз мүмкүн болбостугу кадыресе табийгый турмуш чындыгы катары кабылдангандыктан, ага байланыштуу көз караштар кыргыз эл педагогикасында да катталып калганын көрөбүз. Муну «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң», «Жан кыйналбай жумуш бүтпөйт, талаптанбай муратка жетпейт» -деген макалдар тастыктайт. Педагогика тарыхына назар салсак, таанымдык активдүүлүккө таянуу- мектеп жана окутуу жөнүндөгү илимий түшүнүктөрдүн түптөлүү башатында эле бардык цивилизациялар алкагында орток акыйкат катары ортого чыккан (Желалиддин Руми Мевлана, Я.А. Коменский). Психологиялык-педагогикалык теорияда жана практикада «активдүүлүк» терминининин кеңири жайылганы менен анын маани - маңызы тууралуу эки ача пикирлер арбын. Айрымдар активдүүлүктү иш - аракет маанисинде караса, башкалары иш -аракеттин натыйжасы деп эсептешсе, экинчилер активдүүлүктү ишмердүүлүккө караганда кеңири түшүнүк деп ырасташкандар да бар. Азыркы педагогикада таанып-билүү активдүүлүгүнө негизделген окутууну адамдын өзүндө программаланган потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүшүнө сүрөөнчү, демөөрчү болуунун инсанга багытталган, инсан таламдуу билим берүү процессин камсыз кылуунун амалы катары карашып, мындай процесс окуучу билим берүү процессинин борбору, мугалим жана окуучу тең укуктуу партнер, окутуу ишинин максаты окуучунун субьективдүү тажрыйбасын кубаттоо, жаратуу, өнүктүрүү деген сыяктуу түшүнүктөр менен мүнөздөшөт (А.В.Бондаревская, М.А.Викулина, В.В.Сериков, И.Бекбоев, И.С. Якиманская, А.Алимбеков) Жогорудагы айтылгандардын неизинде биз студенттин таанып- билүү активдүүлүгү дегенде – анын билим алуу процессине жана натыйжаларына карата эмоционалдык-дөөлөттүк мамилесин, максаттуу иш-аракетин түшүнөбүз. Мындай аракет студенттин билимге ээ болуу жолундагы ар кандай кыйынчылыктарды жеңүүгө, акыл эмгегине максималдуу эрктик күч-аракетин, күчүн жумшоосунан көрүнөт. Студенттин түрдүү сабактар алкагындагы таанып-билүү активдүүлүгү татаал инсандык касиет катары субъективдүү (кызыкчылык, өжөрлүк, эрк, мотивация, тырышчаактык ж.б.) обьективдүү (чөйрөсүнүн интеллектуалдык бакубаттыгы, мугалимдин туткан позициясы, окутуунун ыкмалары ) факторлордун таасири аркылуу чындыкка айланат.

**Негизги сөздөр:** студент, инсан, окутуу, таанып –билүү, ишмердүүлүк, активдүүлүк.

# YURTDIŞINDAKİ TÜRK ÇOCUKLARINA TÜRKÇE'NİN ÖĞRETİMİNDE ÖĞRETMENLERİN KARŞILAŞTIKLARI SORUNLAR

**Rıdvan KAÇAR**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi

**Doç. Dr. Yavuz Ercan GÜL**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
yavuz.gul@manas.edu.kg, ydidim@gmail.com

Bu çalışmada, yurtdışındaki Türk çocuklarına Türkçe'nin öğretiminde, öğretmenlerin karşılaştıkları sorunların belirlenmesi amaçlanmıştır. Veriler 2021-2022 eğitim öğretim yılında Kırgızistan'da faaliyet gösteren Türk devlet okullarında görev yapmakta olan Türkçe öğretmenliği ve sınıf öğretmenliği branşlarından oluşan 15 öğretmenden toplanmıştır. Çalışma nitel yaklaşıma dayalı olarak görüşme yöntemine göre tasarlanmıştır. Çalışmada katılımcı grup amaçlı örnekleme yöntemine göre seçilmiştir. Veri toplamada yarı yapılandırılmış değerlendirme formu kullanılmış olup, verilerin analizinde içerik analizi tekniğinden yararlanılmıştır. Küreselleşen dünyada yaşanan değişimler, sosyal kültürel ve ekonomik alanlarda da değişim ve dönüşümlere neden olmuş, insanlar bu sebeplerden dolayı farklı coğrafyalarda da yaşamlarını sürdürmeye çalışmışlardır. Bu değişim iletişimin en önemli parçası olan dil üzerinde de değişiklikler oluşturmuştur. Farklı kültürlerden yapılan evlilikler sonucu dünyaya gelen çocukların hem anadili hem de yaşanılan toplum dilini kullanmaları nedeniyle iletişim kurdukları dilde değişimler ortaya çıkmıştır. Araştırmadan elde edilen bulgulara göre, yurt dışındaki Türk çocuklarına Türkçe'nin öğretiminde öğretmenlerin karşılaştıkları sorunlardan elde edilen en yüksek frekanslı bulgular: Öğrencilerin kendi aralarında Türkçe 'den farklı dillerde konuşmaları, sınıfta farklı milletlerden öğrencilerin olması sebebiyle sınıf içi etkileşimi azalttığı için Türkçe anlama becerisini olumsuz etkilenmesi, aile bireylerinin evde Türkçe konuşmamaları ve Türkçe televizyon kanallarını izlememeleri, çocuğun yaşadığı ülkede kullanılan alfabenin Latin alfabesinden farklı olması ile Türkçe kaynaklara, ders araç ve gereçlerine ulaşım imkanlarının yetersiz olduğu bulgularına ulaşılmıştır. Elde edilen bulgulara göre önerilerde bulunulmuştur.

**Anahtar Kelimeler**: Türkçe öğretimi, okul, öğretmen, öğrenci, dil.

# ИМАНДЫЛЫҚ ТӘРБИЕСІНІҢ СИПАТЫ

**Нұрсұлу Сейткерімқызы ӘЛҚОЖАЕВА**
Әл-Фараби атындағы Қазақ Ұлттық университет
nalgozhaeva@mail.ru

Ел ертеңінің тізгінін ұстар, өзіне сенімді, елдің әлеуметтік - экономикалық дамуына өз үлесін қоса алатын, жан-жақты дамыған мәдениетті, имандылық қасиеттерді бойына сіңірген білімді тұлғаны дайындап, тәрбиелеу – аса жауапты қоғамдық міндет. Тәрбиенің барлық салалары бір арнаға толысуы керек, ол арна – имандылық тәрбиесі. Имандылық әр халықтың салт-дәстүріне сай қалыптасатын ізгі қасиеттердің жиынтығы. Қазіргі мектеп жасындағы балалардың өзі шылым шегуі, ішімдік ішуі, тіпті есірткі қолдану – жасырып жабатын жағдай емес. Қылмыстың ең ауыр түріне баратын жастар да көбейіп отыр. Бұл қиындықтан шығудың жолын табу да педагогтардың алдында тұрған шешімі қиын міндеттердің бірі және де ол тікелей тәрбиеге байланысты. Елімізде ғылым, мәдениет салаларында жасалып жатқан шаралардың барлығы жастарға жалпы адамзаттық және жеке ұлттық игіліктер негізінде тәрбие мен білім беруді неғұрлым жоғары деңгейге көтеруге ықпал етуде. Қоғамның даму барысында, адамзат өмірінде әр халықтың тілі мен қатар салт-дәстүрі де қажетті себептермен дүниеге келді. Ал, адамдардың сол қоғам дамуына, сұранысына байланысты тәртібі, заңы, әдет-ғұрып, салт-дәстүр, наным-сенімдері, жол-жоралғылары қалыптасады. Имандылық мәселесін зерттеу еліміздің жаңа арнаға бет бұруымен, әсіресе, саяси-идеологиялық өзгерістерге байланысты туындап отыр. «Имандылық» ұғымының ортағасырдағы ғұламалардың еңбектерінен бастау алып, кейінгі ойшылдар, ағартушылар, ғалымдардың еңбектерінен көрініс тапқаны, зерттеулер негізінде айқындалған. Айталық, Қорқыт, әл-Фараби, М.Баласағұн, Қ.А.Яссауи, Қ. Жалайри, А.Иүгнеки. Ө.Тілеуқабылұлы т.б. мұраларымен қатар Ыбырай, Абай, Шәкәрім сынды ағартушылардың еңбектерінде мазмұндалады. Сонымен қатар, бұл ғұламалар өздерінің имандылық идеяларын мұсылман халқының заң, ереже, кітабы - Құран және Мұхаммед пайғамбардың Хадистері арқылы қалыптастырған, деуге негіз бар. Имандылық идеяларды меңгеру арқылы қоғамда иманжүзді, инабатты, имандылық қасиеттерін бойына сіңірген жеке тұлға қалыптастыра аламыз. Имандылық тәрбиесін қарастыру барысында, өзіндік тұрғыдан «Имандылық – әр халықтың салт-дәстүріне, әдет-ғұрыптарына, күнделікті өмір сүру тәсілдерінде кездесетін жөн-жоралғыларына байланысты және ұрпақ бойында ұлттық, ерекшелікке байланысты туындайтын ізгі қасиеттер жиынтығы», деген анықтама беруге болады.

**Негізгі сөздер:** имандылық, тәрбие, салт-дәстүр, ғұлама, мәдениет т.б.

# DIGITAL MAPS OF ANCIENT TURKIC ARCHAEOLOGICAL LANDSCAPES OF THE WORLD AS AN EDUCATIONAL PLATFORM

**Mukhamedrahim KURSABAYEV**
Kazakh National Pedagogical University named after Abai
kursabaev1961@gmail.com
**Arman DEMEUOV**
Kazakh National Pedagogical University named after Abai

**Zhanna TILEKOVA**
Kazakh National Pedagogical University named after Abai

**Ulbosyn KIYAKBAYEVA**
Kazakh National Pedagogical University named after Abai

**Bauyrzhan SEYDAKHMETOV**
Kazakh National Pedagogical University named after Abai

The use of modern achievements of digital resources of geoinformation systems (GIS) in scientific research in the field of historical, cultural and archaeological landscapes of ancient Turkic monuments today opens up a wide technological opportunity for researchers as an electronic educational platform. The emergence of an innovative information space associated with the leading trends of digital products of the IT industry on the example of ArcGIS, USGS Earth Explorer, Google Earth, Yandex Map, Geofabrik, Autocad, QuantumGIS accelerates the process of designing alternative trajectories, forms, methods and thinking of modern educational platforms based on scientific results. Ancient Turkic archaeological sites are witnesses of the unique culture of mankind, connecting synergetic attributes and symbols, sacred values of nomadic tribes (Aryans, Scythians, Huns) in the steppe zone of the Eurasian continent. Based on scientific sources accumulated over the centuries from Herodotus to Alkey Margulan, it should be concluded that the Turkic tribes are direct descendants of the nomads of the Great Steppe, whose cultural areas stretched from the Baikal Oikumen to the Eastern European plains. Ancient cartographic data of Anaximander, Strabon, Eratosthenes, Zenodox, Qin Shihuan, Bhavabhuti, Al Idrisi, Piri Reis, N. Germanus, M. Behaim, Fra Mauro, G. Mercator A. Ortelius, Juan de la Cos, S.U. Remezov have been preserved, where the territories of nomads and Turkic tribes potentially inhabited the steppe zones of Eurasia are indicated.

**Keywords**: digital map, ancient Turkic archaeological landscapes, educational platform, ArcGIS, nomadism, Great Steppe.

# ОКУУЧУЛАРГА ИЕРОГЛИФТЕРДИ ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ДИДАКТИКАЛЫК КАРАЖАТТАР

**Курмангазиева Ширин**
Кыргыз Түрк Манас университети
sirin.kurmangaziyeva@manas.edu.kg

Белгилүү болгондой, кытай тилинин иероглификалык жазуусу аны үйрөнүүнү эле татаалдатпастан, жалпы эле окутуу процессин оорлотуп жана эффективдүүлүктү азайтат. Кээ бир окуучулар кытай тилин окуу учурунда, угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу – төртөөнүн ичинен угуу жана сүйлөөнү биринчи орунга коюп, экөөнү гана маанилүү деп эсептеши мүмкүн. Анткени, бир тилди үйрөнүүдө ошол тилде угуп түшүнүү жана сүйлөө гана жетиштүүдөй сезилгени менен ал тилде жаза билүү, окуй алуу да өтө маанилүү. Албетте, башка тилдерде окуу жана жазуу кытай тилине караганда алда канча жеңил. Ошондуктан, кытай тилин окутууда жазууга жана окууга да өтө чоң маани берилиши керек. Иероглифтерди жана сөздөрдү окутуу кытай тилин окутуунун негизги проблемасы болуп эсептелет. Бул проблеманы чечүү үчүн окутуу процессинде дидактикалык каражаттарды колдонуу сунушталат, ошондой эле, дидактикалык каражаттар тилди үйрөтүүдө эффективдүүлүктү жогорулатмак. Азыркы убакта кытай тилин үйрөтүүдө кээ бир учурларда иероглифтерди жазуу унутулуп калат. Иероглифтерди жазуу оор болгондугуна байланыштуу окуучулар анын маанисин, айтылышын, колдонулушун билип турса да, иероглифти жаза албай калышы мүмкүн. Ошол себебтен, окуучулардын эске тутуусу эффективдүү болуусу үчүн дидактикалык каражаттарын колдонулушу сунушталмакчы. Иероглифтерди үйрөтүүдө мугалимдин ролу өтө маанилүү, себеби, иероглифтер жөн гана жазыла бербестен өзүнүн ирээти менен жазылышы керек. Башталгыч кытай тилин окутууда мугалим окуучуларга иероглифтерди көбүрөк жазуусун талап кылып туруусу зарыл. Текшерүү учурунда сөзсүз түрдө иероглифтердин ирээти менен солдон оңго, үстүдөн ылдыйга, ичтен сыртка жана башка ушул сыяктуу эрежелерди эске алып жазылганына көңүл бурулушу керек. Бул учурда иероглифтерди ирээти менен жазууну үйрөтүүчү колдонмо, видео жана карточкаларды жардамчы катары колдонсо окуучулардын үйрөнүүсү алды канча жеңил болот.

**Ачкыч сөздөр:** кытай иероглификалык жазуу, дидактикалык каражаттар, жазуу эрежелери

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕРДЕ ОКУТУУ ЖАНА ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ УЮШТУРУУНУН МААНИСИ

**Байтикова Тилек Аянбаевна**
tiliekbaitikova69.@mail.ru
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
**Арабаева Элгүлү**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Учурда этнопедагогикалык билимдерди изилдеп үйрөнүү, материалдарды жыйноо, системага салуу, аларды окутууга карата заманбап методикаларды сунуштоо иштери дагы да ийгиликтүү улантылууда. Өткөн жыл Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаровдун жарлыгы менен “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” деп жарыяланышынын алкагында мектеп окуучуларын руханий да, адеп-ахлактык жактан да тарбиялоо маселеси алдынкы планга чыкты. Бул багытта адабий көркөм текстерди этнопедагогикалык контекстте окутууда, окуучуларды ата-бабаларыбыздын каада-салттары менен тааныштырууда этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууга да өзгөчө басым жасала баштады. Кылымдар бою топтолгон улутубуздун элдик билими өткөн тарыхты таанып билүүнүн булагы болуп келет. Ошондуктан жаш муундарды өзгөчө башталгыч класста улуттук баалуулуктарды, тактап айтканда, этнопедагогиканын негизинде окутуп, тарбиялоо маселеси – бул билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү болушу замандын талабы десек жаңылышпайбыз. Башталгыч мектеп баланын алгачкы билим алуу чөйрөсү болуп, ал мектеп босогосун аттагандан баштап, өз мекени, анын эгемендүүлүгү, көз карандысыздыгы, өз алдынча мамлекеттүүлүгү, эл-журтунун ички ынтымак-биримдиги, өз эне тили, маданий рух-дөөлөттөрү, каада-салттары тууралуу кабардар болуп, аны аң-сезиминде кабылдоо менен балада улуттук өздүк аң-сезим калыптандыра баштоо зарыл. Жалпы орто билим берүүчү мекемелердин башталгыч мектептеринде ар кандай ийримдер иштеп, ошону менен бирге сабактан тышкаркы тарбиялык сааттардын пландары да этнопедагогикалык нукта түзүлүп, анда жаш муундарды улуттук каада-салттын үлгүлөрү (элдик оюндар, фольклор, ыр-күүлөр, санат-насыят ырлары, элдик музыка, кол өнөрчүлүк ж.б.) менен тааныштыруу, аларды окуучулардын аткаруусу да жакшы жолго коюлган. Жыйынтыктап айтканда, башталгыч мектепте окутуу, тарбиялоо процессин бир гана “Адабий окуу” сабагы эмес, бардык сабактар этнопедагогиканын негизинде уюштуруп өткөрүлсө, анда келечекте өз мекенин сүйгөн мекенчил жаштар тарбияланып чыгарында шек жок.

**Негизги сөздөр:** башталгыч мектеп, окуучу, этнопедагогика, улуттук баалуулук, акын-жазуучулар, чыгармалар.

UMEK-2022

# МЕТОД НОВИЗНЫ В СИСТЕМЕ КОММУНИКАТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ ИНОЯЗЫЧНОЙ КУЛЬТУРЕ

**Сейитбекова С. С.**
Ошский Государственный университет
**Дыйканбаева Т.Т.**
Ошский Государственный университет
**Сабирова В.К.**
Ошский Государственный университет
sabirova_venera@mail.ru

Настоящая статья посвящена принципам создания системы коммуникативного обучения иноязычной культуре. Выдвижение иноязычной культуры в качестве цели обучения ставит вопрос о необходимости создания новой методической системы, способной обеспечить достижение этой цели наиболее эффективным и рациональным путем. В настоящее время совершенно ясно, что такая система может быть построена только на коммуникативной основе. Коммуникативность предполагает построение процесса обучения как модели процесса общения. Путь к общению на иностранном языке лежит только через общение, специально организованное таким образом, чтобы происходило постепенное овладение речевым материалом. Именно обучение в адекватных условиях будет способствовать переносу речевых навыков в различные ситуации общения. Эффективность обучения находиться в прямой зависимости не только от того, сколько говорят, слушают и читают учащиеся. Важно учитывать, как и что они говорят, слушают и читают. В активизации мыслительной деятельности учащихся и заключается один из основных резервов повышения эффективности обучения, а также и устранения перегрузки школьников, причиной которой часто является не объем усваиваемого материала, а механическая, бессмысленная работа на уроке. Поэтому упражнения в любом виде речевой деятельности должны включать в себя в качестве обязательного компонента речемыслительные задачи, естественного разного уровня и разной обучающей направленности. Система коммуникативного обучения иноязычной культуре предлагает использование различного вида опор при обучении лексике, грамматике, монологической и грамматической речи, чтению, аудированию.

**Ключевые слова**: цель, культура, качество, коммуникация, обучение, воспитание, взаимодействие.

**Касмалиева Анаркан**
Кыргызско-Турецкий Университет "Манас"
anarkan.kasmaliyeva@manas.edu.kg
**Губанова Л.И.**
КГУ им. Ж. Баласагына
**Белькова Н.С.**
КГУ им. Ж. Баласагына
**Николаева Л.А.**
КГУ им. Ж. Баласагына

Сегодня система образования Кыргызстана стоит перед проблемой обновления и внедрения новых стандартов и специалистами вопрос об эффективности образования на разных уровнях, начиная от дошкольного до профессионального образования. Школьная физическая культура - это часть общей культуры, которая слагается из соответствующих знаний и опыта, средств и методов совершенствования моторных способностей детей, их умений практически использовать жизненно важные прикладные физические упражнения в дальнейшей жизни. Главная задача школьной ФК – формирование здоровья детей, их разностороннее физическое и личностное развитие. Существующая система школьной физической культуры в Кыргызстане более всего нуждается в реформировании, качество школьного образования за последние десятилетия оно неуклонно снижалось в силу слабой мотивированности учителей и учеников, недостаточной материально-технической обеспеченности и отсутствия современной спортивной базы большинства школ, отсутствие права выбора школьником вида физкультурно-спортивной деятельности, что привело к снижению уровня здоровья школьников – на сегодня около 80 % выпускников школ имеют отклонения в состоянии здоровья, и это лишь часть проблем организации физического воспитания в школах нашей республики. Для того, чтобы школьная среда действительно стала здоровье формирующий и безопасной для ребенка мы должны добиваться повышения качества школьного образования. Сегодня необходимо разработать реальную систему оценки качества образования, и в первую очередь, надо разработать и внедрить систему мониторинга физического развития, физической подготовленности и успеваемости школьников. Это позволит достигнуть положительных изменений в уровне здоровья и формирования физической культуры школьников за годы обучения в школе, что несомненно в последующем отразится и на качестве образования выпускников школ.

**Ключевые слова:** Физическая культура, здоровья, дошкольник, физическое подготовленность.

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ

**(“Балдарга кыргыз тили” сериясынын негизинде)**

UMEK-2022

**Калия КУЛАЛИЕВА**

Кыргыз-Түрк “Манас” университети
kaliya.kulaliyeva@manas.edu.kg

Эгемендүүлүктү алгандан кийинки 30 жыл ичинде кыргыз тилин өнүктүрүү, жайылтуу, аны мамлекеттик башкаруунун тилине айландыруу үчүн көп күч-аракет жумшалып, мамлекеттик деңгээлде иш-чаралар жүргүзүлүп, көп суммадагы каражат бөлүндү. Бирок иш жүзүнө келгенде көрүлгөн иш-чаралардын жетишсиздиги байкалып, өзгөчө шаар жерлериндеги жыйындарда, эл аралык иш-чараларды өткөрүүдө кыргыз тили четте шыкаалап туруп калганы ачуу чындык. Мурунку жылдарга салыштырмалуу улам кийинки жылдары кыргыз тилине көбүрөөк көңүл бурулуп, анын улуттук баалуулук экендигине маани берилип жатканы кубантарлык көрүнүш. Кыргыз тилинин коомубуздун бардык деңгээлинде толук колдонулушун камсыздай тургандар, албетте, биринчи кезекте эл, мамлекеттик жетекчилер, мыкты тилчи адистер, педагогдор, окумуштуулар экендиги анык. Тилди үйрөтүү, калыптандырууда үй-бүлө жана башталгыч мектептин ролу эбегейсиз. Бул макалада мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү мекемелеринин кыргыз тили мугалимдерине, тарбиячы жана ата-энелер үчүн арналып даярдалган “Балдарга кыргыз тили” сериясынын 3 китебинин маани-маңызы жана түзүлүш өзгөчөлүгү тууралуу маалымат берилди. Басмага даярдалуусу 10 жылдан ашык убакытты талап кылган бул китептердин методологиялык өзгөчөлүгү, илимий негиздери талдоого алынып, колдонуу боюнча айрым нускамалар берилди. Макаланы даярдоодо сыпаттоо, анализ, байкоо, анкета жүргүзүү сыяктуу методдор колдонулду.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү, кыргыз тили, кошумча окуу китеби, окууга үйрөтүү, окуп түшүнүү.

**БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ОРДУ, ИНТЕГРАЦИЯЛЫК БААЛУУЛУКТАР ТИЛ МАСЕЛЕСИНДЕ**

**Бактыгүл Кубанычбекова**
Нарын мамлекеттик университети

Ааламдашуу шартында кыргыз тилинин абалы, билим берүүдөгү орду, XXI кылымдын компетентүүлүктөрү жана аларды баалоодо мамлекттик кызыктчылык, мамлекеттик тилдин маселелери тууралуу статистикалык жана практикалык көз караштар менен белгиленип, аны чечүүгө болгон алгылыктуу иш-аракеттер. Мамлекеттин саясий, экномикалык, социалдык мүнөзү жана тил, тилдин таасири. Тилге болгон мамиле, тилдин өнүгүсү, солгундашы күнгөйү менен тескейи учурдун актуалдуу маселеси. Кыргыз тили-улуттук, этностун тили. Улуттун баалуулуктарын арттыруу, маданиятын тереңдетүү, билимин жогорулатуу бул кыргыз тилинин маселеси. Экономикалык байланыштын тили, учурдагы коммуникация бул -орус тили. Байланышты жакшыртуу, элдин жашоо шартын жакшыртууда мамлкеттик статуска ээ болгон орус тилин өздөштүрүү. Орус тилине болгон муктаждык, кыргыз мектептеринин кыскарышы элдин экономикалык, коммуникациялык абалы менен түшүндүрүлөт. Жаңы маалымат каражаттарынын тили- англис тили. Жаш муундун чет тилин өздөштүрүү, чет жерде билим алуусу чет тилине болгон муктаждык. Маалыматтк технология тили континенталдык алыс аралыкта турган чет тилин өздөштүрүүгө негиз. Ошол эле учурда кыргыз тили -Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн негизги уңгусунун бири катары мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин бардык чөйрөлөрүндө ушул мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын дагы башка мыйзамдарында каралган тартипте милдеттүү түрдө иштейт деп биринчи беренеде көрсөтүлүп тургандай, кыргыз тили мамлекеттин уңгусу, мамлекеттин негизи. Мезгил талабына шайкеш келген баардык мүмкүнчүлүктөрдү колго алуу менен тилди жатарга үйрөтүү, тилдин келечегине кам көрүү керек.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү системасы, улуттук тил, интеграциялык баалуулуктар

# БИОЛОГИЯ САБАКТАРЫНДА LEARNINGAPPS.ORG КЫЗМАТЫ ЗАМАНБАП САБАКТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

**Усубалиева Назира**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
n-usubalieva@mail.ru

Адамдын жашоосунун темпи күндөн күнгө өсүүдө, ар кандай технологиялар тездик менен өнүгүп жатат жана тез эле эскирүүдө. Заманбап мугалимдин негизги компетенттүүлүгү - өмүр бою билим алуу. Учурда окуучулардын окуу активдүүлүгүн жогорулатуу проблемасы актуалдуу. Интерактивдүү методдор окуучулардын универсалдуу окуу ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Көптөгөн интерактивдүү материалдардын жана окуу куралдарынын, ар кандай тренажерлордун жана башка билим берүү ресурстарынын бир катар олуттуу кемчиликтери бар. Мындай кырдаалда жардамды LearningApps.org веб-сервиси көрсөтө алат. LearningApps.org – бул ар кандай предметтер боюнча интерактивдүү окуу куралдарын (көнүгүүлөр, тесттер, кроссворддор, хронологиялар, табышмактар ж.б.) түзө турган платформа. LearningApps.org кызматын колдонуу менен сиз кыска убакыттын ичинде ар кандай типтеги өзүңүздүн тапшырмаларыңызды түзө аласыз (эстутумду өнүктүрүү оюндары, кроссворддор, туура жоопту тандоо менен тесттер, тесттер, дал келүүнү табуу ж.б.у.с.) убакыт аралыгы, ал эми интерактивдүү форма окуучулардын предметке болгон мотивациясын жогорулатууга өбөлгө түзөт. LearningApps.org дидактикалык материалдарды түзүү үчүн универсалдуу курал болуп саналат. Бул кызматтын аркасында студенттер өздөрүнүн билимдерин ойноо жолу менен сынап, бекемдей алышат, бул алардын белгилүү бир окуу дисциплинасына кызыгуусун калыптандырууга өбөлгө түзөт. Сайт ресурстун колдонуучулары тарабынан түзүлгөн коомдук интерактивдүү тапшырмалардын галереясын камтыйт. Мындай көнүгүүлөр начар окуган студенттердин эмоционалдык маанайын көтөрүү менен интерактивдүү көнүгүүлөрдү жасоого кызыктырат. LearningApps.org кызматы билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде, ар кандай типтеги тапшырмаларды иштеп чыгуучу куралдардын бири болуп саналат. Бул сервистин өзгөчө артыкчылыгы – компьютерде минималдуу билими бар ар бир адам аны кызыктырган көнүгүүлөрдү түзүп, аткара алат. LEARNING APPS.org тиркемесинин интерактивдүү модулдары ар кандай өнүктүрүү милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк берет, алар байкоону, визуалдык эстутумду жана элестетип ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө салым кошот. Аларды активдүү колдонуу менен студенттер керектүү маалыматты өз алдынча издөө, талдоо жана тандоо, аны трансформациялоо жана сактоо жөндөмдөрүн өркүндөтүшөт.

**Негизги сөздөр:** Биология сабагы, LearningApps.org, заманбап сабак, эффективдүүлүк.

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭР ЖИГИТТИН АДЕПТИК МАДАНИЯТЫНЫН МОДЕЛИ

**Рита Умарова**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
umarovarita@bk.ru

Сунушталган эмгекте “Манас” эпосундагы эр жигиттин адептик маданиятынын модели башкы каарман Манастын үлгүсүндө талдоого алынат. Изилдөөдө негизинен документ анализи методу жетекчилике алынып эпостун тексттерин талдоого негизделген. Кыргыз элинде адамдын адептүүлүгү анын алган тарбиясынын, жорук жосунунун, моралдык этикалык түшүнүктөрүнүн, ыймандык ынанымдарынын күзгүсү катары кабылданып, ушул мүнөздөмөлөр менен шартталгандыктан, элдин аң сезиминде «адеби менен болуу», «адеби менен сүйлөө», «адеп сактоо” деген түшүнүктөр жогору бааланат. Ушул нуктагы тарбия, б.а. адептик тарбия жана адептик маданият эзелтен калыптанып, өзүнчө бекем түптөлүп калган салттуу адептик дөөлөттөр системасы – «Манас» эпосунда жашап келет. «Манас» эпосунда адептик маданияттын эң башкы өрнөгү Манастын өзү. Ал мансапка жана атак-даңкка алданып же дүнүйөгө берилбейт, даанышман карыяларга ал тургай көз карашы карама –каршы келген атасы Жакыпка да каяша айтпайт. Аял затын урматтай билет. Чын дилден айтылган сынды терикпей угат. Чоролорго, өзүнөн кичүүлөргө ызаат менен мамиле кылат. Жан дүйнөсүн, баатырдык салтын ошолорго ыйгарууга далалат кылат. Манас ак көңүл, айкөл, душманына да ак көңүлү ме¬нен ишене берет. Анын бул касиети эпосто «суу ич десе, уу ичкен омбул-домбул эр ошол» деп сүймөнчүлүк менен мүнөздөлөт. Эл ичиндеги «Элдин эки тиреги бар, биринчиси – акылман, экинчиси –баатыр», «Эстүү эр кыйшайбай, эл-журтуна тең болот» деген асыл наркта нускалангандай, Манас эч качан элин паанасыз, калкасыз, тамаксыз ачка таштабайт. Бул сапаттар бүгүнкү күндө уул балдарды тарбиялоонун мазмунун айкындоого негиз боло алат.

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим, башталгыч класс, окуучу, адеп, тарбия, даярдоо.

UMEK-2022

# РАЗВИТИЕ РУССКОЙ РЕЧИ НА ЗАНЯТИЯХ ПО ФИЛОЛОГИЧЕСКОМУ АНАЛИЗУ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА В ТЮРКОЯЗЫЧНОЙ АУДИТОРИИ

**Нарозя Алла Георгиевна**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
alla.narozya@manas.edu.kg

Цель доклада – определить, в какой мере филологический анализ художественного текста способствует развитию русской речи тюркоязычных студентов. На занятиях используется поэтологический метод анализа текста, который предполагает детальное изучение системы изобразительно-выразительных средств литературно-художественного произведения с целью выявления художественного мастерства писателя или поэта, создающего словесный художественный образ. Такой метод позволяет студентам не только пополнять свой словарный запас, но и способствует развитию образного мышления, что уже мотивирует их к говорению. После постижения студентами образной ткани художественного текста обращается внимание на структуру произведения: сюжетную и композиционную организацию текста. Анализируя эпическое или лирическое произведение, студенты учатся выявлять элементы сюжета, обращают внимание на их расположение в тексте, а также начинают понимать, как создаются образы-характеры героев произведения. Такая детальная работа с текстом помогает студентам развивать навыки письма и говорения. Заключительным этапом в работе с текстом является определение тематики, проблематики, идеи и пафоса произведения. Такая работа требует умения обобщать полученные знания и делать определённые выводы. В процессе работы со студентами используются различные интерактивные методы (работа в мини-группах, составление схем, кластеров, таблиц, подготовка презентаций, написание сочинений и т.д.). Всё это способствует не только пониманию текста, но и развитию устной и письменной русской речи.

**Ключевые слова:** развитие речи, говорение, письмо, филологический анализ текста, литературное произведение, поэтологический метод, интерактивные методы.

# «ИНТЕРНЕТ+» ДООРУНУН КОНТЕКСТИНДЕ КЫТАЙ ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ЫКМАСЫН КЫСКАЧА ТАЛДОО

**Райиле Турсун**
Кыргыз-Түрк “Манас” университети
reyila.tuerxun@manas.edu.kg

Илимий технологиянын өнүгүшүн улай мобилдик интернет технологиясы ар кандай тармактарда кеңири масштабда колдонулуп, акылдуу терминалдар адамдардын жашоосунда керектүү нерселерге айланды. Мунун жыйынтыгында пайда болгондор да интернеттин билим берүү тармагында уламдан улам кеңири колдонулушу сөзсүз болуп саналат. Ошентип, интернетти салттуу окутуу үлгүлөрү менен айкалыштырган билим берүүнүн жаңы үлгүсү да биздин келечектеги окутууда жана изилдөөдө изденүүбүз керек болгон маанилүү темага айланды. Кытай тилин окутуу боюнча 9-эл аралык семинарда Ханбан да бул маселеде: «Кытай тилин чет тили катары окутуу кагаз түрүндөгү окуу материалдарына негизделген бетме-бет окутуу ыкмасынан заманбап билим берүү технологияларын, мультимедиялык интернет менен окутууну толук колдонууга өтүшү керек» аттуу көз карашын көтөрүп чыккан. Акыркы жылдары кытай тилинин чет тили катары окутуу чөйрөсү ар кандай билим берүү үлгүлөрүн жана окутуу ыкмаларын интеграциялоо үчүн мультимедиялык тармактык технологияларды колдонууну ар дайым изилдеп келет. Студенттердин тил көндүмдөрүн үзгүлтүксүз жана натыйжалуу өркүндөтүү үчүн студенттердин тил үйрөнүүсүнө үч өлчөмдүү жана ар тараптуу тил үйрөтүүнү жаратып келет. Интернет желесинин кытай тили кесибин окуган студенттердин кытай тилин үйрөнүүгө тийгизген таасирин андан ары изилдөө жана талдоо максатында, бул макала кытай тилин чет тили катары окутуунун инновациялык ыкмалары жагынан ишке киришип, Кыргыз-Түрк Манас университетинин кытай тили жана адабияты кесибин окуган студенттерине тиешелүү изилдөөлөрдү жана терең анализдерди жүргүздү. Ошондой эле «Интернет+» контекстинде кытай тилин чет тили катары окутуу үлгүсүн өнүктүрүүгө изилдөө жана ой жүгүртүү жүргүзүп, мындан улам жогорку сапаттагы жана жогорку деңгээлдеги кытай тилинин жогорку квалификациялуу кадрын өстүрүү үчүн окутуу ыкмалары жөнүндө маалымат менен камсыз кылынмакчы.

**Ачкыч сөздөр:** Интернет+; кытай тилин чет тили катары окутуу; окутуу үлгүсү; кытай тилин үйрөнүү

# THE PROBLEMS OF INTEGRATION OF DIGITAL TECHNOLOGIES INTO FOREIGN LANGUAGE TEACHING AT UNIVERSITIES IN KYRGYZSTAN

**Nurgul KARYBEKOVA**
Kyrgyz-Turkish Manas University
nurgul.karybekova@manas.edu.kg

The article is focused on the development of digital tools and resources for teaching foreign languages to university students with diverse cultural backgrounds in Kyrgyzstan. The article discusses the importance of integrating digital tools that can respond to the demands of the modern world, since university graduates often lack the ability to move into the modern global workforce and, consequently, are excluded. This is because the “hard skills” typically taught in their disciplines have not been altered to accommodate the huge social changes brought about by the digital world. Implementing digital tools in teaching foreign languages would make such students able to participate in a global world and avoid economic exclusion and thus prevent the possibility of falling into radicalism or labor migration. It is becoming increasingly important since the required global shift to online learning has revealed Kyrgyzstan to be far behind in adapting to the crisis situation. The pandemic has revealed seismic fault lines in the way technology is utilized in the Kyrgyz educational system. Each university was left to find its own approach, leading to widespread confusion and little mutual assistance between institutions. The article also studies the chaotic implementation, the students’ experience that greatly differed from place to place, the split between the developed cities and the rural areas, and the social inequalities that have been under-addressed for decades.

**Keywords:** digitalization, foreign language, digital tools, integration, graduates.

UMEK-2022

# ФИЗИКА БОЮНЧА ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ИШТЕРДИ АТКАРУУ ҮЧҮН ЭЛЕКТРОНДУК КИТЕП ТҮЗҮҮ

**Азат Акматбекова**
Кыргыз-Түрк “Манас” университети
*azat.akmatbekova@manas.edu.kg*

**Пейил Эсенгул кызы**
Кыргыз-Түрк “Манас” университети
*peyil.esengul@manas.edu.kg,*

Заманбап коомдогу глобалдуу маалыматташтыруу процессинин билим берүү тармагында маалымат технологиялары колдонулууда, башкача айтканда окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү максатында, билим берүү процессине түрдүү электрондук ресурстар тартылууда. Бул өз кезегинде окуучуга өз алдынча иштөө, изденүү жана окуп билүүгө түрткү болуп, окуу процессин байытып, кызыктуу болушуна өбөлгө түзөт. Компьютердин техникалык мүмкүнчүлүктөрү билим алуу процессин индивидуалдаштырууга, көрсөтмөлүү кылууга, теориялык материалды, практикалык билгичтикти калыптандыруу менен коштоого, сабакка болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет. Учурда окуу материалдарынын заманбап формаларынын бири болуп электрондук китеп (ЭК) саналат. Электрондук китеп (ЭК) окуу дисциплинасы боюнча дидактикалык, методикалык жана маалыматтык материалды жана программалык жабдыкты өз ичине камтып, окутууда да колдонууга ылайыкталат. Азыркы учурда кыргыз тилинде электрондук китептер аз санда гана кездешет, дээрлик жокко эсе. Жогоруда аталган көйгөйдү чечүү максатында физика боюнча лабораториялык иштерди аткаруу үчүн ЭК түзүлдү. Электрондук китепти түзүүдө веб-программалоодо кеңири кездешкен HTML, JAVA SCRIPT жана CSS тилдери колдонулуп, даярдалган электрондук окуу китеби Кыргыз–Түрк “Манас” университетинин студенттерине сунушталып, http://fizlab.manas.edu.kg/ шилтемеси аркылуу 2015-жылдан бери студенттер колдонуп келишет. Электрондук китепте “Механика жана термодинамика”, “Электр жана магниттик кубулуштардын негиздери” бөлүмдөрүнүн 18 лабораторудук иштери камтылып, ар бир лабораторудук иштин аягында өздүк текшерүү суроолору, өзүн-өзү текшерүү үчүн тесттик суроолор түзүлгөн. ЭКтин дагы бир өзгөчөлүгү болуп лабораториялык иштерди аткарууда колдонгон приборлордун иштөө принциптери кыргыз тилинде видеолорго тартылып киргизилген, жумуш аткаруу үчүн виртуалдык программалар жана djv форматында 50 даана электрондук китептер орун алган. ЭКтин апробациясы өткөн биринчи окуу жылында физика боюнча инженердик бакалаврдын студенттеринин өз алдынча иштерин оптималдуу уюштуруу маселелеринде актуалдуулугун көрсөттү, студенттердин физика сабагына кызыгуусун жана активдүүлүгүн арттырды.

**Ачкыч сөздөр:** электрондук китеп, лабораториялык иш, өз алдынча иштөө, физика.

UMEK-2022

# АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖАШТАРДЫ АДЕП-АХЛАК, ЫЙМАНГА ТАРБИЯЛООДО НЕГИЗГИ ТАЯНЫЧ КАТАРЫ

**Таштемирова Райхан**
Кыргыз-Түрк "Манас" университети
toboyrahat@mail.ru

Жаштарды тарбиялоодо таяныч катары пайдаланууга негизги курал болгон замандын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун биз кайрылып кетмекчи болгон чыгармалары нравалуулук маселесин адамзаттык, ааламдык алкакка алып чыгып, нраванын, рухтун жакырланышы адам жашоосундагы бүтүндүктү кыйратууучу эң коркунучтуу нерсе экендигин кабарлап, адам баласынын акылга келип, сактанып калуу үчүн аракет жасоосуна чакырык жасайт. Айтматовдун чыгармаларын кынабын келиштире түрдүү усулдук негизде окутуу балдардын жан дүйнөсүнө жеткирүү XXI кылымдын жаштарын кишилик касиеттерин калыптандыруунун актуалдуу таянычы болору талашсыз. Айтматов адамзатты ыйманга, адеп-ахлакка чакырууну баёо кыргыз эли мекендеген, өзү үчүн «жер киндиги» болгон Шекерден («Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Бетме-бет», «Гүлсарат» ж. б.) баштайт, анан созулган чөл-талаа Сары-Өзөктө глобалдык («Кылым карыткан бир күн») масштабда тереңдетет. Ч. Айтматов бул романында адамдын адам болуу проблемасын иликтөөдө адамзат ааламынын күрөө тамырларын таап, анын жан туйгус симфониясын кепке келтирген. Бул чыгармада адамдардын жан-тениндеги көрөңгөнү сүрөттөөдө жаныбарлардын (болгондо да жырткыч-карышкырлар) ой-туюмдарын сөзгө келтирип, метафоралап, социалдык-нравалык маселелерди философиялык ой-бүтүм, тыянактар аркылуу берет.

**Ачкыч сөздөр:** Айтматов, акыл-эс, адеп-ахлак, жаштар, тарбия, повесть, роман, каарман ж.б.

UMEK-2022

# КӨРКӨМ ТЕКСТТЕГИ СИНОНИМДЕРДИН ФУНКЦИЯСЫ

**Аскерова Даткайым**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
datkaaiym@mail.ru

Тил илиминде синонимдердин табиятын аныктоодо ар түрдүү пикирлер, көз караштар айтылып келет. Бир катар окумуштуулар окшош, жакын маанилеш сөздөрдү, айрымдары бир эле түшүнүктү, же затты туюндурган сөздөрдү, дагы бир тобу синонимердин контексттик абалын, стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен синонимдердин табиятын аныктап келишкендиги белгилүү. Синонимдердин көркөм текстте колдонулушу жана андагы стилистикалык-эстетикалык кызматы анын табият-маңызына байланыштуу келет. Алардын табияты маанилик жакындыкка, окшоштукка негизделсе да, көркөм текст ичинде дал ошол маанилик жакындыгын туюндуруу менен катар, каршы маанидеги семантиканы да билдирип тургандыгы менен өзгөчөлүү. Ушул жагынан алганда да, анын изилдене турган маселелери арбын экендиги баса белгиленди. Сөз өнөрү менен дүйнөнү образдуу туюндуруучу, адам турмушун чагылдыруучу искусствонун бир түрү-көркөм чыгарма. Көркөм чыгарма байыркы мезгилдерден бери эле жашап келет. Анын коомдук функциясы таанычуулук, ой жүгүртүүчүлүк, тарбиялоочулук,өнүктүрүүчүлүк, эстетикалык рахат тартуулоочулук факторлору менен шартталган. Ал-дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдырылуучу бир формасы. Коомдук тарбиялык мааниге ээ болуп, адамдын акыл-эсине, ой-сезимине, кыялына таасир этет.Коомдук турмушта, социалдык күрөштө өзгөчө чоң роль ойнойт. Көркөм чыгарма адамзат коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык көрүнүшүн образдуу чагылдырат, коомдук аң-сезимди калыпка салууда зор көмөк болот, идеологиялык курал кызматын аркалайт. Ошондуктан көркөм чыгарманын мүмкүнчүлүгү кеңири. Бул макалада синонимдер боюнча айтылган илимий көз караштарды көңүл борборуна тутуу менен, аларды жекече көз караште жалпылап, негизги аткарган функцияларына токтолдук. Айрыкча, көркөм тексттеги синонимдердин аткарган милдеттеринин ар бири боюнча өзүнчө илимий териштүүрүлөрдү кеңири жүргүзүүгө боло тургандыгы эске алынууга тийиш.

**Ачкыч сөздөр:** текст, көркөм текст, сүйлөм, синонимия, стилистика.

UMEK-2022

# ОПРЕДЕЛЕНИЕ ЦЕННОСТИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА 5-6 ЛЕТ ПО МНЕНИЮ РОДИТЕЛЕЙ И ПРЕПОДАВАТЕЛЕЙ

**Асель Усупбаева**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
asel_usupbaeva@yahoo.com

Целью данного исследования является определение основных ценностей, которые приобрели дети 5-6 летнего возраста по мнению родителей и воспитателей. В исследовании использовался метод контент-анализа, являющийся методом качественного анализа содержания документов. В анкетировании принимали участия 75 родителей, имеющие детей в возрасте 5-6 лет и 30 воспитателей, работающие в различных детских садах города Бишкек. Контент-анализ проведен путем группировки собранных мнений. В результате исследования было выявлено, что ценностные предпочтения родителей и учителей сосредоточены на моральных, патриотических, предпринимательских, адаптивных, самоконтрольных аспектах ценностей. Также было выявлено, что из ценностей, родители придают большее значение таким ценностям как уважение, трудолюбие, ответственность, честность, отзывчивость и оптимизм, в то время как воспитатели придают большее значение ответственности, отзывчивости, уважению, трудолюбию и оптимизму. Было установлено, что и родители, и учителя придают наименьшее значение таким ценностям как патриотизм, счастье и креативность.

**Ключевые слова**: Основная ценность, ценность, дошкольное образование, родитель, воспитатель.

# СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

**Жайлообай кызы Айжамал**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
aika122@mail.ru

Кыргыз тилинин бүгүнкү күндөгү өнүгүп-өсүү тенденциясын илимий негизде изилдөө иштери азыркы учурда баарлашуу, пикир алышуу, жазуу, текст жаратуу, жалпы эле кеп маданияты маселерине да түздөн-түз тиешелүү.Ушуга байланыштуу сүйлөө маданиятын илимий-теориялык жактан ар тараптуу териштирүүгө алуу учурдагы зарылдык болуп саналат. Сүйлөө маданиятын изилдөө, илимий проблема катары күн тартибине коюлушу анын азыркы кездеги абалына, лексикалык-семантикалык, грамматикалык категорияларынын тактальшына, стилдик жактан колдонулуш мүмкүнчүлүктөрүнө, айта билүү, жаза билүү маданиятына байланыштуу келип чыгууда. Ошондой эле, кыргыз тилинин сүйлөө маданиятынын илимий-теориялык мындай маселелери менен катар,жалпы коомчулуктун көз карашы, аралашуусу аркылуу да аныктала, тактала, чечмелене турган маселелери арбын экендиги ырас. Макаланын мазмуну ушул маселелерди камтып турат. Адамзат коомунун эң негизги белгилеринин бири-тил “Тил-коомдук кубулуш”, “Тил-пикир алышуунун, карым-катнаштын куралы”, “Тил-ойдун тикеден-тике чындыгы”, “Тил да – эс сыяктуу байыркылык”, “Тил – жалпы маданияттын бир формасы”, “Тил-элдик байлык, казына, кенч” сыяктуу көптөгөн аныктамалардын келип чыгышы анын коомдук функциясы менен түздөн-түз байланышкан. Тил – ой-пикирди билдирүүнүн пикир алмашуунун куралы катары адамзат коомуна гана мүнөздүү көп кырдуу кубулуш. Ал коомдун турмушу, андагы өсүп-өнүгүү, өзгөрүү менен байланышта аныкталат. Азыркы учурда элибиздин жалпы улуттук аң-сезимин, өзүн-өзү таанып билүүсүнүн жогорулашы жан дүйнө байлыгынын бир элементи болгон тилдин, тагырааак айтканда, сүйлөө маданиятын арттырууга атайын көңүл буруу зарылдыгын шарттап отурат. Ушул жерден алдын-ала бир нерсени белгилей кетүү зарылдыгы бар. Тил жана кептин бир түшүнүк катары каралбастыгы тил илиминде далилденген. Тил менен кептин өз ара карым-катышын, байланышын, алардын ортосундагы айырмачылык менен жалпылыкты аныктап чыгуу кеп маданиятын өзүнчө проблема катары түшүнүүгө алып келет. Ошол эле учурда алардын ортосунда ажырагыс байланыштуулук бар. Алардын карым-катышы, байланышы белгилүү бир мыйзам-чекемдүүлүккө баш ийип турат.

**Ачкыч сөздөр**: сүйлөө маданияты, кептешүү, лингвистика, пикир алышуу, тил, коммуникативдүүлүк.

# СУЩНОСТЬ И СОДЕРЖАНИЕ ПОНЯТИЯ «ДИСТАНЦИОННОЕ ОБУЧЕНИЕ»

**Абыласынова Гулайым Изагалиевна**
Иссык-Кульский государственный университет им. К. Тыныстанова
gulaim-svet@mail.ru

**Юсупова Камила Анваровна**
Иссык-Кульский государственный университет им. К.Тыныстанова

На современном этапе развития Кыргызского общества, реформирования и обновления отечественной системы образования все более актуальным является проблема цифровизации всей сферы общественной жизни. Анализ стратегических, нормативно-правовых документов об образовании в Кыргызской Республике свидетельствует о важности применения новых информационных технологий, обеспечения большей доступности образования для населения страны путем широкого и активного использования возможностей дистанционного обучения и самообразования с применением информационных и телекоммуникационных технологий в процессе обучения и преподавания. Глобальная общемировая пандемия поставила перед педагогической общественностью Кыргызстана новые вызовы, непростые задачи, которые были продиктованы временем и сложившимися обстоятельствами. В период пандемии интенсивное развитие получает дистанционное обучение, все участники образовательного процесса вынужденно перешли на удаленный режим работы. Понятие “дистанционное обучение” очень многогранно, неоднозначно раскрывается качественная определенность понятия “дистанционное обучение”. В настоящее время дистанционное обучние представлятся в виде технологий дистанционного обучения, что закреплено законодательной базой. «Дистанционные образовательные технологии - образовательные технологии, реализуемые, в основном, с применением средств информационных и телекоммуникационных технологий при опосредованном или не полностью опосредованном взаимодействии обучающегося и педагогического работника» (Закон "Об образовании"). Дистанционное обучение открывает студентам доступ к нетрадиционным источникам информации, повышает эффективность самостоятельной работы, предоставляет возможности для обретения профессиональных навыков, а преподавателям позволяет повышать уровень профессионализма и компетентности, использовать при организации образовательного процесса инновационные приемы и методы обучения.

**Ключевые слова:** дистанционные технологии, приемы обучения, методы обучения, цифровизация

UMEK-2022

# ЖЕҢИЖОКТУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ АЙТЫШ ӨНӨРҮ

**Жумашова Назира Асанкадыровна**
nazira2101@mail.ru
**Усонова Нурзат Чолпонбаевна**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
nursat@mail.ru

Айтыш - өзү өнөр катары кыргыз элинин көп кылымдар бою калыптанган тарыхында эл чогулган аш тойлорунда, белгилүү бир саясий мааниси бар жыйындарда, болбосо кадыресе өнөр майрамдарында ырдалуучу өнөр жарышы экендиги менен улуттук –этнографиялык, салттык мүнөзгө ээ өнөр экендиги тууралуу сөз козголду. Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн тарыхый жолунда эчен түрдүү өнөрлөрдү жаратып келгени талашсыз. Кыргыз эли – сөз өнөрүн өзгөчө баалаган элдерден. Эл оозунда сыймыктануу менен айтылган «Өнөр алды – кызыл тил», тилди өнөр деп эсептегендердин ичинен акындар менен чечендер эң алдыңкы орунда турары белгилүү. «Акын-бул элдик ырчы…» ал эми поэзия-кыргыз адабиятынын тарыхынын өзүнчө бир тармагы. Байыртадан эле элдин тарыхы менен кошо келаткан элдин турмушун түрдүү жагынан чагылдырган акыл-ой байлыгынын чоң салааларынын бири акындык поэзия болуп саналат. Өзүнүн ырларын импровизация менен чыгарган төкмө акындардын баары – профессионал акындар. Анткени алар бүт ой-санаасын ырчылыкка буруп, ушул өнөрдү аткарууну кесип кылып алышат. Акындар коомдук турмушка активдүү катышып өздөрүнүн көргөндөрүн, тиги же бул окуяга карата көз караштарын билдирип аткарышып, ошонун негизинде тематикасы, мазмуну боюнча ар башка мазмундагы ырлардын түрлөрү пайда болгон. Жалпыбызга белгилүү кыргызга аттын кашкасындай таанымал акын Жеңижок да айтыш өнөрүндө алдына киши салган эмес экен. Ал айтыштын алым сабак, табышмактуу айтыш, учурашуу айтыш, кордоо айтыш сыяктуу түрлөрүн мыкты өздөштүргөн акындардын бири, ал өзүнүн өмүр жолунда өзүнөн улуу акындар менен дагы, тең курбалдар менен дагы, андан кичүүлөр менен кыз-келиндер менен дагы айтышып келген акындардан.

**Негизги сөздөр**: Айтыш, акын, өнөр, чечен, чебер, поэзия, чыгармачылык.

UMEK-2022

# БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО ОЮНДАРДЫН ОРДУ

**Орунбаев Улан Батырбекович**
Ош мамлекеттик университетинин
индустриалдык-педагогикалык колледжи
Orunbaev@mail.ru

Сунушталган эмгекте башталгыч класс окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоодо оюн методун колдонуунун өзгөчөлүктөрү ачып берилди. Оюн методу колдонулган тарбиялык сабактар окуучулардын толеранттуулук идеясын өздөштүрүүсүнө адамдар менен ынтымактуу жана толеранттуу мамиледе болуу көндүмдөрүн калыптандырууга мүмкүндүк берет. Башталгыч класс окуучуларынын курагы элдик педагогиканын бай тажрыйбаларын пайдалануу аркылуу тарбия берүүгө ыңгайлуу мезгил. Анткени элдик педагогиканын тарбиялык баалуулуктары балдардын дүйнө таанымына жакын элдин каада - салттында, балдар фольклорунда, балдар оюндарында сакталган. Биз башталгыч класстарда кыргыз жана өзбек элдеринде жалпыга белгилүү “Ырыс алды -ынтымак” аттуу чакан жомокту оюн усулун колдонуп эксперименттик изилдөө өткөрдүк. Изилдөө бшталгыч класс окуучуларына жомокторду үйртүүдө оюн технологиясын колдонуу жомокту сүйүүгө, аны терең түшүнүүгө үйрөтүү менен бирге окуучуларда өз алдынчалык, эрктик, адептик ж.б. сапаттарга ээ болууга алып келип, аларды кызматташууга, баарлашууга, мамилелешүүгө үйртө тургандыгы билинди. Элдик педагогиканын каражаттарын (макал-лакаптар, ырым-жырымдар, жомоктор, элдик оюндар ж.б.) пайдалануу аркылуу кенже класс окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууда салттык усулдар менен тарбиялоонун жаңы технологияларын эриш-аркак колдонуу натыйжалуу болору аныкталды.

**Негизги сөздөр**: Башталгыч класс окуучулары, элдик педагогика, толерантуулук, калыптандыруу, оюн тарбиялоо.

UMEK-2022

# ЖАШТАРДЫН АШЫКЧА САЛМАКТАН АРЫЛУУСУНА АТАЙЫН УЮШТУРУЛГАН ДЕНЕ-ТАРБИЯ ИШ-ЧАРАЛАРЫНЫН ТААСИРИН АНАЛИЗДӨӨ

Аяна Кубанычбекова
Кыргыз-Түрк "Манас" университети
ayana_pretty_98@mail.ru

Бул изилдөөдө, жаштардын ашыкча салмактан арылуусуна атайын уюштурулган дене тарбия иш чараларынын таасирин анализдөө максатталган. Бул изилдөөдө теориялык методдорунан темага тиешелуу болгон илимий адабияттарды анализдөө, баяндоо, синтез методдору каралган. Бул изилдөө 2021-2022 окуу жылында Кыргыз-Турк «Манас» университетинде окуган студенттердин арасында 20 студент катышты. Бул иште ашыкча салмагы бар адамдардын физикалык активдүүлүгүн жалпы баалоо менен дене тарбиялык иш чара программаларын камсыздоо менен ден соолукту чыңдоо жана аныктоо методун сунуштоо каралмакчы. Азыркы жашап жаткан коомдо адамдардын 3 төн 2 бөлүгү ашыкча салмактан жабыркап келет ошондой эле «Кант диабети» пайда болуп, учурда 35% жүрөктүн ишемиялык оорусу, ал эми, 15% инсульт. Мындан тышкары, ашыкча салмак рактын, таяныч-кыймыл аппаратынын жабыркашы үчүн тобокелдик фактору болуп саналат. Психологиялык бузулуулардан улам көп адамдардын өмүрүнө коркунуч алып келүүдө. Ашыкча салмак менен байланышкан оорулардын пайда болушу олуттуу экономикалык жоготуулар гана эмес, медициналык жана социалдык маанисин проблемасын көрсөтүп турат. Проблеманы изилдөө боюнча илимий-методикалык адабияттарды талдоо студенттердин арасында ашыкча салмактуулукту аныктоо үчүн,көпчүлүк эксперттер физикалык активдүүлүктүн деңгээлинин төмөндөшүн аныкташат. Мындан тышкары, дене тарбия иш чараларын өнүктүрүү жаштардын ашыкча салмактан арылууга түрткү болот. Сурамжылоого алынган студенттердин үчтөн экиси дене салмагы нормадан жогору экени аныкталып, Изилдөөнүн жүрүшүндө физикалык сапаттарды өнүктүрүү, кыймыл көрсөткүчтөрдү жакшыртууга эң оптималдуу болуп аэробдук жана анаэробдук мүнөздөгү физикалык көнүгүүлөрдүн координацияланган эффекти эсептелет, аны аткаруу максатка ылайыктуу дене тарбия сабагында жана тышкаркы фитнес сабагына катышуу сунушталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө ашыкча салмактуу студенттер үчүн аэробдук жана анаэробдук каражаттардын макулдашылган таасири методу иштелип чыккан жана жогорку окуу жайларда дене тарбия боюнча класстан тышкаркы иш-чаралар студенттердин денесиндеги майдын пайызын төмөндөтөт, боюнун жана салмактын көрсөткүчтөрүн нормалдуу көрсөткүчкө жеткирет, бул студенттердин физикалык даярдыгын жана көрсөткүчтөрүн жакшыртат.

**Негизги сөздөр:** Ашыкча салмак, студент, жогорку окуу жай, физикалык активдүүлүк